84 Кч
С 63

# ЗУУРА СООРОНБАЕВА

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ЖЕТИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ **III**

## *Жетимдер, Андрей*



# ЗУУРА СООРОНБАЕВА

## ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЖЕТИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

# III ТОМ

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2014

ЗУУРА
СООРОНБАЕВА

## ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
## ЖЕТИ ТОМДУК
## ЖЫЙНАГЫ

# Жетимдер,
# Андрей

Повесттер

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2014

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. №: 6618

*Бул чыгармамды агайым Кожокан Шоруковдун эстелигине арнаймын.*

# АНДРЕЙ

*(Повесть)*

Өңчөй балык жон кылып салынган үтүрөйгөн боз тамдуу чакан кыштактан четки көчөсүн бойлой басып, узун бойлуу, жашы отуздар чамасындагы жигит келатты. Анын үстүндө иймайда боз таардан ичтелбей жасалган жалаңкат бешмант, башында агыш шапка. Бүт асманды чогултуп кош карегине чөгөргөндөй көгүлтүр көзү жайнап, саргыл жүзү албырып, жаз жыттанган айыл ичин аңтара карайт. Жигит кайдандыр булбул менен күкүктүн үн алыша сайраганын угуп жүрөгү булкуп алды.

«Ох, күкүк келип калган тура, – деди өмүрүнүн дагы бир жашка канат серпкени эсине кылт этип. Күкүктүн үнүн алгач укканда анын жүрөгү ушинтип бир удургуп алмай адаты боло турган. Жигит баса түшүп, жолдон бир аз обочороок жерде жаанга эзилип алда небак иштен чыккан тээ кирпичтердин үйүндүсүн көрүп тушала түштү. – Айланадан али согуштун кээри кете элек ушул алакандай айылдан далай-далай эр азаматтар келбей да калгандыр». – Өпкө-боору куушурула дем алды.

Дарбаза ордуна коо кармап, аны эч ким ачпасын дегенсип эски кайыш менен чырмап салган тамды айланта тиктейт. Алда немеден жыт алгансып, жүрөгү түрсүл согот. Көөдөнүнөн чыккан бир боорукер үн угулат. «Ээси жок үйбү? Огороду көптөн бери айдалбай жатып дың болуп кетиптир. Сарайы да бир жагына кыйрайып жыгылганы араң турат. Балким, үй ээси согуштан...» – Эки колун бөйрөгүнө ала талтая тартып, төө көзүндөй кош терезелүү эки бөлмө сокмо тамды жалдырай тиктеген калыбында катты да калды.

– Ай-а-й, Марипа! Ботом силердин үйдүн жанында баятадан бери эле бир мужук турат да. (Айылдагы аялдар жашынан чоңуна чейин Орузбай деген карыяны терген орустарды ушинтип аташчу). Киши жогун билип алып тооруп жүргөн «күлган» болуп жүрбөсүн. Ичинде оокат-кечеңер бар беле?

Аялдын сөзү жигиттин кулагына бычактай сайылды. Ою бытырап, азат бою дүркүрөп, кулагы туна түштү. Эки жагына көз чаптырды. Караса өзүнөн анчалык алыс эмес жерде эликтин чаарчыгындай элейип, көздөрү андан өтүп эки кыз турат. Алиги аял ким менен сүйлөшүп жатканын жигит эми билди. «Кудай сакта, мени ууру деп жатат». Ушуну ойлогон жигит түз эле кыздарды көздөй басты. А Марипа болсо сиңдисин жетелеп алып, чоочун адамдан качып жөнөөчү баштанып, колундагы какум аралаш төөтапандын гүлүн жыттаган болуп ары басты.

– Кыздар, тура тургулачы. Коркпогула. Тигил киши түшүнбөй айтып жатат. Мен ууру эмесмин.

Марипа менен Занипа токтоп калды. Тигил орус кишинин кыргызча сүйлөгөн сөзүн угуп, аны таңдана карап калышты.

– Чочулап турасыңар го менден? Эмне унчукпайсыңар? Бул силердин үйбү?

– Ооба. – Улуусу мукактанды.

– Атаң кайда? – Жигит бул суроону берерин берип коюп, эмне үчүндүр жүрөгү зырп деди.

– Тоодон жана келген. Дүкөнгө кетти.

– А-а дүкөнгөбү? – Жигит үй ээсинин бар экенин угуп көзү жайнай түштү. – Мал багабы?

– И. Сиз атамды тааныйсызбы?

– Жок, тааныбайм. Жериңерди эмне үчүн айдаган эмессиңер?

– Билбейм.

– Ортокко берерин уккан жок белеңер?

Марипа башын чайкады. А Занипа болсо тигил кыргызча таптак сүйлөп жаткан орустун оозун аңкая тиктейт.

– Орток деген эмне? – деди бир оокумдан кийин тестиери кайрадан.

– Ортокпу? Орток деген силердин жерди мен айдайм, анан түшүмүн күзүндө эки үйүбүз бөлүп алабыз. Атаңа айтсаң билет.

Алиги аял басып келип, орус жигиттин кыргызча сүйлөп жатканына таң калып карап турган. Аял сөзгө аралаша кетти:

– Орток-портокту булар кайдан билсин. Мен дагы бу кайдагы мужук десем, ортокко жер издеп жүргөн неме турбайсыңбы. Тигил биздин жер айдалган бойдон үрөн жок, эчтеке себилбей жатат. Эгер кааласаң… – деп келатканда жигит анын сөзүн бөлдү.

– Айдасам ушул огородду айдайм, айдабасам жок.

– Ы-я де! – Аял оозун ачкан бойдон калды.

– Буудай айдайсызбы? – Марипа кызыккандай үн катты.

– Картошка!

– Картөшкө?! Оо, анда атам менен сүйлөшүңүзчү. – Кыз жымың этти. Бул анын картошканы угуп кубанганы болучу...

Дүкөндөн жаңы узап калган Ороз бейтааныш орус жигитти көрүп, ылдамдай бастырды. Атасын көргөн Занипа алыстан кыйкырды.

– Ата, биз картөшкө айдаган орус таптык. Мейлиби?

– Мейли, мейли, айдасын, кыздарым.

Жигит чабандын алдынан утурлай басып учураштЫ.

– Саломалейкум.

– Алейкума салам. Жол болсун, баатыр. – Ороз атынын тизгинин тартып токтоду...

Орус жигит ачык-айрым мүнөз менен жадырап-жайнап, тим эле эски тааныштардан бетер көңүлдүү сүйлөп жатты:

– Ушул жерде шаарга жакын кыштак бар дегенинен чыккан элем. Өтүп бара жатып сиздин үйдү көрүп... – Жаңы таанышын күлүңдөгөн көздөрү менен карап койду. – «Балким, ээси согуштан кайтпай калды бекен» деген суук санаа көңүлүмдү аралап өттү. Көрсө, малчы турбайсызбы. Кудая шүгүр, балдарыңыз бактылуу экен. «Чоң тойго» катышып келгениңизди көрүп турам.

– Бул айылга мурда келген эмессиз го? – Ороз аттан түшүп жатып сүйлөдү. А тигил орус жигити болсо, жаңы таанышына жардамдашып, тору быштыны жылоодон алды.

– Келе элек элем.

Чабан кара мээлей кийген сол колуна оң колу менен аттын тизгинин илди.

– Үй-жайдын маани-жайын көрүп, ээси согуштан кайтпай калган экен деп ойлошуңуздун да жөнү бар. Армиядан келгениме бир эле жыл болду. Короо жайды карай тургандай да боло элекмин. Жалгыз бойчулуктуку ушу экен, тууган. Жок дегенде мына бул жерди чиймелеп бирдеме сээп салайын десем, азган-тозгон малдын тебелендисинде кала турган. Көз салчу бирөө болбогондон кийин...

– Аныңыз туура. Айдагандан кийин багыш керек. Багыш үчүн киши керек. Кыздарыңыздан сурасам, «атам дүкөнгө кеткен» дешет. Сиз менен кезиге кетейин деп кылчактап турган элем. Бош таштаганча картошка сээп таштабайсызбы?

– Мен согушка кете электе беде бар эле, – деди үй ээси, мурутун чыйрата берип. – Чөп деле эскирет экен. Минтип какумдан башка эчтеке өспөй калды. Эгер айдасаңыз эмгегиңиз сая кетпес. Жер семиз эмеспи. Көңүлдөнсөңүз тракторист балдарга айтып коёюн. Бул

жерге ат соконун күчү жетпейт. Кабарлашып туруп жер даяр болгондо келип көмө бериңиз.

– Эмне, колхозуңарда трактор барбы? – Берки кызыга сурады.

– МТСтен келет да. «Жерди айдап бүтүп калды», – деп жатышат.

Жигиттин мынчалык чоң огородго толтуруп картошка айдоого анчалык деле зарылчылыгы жок болучу. Бир үйдө аялы экөө гана. Ортокко макулдашарын макулдашып коюп, үрөн эсине түшкөндө чийки май жегендей боло түштү...

– Олтуруп сүйлөшпөйбүзбү? Же шашып турасызбы?

– Олтуруп дейсизби? Аа мейли, мейли. Бүгүн дем алыш эмеспи. Шашылышым деле жок. Кокус сиздин жолуңузга жолтоо болбосом эле болду.

– Эчтеке эмес, сиз менен бир аз баарлашууга убактым бар.

Экөө катар басып келип, тамдын артында жаткан дөңгөчтөргө көчүк басышты. Бир аз олтургандан кийин сөздү чоочун жигит баштады.

– Мен кыргыз ичинде туулуп-өскөмүн, тууган. Он жылдыкты да кыргыздын чыт курсак балдары менен ойноп жүрүп кыргызча бүткөмүн. Кайран гана бактылуу күндөрүм... – Жигит сөнө түшүп сөзүн кайта улады. – Анда мен улутумдун башка экенин да этибар албаптырмын. Көрсө, кыргыз менен кыргыз болуп жүрүп, жедеп жытыбыз сиңишип бүткөн тура. Күнү болобу, түнү болобу, үйүбүздөн адам үзүлүүчү эмес. Атам оорулууларды такай үйдөн кабыл алуучу. Мен эс тарта баштаган тартып энем Россияга көчүп кетүүнү, мени ал жактан окутууну атама көп эскертүүчү болуп кетти. Бирок аялынын айтканына атам көнбөй койду. «Кыргыздарга өмүрүмдүн акырына чейин кызмат кылам», – деп апамдын көксөсүн суутту.

Кычыраган кыш күндөрүнүн биринде алыскы кыштоолордогу малчыларды атчан кыдырып жүрүп, эки өпкөсүнөн кагынып келди атам. Өтүшүп кетиптир. Үйгө келгендин эртеси таңга маал каза болуп калды. Арадан ай айланып, жыл тегеренбей абышкасынын артынан апам да кете берди. Атамды да, апамды да кыргыздар урмат-сый менен узатышты. Ата-энемдин кыргыз элине канчалык кымбат, канчалык кадырлуу экенин мен ошондо билдим. Анан Ленинграддан келген атамдын таежеси менен тажездеси үй-жайды, мал-мүлктү бүт сатып мени өздөрү менен кошо ала кетишти. Барарым менен бир чоң заводго жумушчу болуп орноштум. Арадан жылдар өттү. Уландык кезекти артка таштап, кер мурут жигит болуп чыга келдим. Колукту алып үй-жай, тели-теңтуш күттүм.

Бирок кыргыз жери, кыргыз досторум уктасам түшүмдөн, ойгонсом оюмдан кетпеди. Аялыма кыргыз эли, кыргыздын кереметтүү жери жөнүндө көп айтуучу элем. Ал менин сөздөрүмө бирде ишенсе, бирде ишенбей, кандайдыр бир меймандос эл жөнүндө жомок угуп жаткан сыяктуу ар түркүн ажайып дүнүйөнүн кучагында термеле бере турган. Киндик кесип, кир жууган менин мекенимди көрүүгө кумарлана берүүчү.

«Биз быйылкы отпусканы Кыргызстанда өткөрөбүз», – деп камынып жүргөн кезибизде тилеген тилегибизди ташка чаап, каргашалуу согуш башталды. «Кырсык каш-кабактын ортосунда» деген чын экен. Мен согушка ошол жерден кетип, кайра ошол жерге келдим. Баякы үзбөй кат алышып туруучу классташ жолдошторум менен болгон байланышымды согуш үзүп кетти. Блокада мезгилинде аялым Ленинградда болучу. А өзүм башка фронтто согуштум. Адамдын көңүлү да, тилеги чексиз тура. Согуш басылгандан кийин кайра баштан кандайдыр бир күч Ала-Тоону көздөй тартып туруп алды. Күн өткөн сайын уясын сагынган торгойдон бетер жүрөгүмдү кусалык басты. Ооба, ата конушу мени өзүнө чакырып тургансып, эстеген сайын эңсөөм арта баштады. Ата-энемдин көрүстөнүнө канчадан бери гүл койбодум. Балким, жалгыз уулун алар да күтүп жатышкандыр дейм ичимден түтөп. Согуш башталар алдында жолдошторумдун биринен минтип кат келген эле. «Биз Иван Иванович менен Фаина Петровнаны али унута элекпиз. Ал кишилердин мүрзөсүнө ар дайым тоо гүлүнөн жасалган дестелерди коюп турабыз. Сен кетип жатканда ошону тапшырбадың беле. Айткан аманатыңды досторуң унутпайт. Баса, бизде бир жаңылык болду. Баякы силер турган Арык көчөсүнө Иван Ивановичтин ысмы берилди. Буга биз менен сен да сыймыктанарсың. Биз сени сагындык. Аялыңды алып, бизге конокко келип кет, досум...»

Мен согуштан келгенден кийин ошол катты таап алып, кайра баштан окуп чыгып, көзүмө жаш алдым. Эх замандаш, жаш кезинде көргөнүң өзүнчө бир чалкып жаткан бактылуу өмүр болот турбайбы. Быйылкы отпускабыз байсалдуу болду. Адегенде эле ата конушу деп Нарынга келдик. – Жигиттин эрди дирт эте түштү. Үнү буулуга чыкты.

– Кайсы бирин айтайын. Нарындан ушунчалык көңүл чөгөт болуп кайттык. Жолдошторумдун көпчүлүгү согуштан кайтпай калган экен. Атамдын досторунун катары да суюлуп бүтүптүр. Калк карасын чече элек экен. «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн»

дегендей атам менен энемди билип, мени тааныгандар аялым экөөбүздү өз баласындай тосуп алышты...

– Бул жакка келгениңиз көп болдубу?

Ойдон незсырай түшкөн жигит жаңы таанышын жалт карады:

– Эмне дегениңизди укпай калдым.

– И-и, бул жакка келгениңиз көп болдубу деп жатам.

– Үйгө кетип баратып Фрунзеге келгенибизде, ойдо жок жерден бурулуш болуп кетти. Эртең менен турсак биз жаткан мейманкананын алдында кулактандыруу чапталып туруптур. Окуп көрсөк Пржевальскидеги «Красный литейщик» деген заводго адистер керек деп жазылыптыр. Аялым экөөбүз кеңешип Министерствого кайрылдык. Ал жерден иш жөнүндө сүйлөшүп алып дароо жөнөп кеттик. Анан Ленинградга барып, жумуштан бошоп көчүп келдик.

Экөө тең унчукпай калышты.

Бул жигиттин Пржевальскиге келгенден бери ойлогон ою, көңүлүндө көксөгөнү кыргыздардан агайын-тууган, дос-тамыр күтүү болучу. Азыр анын бет алдында өзү көксөп, сагынып таппай жүргөн жакын адамы тургандай болуп, көңүлү толуп турду. Бир маалда жадырап-жайнап чалкыган кубаныч менен жанында олтурган чабандын далысына колун койду:

– Көп сүйлөп, сизди тажатып жибердим окшойт.

Өзүм жөнүндө тим эле узун сабак сөзгө түшүп кеткен турбайымбы. Бабырап жатып аты-жөнүбүздү да сурашпаптырбыз. Таанышып алалы, менин атым – Андрей, жанакы мен айткан заводдо мастер болуп иштейм.

– Атым Андрей дечи. Жакшы кесибиңиз бар экен, курдаш. А менин атым болсо Ороз. – Жеңишке жеткен немедей көңүлү көтөрүлө сүйлөдү. – Таанышкандыгыбыз үчүн кол алышып коёлу.

Экөө орундарынан туруп ээрчише басышты. Короо-жайды, айдалуучу жерди көрүшүп болгондон кийин чабандын аты байланып турган коонун алдына келип токтошту.

– Мындан ары таанышып жүрөлү, Ороз. Мен кыргыздарды жакшы көрөм. Теңтуш да экенбиз.

– Ааамат. Кыргызча суудай билет турбайсызбы. Ленинградда ушунча жыл жашап унуткан эмес экенсиз да.

Андрейдин маңдайы жаркый түштү:

– Оо, кантип унутайын. Досторум менен такай кыргыз тилинде кат алышчумун. Ойлоп олтурсам кыргыз тили өз эне тилим болуп калган турбайбы. Өз тилин адам эч качан унутпайт да.

«Түзү ийгиден түңүлбө» дегендей жакшы жигит экенсиз. Заводдо кыргыздар бар бекен?

– Азырынча жок. Анын үстүнө жаңы ачылган тура. Мен адеп келгенде кыргыздар көп болсо керек деп ойлоптурмун.

– Оо, зоот-фабриктерде иштеш оңой эмес да. Же атайын алган билим болбосо, же орус тилин жакшы билбесе...

Андрей бир демге унчукпай калып, анан Ороздон көзүн албай минтти:

– Эненин ичинен эле билип түшкөн ким бар. Окуш керек, үйрөнүш керек, иштеш керек. Менин атам: «Орустар туулганда жашаймын, иштеймин, жыргаймын» деп, үч максат менен туулат», – деп айтып калар эле. Жөнү бар сөз бекен?

– Анан эмне! Дурус кеп... Кап, үйгө барсак болбойт беле.

– Рахмат, Ороз. Мындан ары бири-бирибизден кол үзүшпөй жүрөлү. Үй-бүлө менен чогуу шашпай таанышарбыз.

– Эмики дем алышта биздикине келгиле. Азыр бөксө жайлоодобуз. Жөө бассаңар деле бир заматта жетип барасыңар. Айдын аяк ченинде чоң жайлоого көчөбүз.

– Жок, тууган эмики дем алышта деп убада бербейин. Жерди айдабасак кеч болуп калат.

– Анысы да бар, – деди чабан ойлуу. – Алыстап кетсек барышыңар кыйын болот го.

– Тирүү жан турбайбызбы, эптеп бир учуру келер. – Эче балаңыз бар, Андрей?

Жигиттин деми сууй жоop берди.

– Балалуу боло элекпиз. Аялым төрөбөй калабы деп чочуп жүрөм. Өзүңүздүкү канча?

– Уулдуу болбодум. Төрт кыздын атасымын.

– Кыргыздар кызга караганда эркек баланы жакшы көрөрүн билем. Уулдуу болуу да жаман эмес дечи. Бирок кыздай кызыл алтын кайда. Аялым бечара бала дегенде... – Андрей ирмемге унчукпай туруп, дагы кошумчалады: – Аялымдын да төркүн-төсү жок, мага окшогон томолой неме. Энеси эстүү киши эле. Жаш да болучу. Ленинграддагы блокада убагында каза болуптур. Биздин ал-жай мына ушундай, тууган. Өткөн-кеткенди айтышып ичим ачылып калбадыбы. Баш аман болсо бардыгы табылуучудай. Бирок арзан менен кымбатты баалай билүүчү жакшы достон жарды болгон аман экен. Анткени атага да, энеге да, алган аялыңа айта албаган сырды өзүңдүн ишенимдүү адамыңа гана айтат эмессиңби. Мен бүгүн көп тааныштын бирин таппай бир тууган таптым деп

толкундап, териме батпай турам. Өзүң эче бир туугансың, Ороз?
Чабан оор улутунуп алды. Колундагы камчысынын сабы менен жер чукулап, Андрейди карабай туруп минтип айтты:

– Беш ага-ини элек. Азыр бир атадан жалгыз болуп калдым. Согуш…

Экөө тең унчукпай калышты. Марипа менен Занипа бирде атасын, бирде тигил чоочун жигитти жалдырай карап күлүңдөп турган. Аны байкаган Андрей аттын чылбыр-тизгинин жаңы эле колуна алган Орозго:

– Бул кыздарыңыз башталгыч класста окушабы?

– Ии, тигил улуусу үчүнчү, кичүүсү биринчиде. Аталаш инимдикинде жатып окушат. Каникулга тарар мезгилдери да чукулдап калды…

Андрей жаңы таанышын колтуктап аткарды.

* * *

Ат үстүндө кыңылдап ырдап Ороз демейдегиден көңүлдүү. «Ойдо жок жерден кызыр даарыгансып көп огороддон биздин ээсиз жаткан жайдак огородго көзү түшкөнүн кара. Тобо, буйрукка айла жок деген ушул. Бат эле өзүнө тартып алды. Адамга жугумдуу жигит экен» дейт ичинен күдүңдөп. Ал атынын тизгинин бош таштап жай келатты. Көз алдына өңчөй ак гүл ачкан картошканын кара көк тарткан жалбырактары элестейт. «Бул жарыктыктын кадырын кыргыз согуш мезгилинде түшүндү, – дейт Ороз өзүнчө. – Орус эли картөшкө экинчи нан деп бекеринен айткан эмес экен. Кыйынчылык кезде элдин жанын алып калган ушул картөшкө болбодубу».

Эшик алдында турган Айсалкын бастырар бастырмаксан болуп келаткан күйөөсүнүн караанын көрүп, эмнегедир кыжалаттана түштү. Ал жакындай бергенде:

– Эмне болду? Ооруп келатасыңбы? – деди утурлай басып.

Ороз селт этти. Үйүнө чукул келип калганын эми гана байкады.

– Койлорду киргиздиңби?

– Сен жокто койлор киргизилбей канча мертебе талаага түнөдү эле? Андай экен малды эстеген киши эрте келбейби. Жаш балдар менен чырылдашып дедек болуп бүттүм. Дени-кардың сакпы деги?

– Эмне эле менин дени-кардымды кайта-кайта сурап калгансың. Таптаза эле турам. Бир орус жигитке кезигип, ошого байланышып калдым.

Күйөөсүнүн үзөңгү боосунан кармай баскан аял Орозго бажырая жалт карап алды:

– Капырай де. Ал эмне болгон мужук экен, эртеден кечке сенин чылбырыңа чырмалып алган.

– Э-э-й, Айке, ишибиз оңолот окшойт. Бул да төлгө да өзүнчө. Калганын анан үйгө киргенде айтып берем...

Чабан аттан түшүп, кой короону айлана басып кетти. Энесинин куржун көтөрүп киргенин көргөн Зарипа менен Азипа ичип олтурган сүттөрүн таштап, орундарынан жарыша турушту.

– Атам келдиби?

– Келди, кагылайындар. Акырын, алдагы чыракты өчүрөсүңөр.

Айсалкын асемдүү чачучтугун шылдырата басып келип, күйөөсүнүн жанына сыңар тизелей олтура кетти.

– Ии, эмне болду?

Ороз оңдонуп олтурду. Аялынын сулуу жүзүнө, кудум карлыгачтын канатындай иймейген капкара кашына көңүл коё бир демге жадырай карап туруп, мыйыгынан жылмайып койду:

– Ээ, оңдой берди болду. Эми огород да айдалат. «Калаада заводдо иштейм», – дейт. «Аялым бала окутат», – деди. Агородду ошол жигитке ортокко бердим. Картөшкө айдамак болду. Кыргызча сүйлөсө ошол сүйлөсүн. Тилинен бир буруу таба албайсың. Аны айтасыңбы онунчу классты кыргызча бүтүптүр. Кыскасы, орустан тууган таптым, Айке.

– Жаш бекен?

– Мен курактуу.

– Ырас болгон тура ортокко бергениң. «Ачык талаа экен» деп кайра айнып калбагай эле.

– Айныбайт. Аркы кошуналар да ортоок тууралуу айтышкан көрүнөт. Ынабай коюптур аларга.

– Өзүң айткандай ишибиз онолот го, ыя?

– Анан мен эмнени айтып жатам...

* * *

Заңкайып бийик салынган залдын ичи эмгек шаңына толгон. Катары менен орнотулган үч станоктун ар биринде төрт-бештен киши. Темир балкалуу темир усталык станоктун башында турган Андрейдин мандайынан аккан тер тып-тып тамат. Ал колундагы кычкач менен дөшүгө кармаган жумуру темирдин улам бир бетин этияттык менен балкага кармайт.

– Тез айландыр! Минтип олтурсак качан бүтөбүз.

– Чарчап кеттим. – Станокту кол менен айландырып жаткан жигит, кезекти жанындагы өнөгүнө берди.

Электр кубаты менен иштеген станокторго көнгөн Андрейдин куйкасы курушат:

– Ушул дагы оокатпы? Ташбакадай болуп араң кыбырап... Тфу. – Жерге күчөнө түкүрөт.

– Андрей Иванович! – деди атка сүйрөтүүчү тырмоочтун тээк, бөлүктөрүн, тиштерин кесип, сүрүүчү токардык станокто иштеп жаткан Петр Ильич. – Эртең менен көңүлдүү элең ырың чыгып, эмне болуп кетти капаттанып?

Андрей колун шилтеди.

– Эмне болгонун көрбөй турасызбы. Эгерде ушундай шартта бул жерде бир жыл иштесе адамдын чачы агарары шексиз. – Колундагы даяр болгон темирди Петрого узата берип күрсүнө сүйлөдү. Анан ал көөрүктө чоктой кызарып жаткан экинчи темирди алат. – Кечээ балдар бар болгону беш тырмоокту жыйнашты. Бүгүн андан ашык беришибиз керек. Бардык иш бизге байланыштуу, жолдоштор. Ушуну түшүнөсүңөрбү деги. «Станоктор токтобой нормалдуу иштесе кыйратабыз», – деп күжүлдөп жаттыңар эле. Эми минтип...

– Мурдакыга караганда ишибиз биртоп оңолуп калды. Эгер Андрей сен болбогондо олтуруп калмак экенбиз.

– Эмне үчүн? – Мастер ийнин куушуруп койду.

– Эмне үчүн, эмне үчүн? Машинанын тилин толук билген киши болбосо, отунга балтасы жок барган менен барабар да, – деп темир кесүүчү станокто иштеп жаткан Даша Клочкова булардын сөзүнө аралашты.

– Кадыр-баркымды өтө жогорулатып жибердиңиз, Даша жеңе. Ашыра мактоону кабыл албаган адатым бар эле. Иш деген иш да. Мен болбосом заводдун жумушу токтоп калат деп турасызбы. Оо жок, жок, такыр андай эмес. Жалгыз бир адамдын колунан эмне келет?

Андрей колундагы чала сомдолгон темирди көөрүккө кайра салып жатып кыңылдап ырдай кетти.

– Андрей Ивановичтин бүгүнкү көрүнүшү жаман эмес.

– Ырдамак түгүл ачылып сүйлөчү эмес эле. Кечээки дем алыштын көңүлдүү өткөнү көрүнүп тур2ат.

Андрей жарк этти:

– Ооба, дал ошондой. Кыргыз кыштагына бардым. Андан өзүмдүн көптөн бери сагынып таппай жүргөн тууганымды таптым.

– Балким, мен таанып жүрбөйүн? Биздин көчө ошол кыргыз айлы менен чектеш эмеспи. Кези келгенде келип-кетишип да турабыз.

– Андрей менен бирге иштеп жаткан жигит анын сөзүн бөлдү.

– Мисалы, ким дегенди? – Андрей кызыга сурады.

– Аердегилердин баарын.

– Өтө эле аша чаап кеттиңиз го дейм. Орозду тааныйсызбы?

– Кайсы, алиги чабан жигитпи?

– Ооба, ооба, дал өзү.

– О, сүйүнгөнүңүздүн жөнү бар экен. Эстүү, түзүк жигит. Тотукуштай кулпунган сулуу аялы бар.

– Менин аялымдан дагы сулуубу? – Андрей тамашага чалды.

– Баса быйыл мен Орездун огородун айдайын деп кайра айныгам. Өздөрү малда. Короо-жайы ээн. Эмгек талаага кетчүдөй. Анын үстүнө өзүн быйыл бир жолу да кезиктире албадым. Кайран жер, канчадан бери пайдаланылбай дың болуп жатат.

– Эмесе, мен ошол огородду айдоого макулдаштым. Дем алышта базарга эрте чыгып, үрөндүк картошка сатып алып, отургузууга баралы деп жатабыз.

– Мына жаңылык деген. Кечээ эле картошка айдабайм деп жериңизди башка кишиге бербедиңиз беле? – Дагы экинчи бир жумушчу сөзгө аралашты.

– Берсе эмне экен? Ошон үчүн мени күнөөлөгөнүңүз келип турабы.

Петр Ильич Андрейдин жанына чукул келип токтоду:

– Короону бүтүндөй айдайсыңбы?

– Үрөнгө күчүм жетпейби деп турам. Болбосо...

– Жетпесе жардамдашабыз. Үрөндөн камсанаба.

– Сатып алам да жеткендей.

– О, базарда картошка дегендин баасы алтындын баасы менен бирдей. Аны билесиңби? Ороздун огороду оңой огород эмес.

– Карызым бар беле? Канчага күчүм жетсе, ошончо отургузамын. Тилемчиден бетер картошка сурап ар кимден...

– Тилемчи деген да сез болобу. Ынтымак деген жакшы да.

Сөз арасында башкы инженер жаңы келген ленинграддык мастерге кайрылды:

– Андрей Иванович! Билесизби, «жаздын бир күнү адамды бир жыл багат» деген сөздү. Бөлүнгөн өз жериңизди эмне үчүн пайдаланган жоксуз?

– Мага караганда Марковдун үй-бүлөсү чоң экен.

Ошон үчүн атайын эле берип койдум.

– Өзүңүз айдабай каласызбы?

Тиги инженердин сөзүнө жооп бергенче туурадан бирөө сөзгө аралаша кетти:

– Андрей Ивановичке боор ачыбай эле коюңуз. Бул киши кечээ колхозго барып, бир чабандын огородун айдамакка макулдашып келиптир.

– О, эң сонун болгон турбайбы. – Инженер кубана жарк этти.

Жумушчулардын уга электери дуулдап кетишти:

– Айдаңыз. Биз жардам беребиз. Жериңизди Марковго бергениңизди көрүп, ичибиз ачынып калды эле...

Андрей дуулдап жаткан жумушчуларга карап минтти:

– Биз эки баш адамбыз, жолдоштор. Ар нерсеге туура түшүнүш керек. Беш-алты мешок картошка болсо, аялым экөөбүзгө жыл маалына жетет. Анын үстүнө чабан жигитке жардамдашып, эриш-аркак болгум келди...

Тургандар жигитти карап калышты. Алардын көздөрүндө тигил сөзгө ишенбөөчүлүктүн учкуну ойноп турганын Андрей байкады. Жигит ачык ооздук кылганына өкүнүп калды өзүнчө. Аңгыча ары жактан шыңкылдап күлө сүйлөгөн аялдын сөзү угулду:

– Эх Андрей Иванович, жок сөздүн кереги эмне. Таанybаган кыргыз үчүн «картошка айдап, маңдай теримди төгөм» дегениң бизди ишене коёт деп турасыңбы? Балким, бул жактын орустары эч нерсе түшүнбөгөн дөдөй дейсиң го. Андан көрө «кызыл кулактык кылып баюунун аракетин жасап жатам» десең чындыкка жакыныраак болор эле. Же жалган айтып жатамбы. – Аял эсер каткырып баратып, Андрейдин өңү өзгөрүп, көздөрү ачуу бүркүп турганын көрүп томсоро түштү. Жигит аялга бирдеме дегенче болбой дем алыш убагы бүттү деген коңгуроонун үнү анын оюн басып кетти.

Андрей кечээтен берки толкундоосун азыр эле кимдир бирөөгө жулдуруп жибергенсип көңүлү чөгүңкү калыбында өз станогунун жанына келип токтоду. Ал иш үстүндө терең ойго чөмүлөт. Кийинки беш жылдыкта бул жерге Е тамгасына окшогон эки кабат жаңы имарат куруларын мастер жакшы билет. «Оо, анда миңдеген жумушчулар, жүздөгөн адистер күнү-түнү менен үч-төрт сменага бөлүнө иштешет. Анда бул чөйрө өзүнчө эле татынакай шаарча болуп калат». – Андрей ушундай кыялга берилип кетип, алиги аялдын сөзүн унутуп да калды. Ал аңгыча болбой тыштан өзүнчө сөгүнүп, Даша Клочкова кирди:

– Иттер, жаңы үйрөнчүк балдарды оор жумушка салып коюп, өздөрү жок. Жанакы инженер сөрөйгө айтайын десем, жер жутуп кеткен окшойт, таппай койдум издеп.

– Эмне болуп кетти? – Петр Ильич Дашага суроолуу карады. – Кандай оор жумуш?

– Алиги өткөн дем алышта кабыл алынган эки баланы өз орундарына калтырып, куюучу цехтин мастерлери кетип калышыптыр.

– Кантип? – деди кимдир бирөө.

Аялдын жаны чыгып кете жаздады:

– Мына кызык. Мага ишенбесеңер барып көрбөйсүңөрбү? Андрей Иванович, сиз жүрүңүзчү. Үйрөнчүк балдардын бири менин эжемдин баласы болучу. Бөөдө жеринен күйүп өлөбү деп коркуп жатам. Мастер келмейинче өзүңөрчө иштебегиле десем тил албай коюшту. – Даша колундагы тамекисинин калдыгын көөрүктүн чогун көздөй ыргытты. – Бири-бирибизге жардамдашыбыз керек да.

– Сөзсүз. Туура айтасыз, Даша жеңе. Мен азыр.

Андрей киргенде дароо ысык аптап бетке урду. Жерде эки-үч казан, конфоркалары жок плиткалар томолонуп жаткан болучу.

– Мастериңер кайда кеткен?

– Жумушу бар го.

– Силерге ким уруксат берди?

– Цехтин начальниги.

– Кызык. Өзү да жок, мастери да жок. Мындай болбойт да. Кокус тигил көлкүлдөп сары майдай эрип жаткан багранкадагы металлды сузуп куя албай, бөөдө майып болуп калбагыла. Мастериңер келгенче ишти токтото тургула. Карагылачы, тигил кокс көмүрлөрү да үнөмдөлбөй талаага күйүп жатат. Эриген металлдарды биринин артынан бирин куюп турбаса болобу.

– Анан бизди урушат да.

– Урушат деп күйүп өлөсүңөрбү. Эч ким урушпайт силерди. Ансыз да жыргаткандай продукция бере албайсыңар. Карагылачы, бардыгы брак.

Ысыктан беттери албырып, көздөрүнүн аягына чейин канталаган уландар мандай терлерин сүртүүнү унутуп, ооздорун ачып томсоруп турушту. Булар ушинтип жатканда цехтин башчысы кирип келди.

– Эмне талаш? – деди ал.

– Куюучу цехте бир да мастер жок, үйрөнчүк балдар иштеп жатыптыр деп угуп, жүрөгүбүз түшүп калды. Сурасак сизди рук-

сат берди дейт булар. Карасаңыз, бечара балдардын чыгарган продукцияларынын бардыгы брак. Жергиликтүү эл мындай кулак-мурду жок казанды казан дешпейт да, муну менден мурун өзүңүз жакшы билесиз.

– Сопсонун эле дешет. Айланайын деп алышат.

– Алышса айласыздан согуш мезгилинде алышкандыр. Азыр талап ал мезгилдегиден өзгөрбөдүбү.

– Сиз өз ишиңизди билиңиз. Түшүнүктүүбү? Бизге план керек.

Андрей ачууга буула түштү:

– Туура, менин ишим жок. Бирок бирибиздин кетирген кемчилигибизди сын көз менен карап, жардам беришибиз керек эмеспи. Анын үстүнө эч нерсе билбеген үйрөнчүк балдардын өмүрүнө кайдыгер кароого эч кимибиздин акыбыз жок. Туурабы?

– Андрей Иванович! Машина токтоп калды. – Тыштан жаш жигит шашып кирди. – Сизди чакырып жатат.

Андрей цехке кирер кирбестен эле Петр Ильичтин станогу дагы бузулганын дароо билди.

– Эмне болуп кетти?

– Э, эмнеси курусун. – Петр колун силке сүйлөдү. – Борбор жаңы машиналарды жиберет дегенде сүйүндүк эле, жедеп адамдын баары амалкөй болуп бүткөн окшойт. Эскилерин эптеп ремонттомуш болуп туруп, айдап жиберишет тура. Эгерде булардын ичекардына, өпкө-жүрөгүнө чейин аңтарып билген киши болбогондо олтурмак экенбиз бири-бирибизди тиктешип коюп. Иштеткенден да убарасы көп болду. Алышабыз да жатабыз.

– Мен болбосом инженер-техник дегендер бар. Кызык сүйлөйсүз, Петр Ильич.

– Инженер дегенибиз алиги согуш убагында ФЗОну бүтүргөн Маклаковбу. Анын билгенин мен да билем.

– Алардын ордун басуучу али эч ким чыга элекпи? – Петр Ильичтин көңүлүндө башкы инженерликке Андрейди дайындаса туура болор эле деген ой удургуп турду.

– Адамдарга таарынбай, согушка таарыныңыз, – деди Андрей машинанын бурамаларын бошотуп жатып. – Баарына чыдамкайлык керек. Бул заводдун келечеги алдыда. Ырахатын кийин көрөсүңөр. Ар нерсенин башталышында кыйынчылык болбой койбойт да.

Тыштан алиги эритүүчү цехтин начальник-мастери келип, Андрейдин кыймылын суктана карап турган болучу.

– Андрей Иванович! – деди ал бир оокумдан кийин. – Мен сизден кечирим сураганы келдим. – Катуу кетсем кечирип коюңуз. Иш деген иш экен да. Ал талаш-тартышсыз болбойт тура. Түшүнөм, сиз майдачыл адамдардан эмессиз.

– Ооба, чындыгында эле Андрей өз ишин жакшы билген мыкты мастер, ак жүрөк коммунист болучу. Ал Ленинграддагы институттун сырттан окуучу студенти…

* * *

– Мен бүгүн катуу чарчап турам. Жатып эс алалы. – Андрей дасторконго рахмат айтып колун суу жоолукка сүртүп ордунан турду.

– Тоок менен кошо жатабызбы? Абага чыгып ары-бери басып келбейсиңби? – Мария идиштерин чогултуп, примусту өчүрүп, анда азыр эле бака-шака түшүп кайнап жаткан сууну алып жатып күйөөсүнө карады. – Мен буларды жууп коюп, сабакка даярданышым керек.

Ачык турган эшиктен жубайлардын сөзүн угуп токтогон Петр Ильич каалганы тыкылдатты:

– Уруксатпы, Андрей Иванович!

– Уруксат эмей, келиңиз. – Бир-эки кадам утурлай басты. – Жогору өтүңүз. Беймаал келген экенсиз. Тынччылыкпы?

– Чочулабай эле коюңуз, тынччылык эле, Андрей Иванович. Мен жалгыз эмесмин, тышта кишилер бар.

– Оо, – деди Андрей, – алар кимдер, эмне үчүн киришпейт. – Жигит аялына карады. – Мария Павловна, биздикине меймандар келиптир. Бол тезирээк, туруп конок камын көр. «Мейман менен өлүм айтып келбейт» деген ушул.

– Жок, жок биз өз кишибиз. Эчтекеге убара болбоңуздар.

– Эмнеси убара..

Петр Ильич менен Андрей тышка чыгар чыкпастан эле үч кишини ээрчитип кайра кириштти. Анын бири Алексей Марков, экинчиси Даша Клочкова, үчүнчүсү Геннадий Емцов деген заводдун белдүү жумушчулары болучу. Аларды Андрей аялына бир баштан тааныштырып чыкты. Жадырап-жайнаган жарык маанай менен лыпылдап стол үстүн даярдоого камына баштаган Марияны Петр Ильич сөзгө алды:

– Бизге убара болбой эле коюңуз, Мария Павловна, өтүнөм.

– Эмне үчүн? Мен азыр эле. – Мария Павловна акылдуу кара көздөрү менен келгендерди күлүндөй карады.

– Булар үрөндүк картошка алып келиптир. Болгондо да бир араба. Сен тамак даярдаганча биз жеткирип келе коёлу.

Мария күйөөсүн, анан меймандарды алмай-термей карап туруп минтти.

– Эртең базарга чыгалы деп жаттык эле, ырас болбодубу. Акча аркы менин кичинекей намиянымда турат Андрюша.

Акчанын кабарын уккан Даша ордунан секирип турду:

– Биз сатканы алып келген жокпуз. Бири-бирибизге туура түшүнгөнүбүз жакшы. Эгер акча бере турган болсоңор, кайра алып кетебиз. Бул картошка ушул эле үч-төрт кишиники деп ойлоп турасыңарбы. Жо-о-о-к, андай эмес. Заводдо канча жумушчу болсо, ошонун баары табактап, чакалап чогултушту.

Эртең менен эрте алар үй-үйлөрүнөн эле Ороздун огородуна бара бермек болушту, отургузууга.

Мария мындай ынтымакка эмне деп айтаарын билбей көздөрү өзүнөн өзү күлүңдөп турду…

Эртеси Даша айткандай болду. Андрей менен Мария барса жумушчулар алардан алда небак мурда келишип, тигилердин өзүн күтүп олтурушуптур. «Көп түкүрсө көл» дегендей, баягы Андрейдин жүрөгүн таштай өйүгөн Ороздун огородуна картошка отургузулуп бүттү. Бир жаман жери аянтын ачыктыгы болду. Келгендер жумуштан кийин бир аз дем алып, арткан тамактарын жээгө олтурушту. Алар суунун жакындыгын, жердин семиздигин айтып түгөтө албай дуулдап жатышты.

– Бул жерден түшүмдү алып түгөтө албайсыңар, Мария Павловна, – деди кимдир бирөө.

Ар жактан Андрейдин үнү угулду:

– «Алып түгөтө албасак, өзүңөр окшогон жакшы санаалаштарга кепсенди көбүрөөк үлөштүрүп жиберсек эле бардыгы жайында болот», – деп жооп бербейсиңби.

Мария ийнин куушурду. А тигил калгандар болсо, Андрейдин «кепсен» деген сөзүнө түшүнө бербей бирин бири караштьт. Алардын бардыгынын көңүлүнөн «берген үрөндөрдү кайра ашыгы менен кайтарып беребиз» деп жатат деген гана ой удургуп өттү. Булардын ичинен Андрейди туура түшүнгөн Петр Ильич гана болду.

Анан ал экөө кыргыз тилинде бирдеме деп күлүп сүйлөшүп калышты.

– Эмне үчүн кыргызча сүйлөшүп жатасыңар? Же орус тилинде түшүнбөй жатат дегендей бул жерде кыргыздар болбосо. Кызык. – Даша эркектикине окшогон жоон үн менен күркүрөп коё берди. – Петронун кыргыздар менен ылымдаш экенин жакшы билем мен. Ой тим эле киргыз дегенде өлөт да. Аялы өзүнөн, өзү аялынан өтөт.

Даша жанчыгынан кол башындай тамеки салган баштыкты алып, тизесине койду да, бүктөөсү уйпаланган газетага махоркадан орой баштады.

– Кыргызча сүйлөдү деп эмнеге териктиң? Сүйлөшө беришсин. Билсең сен да сүйлө. – Аялдын бет маңдайында жанбаштап жаткан киши Дашаны жактырбагандай карады.

– Даша жеңе, – деди көк көздөрү ажайып күлүңдөгөн Андрей: – «Кепсен» деген сөздү жалгыз эле Мария эмес сиздер да түшүнбөйт турбайсыздарбы. Кызыл кырдай болуп ак төөнүн карды жарылып, күз берекесин чачып, баба дыйкан алты ай жайы жумшаган таман акы, маңдай теринин үзүрүн көрүп турган кезде, кырман үстүнө келген адамдарга түшүм ээси кызылынын четинен өлчөбөй туруп күрөктөп салып берет. Кыргыздар муну «кепсен» деп коюшат. Биз ошол жөнүндө сүйлөштүк.

– Тааныган-тааныбагандардын баарына элеби?

– Кепсенди бөлүп-жарып өң кадырлап бербейт кыргыздар.

– Көрүнгөндүн баарына «кепсен» деп бере берсе өзүнө эмнеси калат? – деди дагы бирөө.

– Кепсен бергенден жарды болуп казаны кайнабай, дасторкону нансыз калган кыргызды көрө элекмин, – деди Андрей Дашанын тамекисинин түтүнүн колу менен желпий таратып. Эркектердин тарткан тамекиси андан бетер каңылжарды жарып, жүрөктү айландырат. Ачык асманга түрмөк-түрмөк ичке суюк түтүндөр буруксуй түшүп жок болууда.

– Менин ата-бабам казактар менен алышман эле, – деди Алексей Марков. – Бир жаман жери алардын эч кимиси менен катышпай калдым.

– Бул жерлик эмессизби? – деди Андрей.

– Кызы Раиса ушул жакка турмушка чыгып, кыз-күйөөсүн туурлап келген жер куруткан шүмшүк да. – Даша тамашага чала сүйлөп, тамекинин калдыгын көк чөпкө ныктап өчүрүп жатып, Алексейден мурда ушинтип жооп берди. Анан дагы минтип кошумчалады. – Картошка жегенди кыргыздар жакшы көрүп калышты. Бирок анын кандай сакталышын билишпейт. Көрөсүң го

Андрей Иванович, бүгүн сен сепкен картошка кийин кычыраган кышта жаман тамынын бир бурчунда үйүлүп бүтөөрү менен бир азын калтырып, дароо өзүңө сатып алышың керек.

Андрей аялдын сөзүн жактыра бербей, башын болор-болбос чайкап койду. «Ушундай жаагы жай албай көп сүйлөгөн адам болот экен, ээ. Тим эле ызылдаган аары», – деп ойлоду ичинен.

– Мен эч качан андай кылбайм. Азыр сиз сүйлөп жатканда менин оюм мына бул огороддун тегерегин кантип бекитүүдө болуп турду. Согуш болбогондо кыргыздар гүлдөп кетет болучу. Же жалган айтамбы?

– Туура айтасың, Андрей. Бардыгына согуш күнөөлүү. Кыргыз эмес орустун да белин майыштырып кетти. Элдик жигит экенсиң. Кокустан огороддун тегерегин чындап эле бекитем десең жардам беребиз, – Петр Ильич чечкиндүү барк этти. – Чырпыктан өтөрү жок. Жакшылап согуп калаш керек. Андрей, сен жалгыз өз күчүңө ишенбе. Аялың экөөңдүн колуңдан бул иш көптө чыгат. Буга уулум экөөбүз жардам берели.

– А бизчи? Же биздин колубуздан иш келбейби. Жаз алдында буталган бактардын чйрпыктары бизде тоо болуп жатат. Ал бир топ жерине жетет...

Сүйлөшүп жаткандардын сөзүн кимдир бирөө жакшыра бербей колун серпти:

– Мынчалык эмнеге жанталашып, кайдакы бир кыргыздын кароосуз калган огородун бекитебиз деп жатканыңарга түшүнсөм кудай урсун. Макул ошенткиле. А кызматыңар үчүн кыргыздын силерге берери эмне? – Тигил кишинин жедеп тамекиден ууланып бүткөн катыңкы керсары жүзү чүрүшө түшүп, оту өчкөн тунарыңкы көздөрү менен Петр Ильичке, аңдан кийин Андрейге карап алды.

– Сен туура түшүнбөй жатасың, замандаш, – деди Петр аны карабаган калыбында, – кыштакта мисалы эки жүз түтүн болсо, анын бирине жардам берип койсок, калганы бирин бири көрүп өзүнөн өзү уланып кете берет. Менимче, Андрей Иванович туура кылып жатат...

Акыры олтургандар бир сөзгө келишти. Келерки дем алыштан баштап, ишти акырындык менен баштамак болушту. Айтылган сөздөрдү кунт коюп угуп олтурган, көздөрү жаш жигиттен бетер чарасына батпай жайнаган, чачынан сакал-мурутуна чейин ак аралаган нускалуу карыя колуна кармап олтурган малакайын башына кие берип, тигилерди карап минтти:

– Баятадан бери көп сөз сүйлөндү. Бирок акыры жакшы жыйынтык менен аяктады. Мен ушуга кубанып олтурам, балдар. Мунун баарын уюштуруп, бул жерге бизди алып келген Петро болсо да, иштин себепчиси сенсиң, балам. Сөз арасында кыргыздарды тигиндей мындай дегендер да болуп кетти. Кыргыз деле биздей эл. Адам менен адамдын кандай айырмасы бар. Жакшы адам бардыгына тең болуш керек. Ыракмат сага, Андрей. Ылайым өзүңдөй адамдар жер жүзүндө көп болсун.

Олтургандар карыянын сөзүн кубаттап кетишти.

Эртеси Анатолий Кузмичтин келгенин угуп, ал киши менен сүйлөшкөнү Андрей демейдегисинен эрте келди. Анткени директордун иш күнү башкалардыкынан эрте башталып, кеч бүтөрүн түшүнүп калган.

Жигиттин саламына алик алган директор чепилдеп ордунан тура калып, кош колун сунуп учурашты да, анын бет алдында турган орундукту карай кол жаңсады:

– Олтур, уулум, олтур. Эртелеп келген экенсиң. Кандай турасыңар? Мария Павловнанын дени сак, иштери ийгиликтүүбү?

– Ырахмат, көңүл бурганыңызга. Даң салып иштеп жүрөт. Жаңы коллективге, жаңы балдарга үйүр алышып, көнүшүп калды окшойт.

– Ырас болгон тура. Балдар менен иштеп көнгөн киши башка кызматка алымсына бербесе керек. Ошон үчүн «Мугалим – мөмөлүү дарак» деп айтышат эмеспи. Өз ишиңерде кандай жаңылыктар бар?

– Сизди кубандыра турган мактанарлык деле эчтеке жок, – деди Андрей ойлоно түшүп. – Бардыгы эскиче. Тырышып иштеген болуп жатабыз. Бардыгыбыздын эле күткөнүбүз эле сиз болуп калдыңыз.

Директор көз айнегин алып, кол жоолугу менен бир сыйра сүртүп туруп, кайра кийди. Анын бир тал карасы жок аппак чачы мурдагыдан да суюлуп, кашкасы чоңойгонсуп, беттери чүрүшүп жүдөй түшкөндөй туюлду Андрейге.

– Андрей Иванович, менде да силерди кубандыра турган эч нерсе жок. Тиешелүү жерлердин бардыгында болдум. Абалды түшүндүрдүм, айттым, сурандым. Бардыгы эле макул. Күткүлө, кандай мүмкүнчүлүк болсо, ошондой жиберебиз дешет. Бар болгону анча-мынча запастык бөлүктөрдү алып келдим. – Оор күрсүндү директор.

– Мен бир нерсеге илешип жатам, Анатолий Кузьмич. Эгерде сиз алып келгендердин арасында менин керегиме жарай турган тетиктер болуп калса, сонун болбойт беле.

Директор Андрейден көзүн албай:

– Ал эмне эле? – деди. – Кайсыга керектей турганыңды билейинчи мурда. Балким...

Жигиттин көздөрү үмүттүү жалт этти:

– Алиги такыр керектен чыккан эски станок бар го. Мен ошону кайрадан жасап чыгууну ойлоштурдум. Согуштан кайтып келгенден кийин, бир мастер жолдошум экөөбүз ушундай станокту башкача кылып өркүндөткөн элек. Эгер ишим оңунан чыкса, өзүбүзгө гана керек запастык бөлүктөр эмес, айыл чарба машиналарына да жардамдашканга жарайт болчубуз.

– Оо, анда укмуш болбойбу, – деп жиберди директор. – Анда өзүң жактырган жумушчулардан тандап алып, баштай бер да.

– Азырча эч кимдин деле кереги жок. Учуру келгенде өзүм айтам. Жумуштан кийин калып, дем алыштарда келип иштемиш этип жатам. Мындай шартка дароо эле ким макул боло койсун. Аны коё туралы азырынча. Мен сиз алып келген шаймандарыңызды качан көрөйүн? – Андрей ордунан козголо берип, чөнтөк саатын карады.

– Убакыт болуп калган тура.

– Анан мен өзүм айтам. Баса, Андрей Иванович, мени менен бир кыргыз жигит келди. Өзү шаарда жашайт экен. Мурда пристанда слесарь болуп иштептир. Армиядан жаңы келиптир. Биздин заводго кирсем деген көңүлү бар көрүнөт. Келгин дедим.

– Туура кылыпсыз, келсин. Жергиликтүү калктын улан-кыздарынан тартынбай тартыш керек, Анатолий Кузьмич. Бирдеме чыгуучу жөндөмү бар жаштардан кыска мөөнөттүү курстарга жиберсек андан да сонун болор эле...

– Курс болбосо да тиешелүү заводдорго министерство аркылуу сүйлөшүп, практикага жибере баштайбыз. Мен ал жөнүндө да айттым...

Арадан көп убакыт өтпөй кыргыз жигиттеринен заводго экиүчөөнү кабыл алышты. Аларды Андрей жетекчилери менен макулдашып туруп, өзүнө үйрөнчүк кылып алды...

* * *

Учкашып-чиркешип жайлоодон эртең менен чыккан Айсалкын менен Марипа жакага түш оой жетип келди. Аялдын кыштоодон

көчкөндөн жакага келиши ушул болучу. Огород-жайынын ал-абалын Ороздон укканы менен өз көзү менен көрө элек неменин жүрөгү алеп-желеп. Ооба, Айсалкын азыр өз үйүнө келбей эле башка бирөөнүн гүлбакчасына бараткандай көңүлү көтөрүңкү.

Кыштакка кире бериштеги четки боз тамдын алдында сүйлөшүп олтурган эки байбиче атчан келе жаткан эне-баланы алыстан көрүп, колдорун көздөрүнө серепчилеп карап калышты.

– Бул бала учкаштырган кайсы аял болуп кетти? – Бирөө экинчисинен сурады.

– И, тигил Сарынын уулу Ороздун келинчеги тура. Дегеле атка тың жүргөн неме экен. Шалактатып бастырганын кара.

– Аа, Айсалкын бекен? Иши илгери жөнөп, ташы жогору кулап турса эмнеге шалактабасын, шалактасын бечара. Быйыл төлдү көп алды деп радия менен газеттин баары эле мактаганы Ороз болуп жатпайбы. Шумдугуң кургур, жүз койдон жүз жыйырмадан козу алат деп уктуң беле деги. Илгээри бир короо койдон чандасы эгиз туубаса качан эле мындай болуучу эле. Кудая тобо. – Байбиче жакасын кармады.

– Ороз бала кезинде эле чыйрак эмес беле. Өзүнө жараша колуктусу да тың неме тура. «Мал баккандыкы», – деп бекер айтылды дейсизби. Малдын түйшүгүнө чыдаган адам чыдайт эмеспи. Байлаган куржуну бар экен. Тигил огородунда иштеп жаткан мужуктарына тамак-аш алып келатышса керек. – Экинчи байбиче колундагы түйдөгүн ортонуна илди.

– Тооба, – деди беркиниси, – мужуктар да ынтымактуу эл болот окшобойбу. «Жыйырма-отузу бир келип, Ороздун огородун чычкан мурду жорголоусус кылып бекитип кетишти», – деп жатышат. Ал эмес алмалардын көчөттөрүн да олтургузушкан имиш. Эң эле майда дейт. Анысы качан алма болорун ким билсин...

Айсалкындар келгенде Андрей аялы экөө картошканын түбүн жумшартып жүрүшкөн. Экөө тең аттан түшүп жаткандарды карап калышты.

– Энеке, Андрей абам менен Мария эже тигинде жүрүшөт. Атамдын тилин алып, адегенде бул жерге келгенибиз жакшы болгон тура. Барып чакырып келейинчи ыя, энеке? – деди Марипа ылдый түшүп кеткен байпагын өөдө тартып жатып.

– Шашпа, балам. Мурда буларды тигил өрүктүн түбүнө жеткирели. Үйдү ачып, жерге салгандай бирдеме алалы. – Аял чаначты көтөрүп келип, жалгыз өрүктүн түбүнө байлады.

Айсалкын огородун көрүп кубангандан өзүнөн өзү күлүңдөй берди. «Тобо, корообуз кудум эле шаардык мужуктардыкына окшоп калыптыр» деп ойлоду ичинен. Бирок ушунчалык жумушту Орозго бекер иштеп берет деп, таанбыбаган орустарга кантип ишенүүгө болот? Бир топ акчанын башын байлаарына аялдын көзү жетип тургансыды. Бирок акча эмес алтын алса да алганы аш болсун бечаралардын деген ой көңүлүн көккө сермейт.

Ары-бери караганча Андрей менен Марияны баштап Марипа да келип калды. Дасторкон жайып жаткан Айсалкын тигилердин алдын тозо басып, кол алышып учурашты.

– Жогору өткүлө, айланайындар.

Малдаш урунуп олтуруп жаткан жигит аялга карады:

– Ороз келген жокпу?

– Малда киши жок чыга албай калды. Биз атайы эле силердикине келатканбыз, учурашалы деп. Ырас болбодубу бул жерден кезиккенибиз. Эчак эле келмекпиз. Козу өңөргөн кишибиз артыбыздан жете келмек. Кылчактасак жок. Анан келер деп жүрө бердик. Кокус үйүңөргө түз барсак, убара болмок турбайбызбы. Андрей жандана түштү. – Биздикине келдиңерби атайы эле?

– Ооба. Силердикине.

Жигит аялына күлүңдөй карады. Ирмемде жүзүнө кан жүгүрүп, тишин кашкайта күлүп ийди:

– Мария, түшүнүп жатасыңбы? Булар биздикине келиптир.

Аялы күйөөсүнө өз тилинде бирдемелерди айтып күлө бакты. Аны Андрей кайра Айсалкынга өзү которуп берди:

– Аялым силердин келгениңерге кубанып жатат.

«Кыргыз досторумдан алыстап кеттим, – деп арман кылуучу элең дейт. – Тууганрарыңды таптың. Кыргыздар мейманга кой соёт дечү эмес белең. Сен дагы эрте туруп, кой тап», – деп жатат.

Айсалкын чебелене:

– Ой кокуй күн, кой деген эмнеси. Биз азыр эле кайра кетебиз. Жайлоо деген кайда. Жок койду айтып кыжалат болбогулачы, кагылайындар. Бир аз кымыз ала келдик. Мына бул карапа кумаранын ичинде бышкан каймак бар. Тигил кол чаначтагы сүзмө.

Булар ушинтип жатканда ар жактан аттын бышкырыгы угулду. Бардыгы жалт карашты. Айсалкын Андрейге минтти:

– Тигил козуну аттан түшүрбөй туруп эле өзүң тиги атка мине коюп үйүңө жеткирип келе койчу, кагылайын.

– Чогуу кетебиз, аяш. «Келгенче конок уялат, келгенден кийин үй ээси уялат» деген макалды жакшы билем. Ороз айткандыр

мен жөнүндө. Сөөгүм орус болгону менен этим кыргыз болуп калган нememин.

– Уккам. Ороз силерди оозунан түшүрбөйт. – Айсалкын чечекейи чеч болуп олтурган кызына карады. – Чуркап барып кошунаныкынан бир-эки чыны алып келе койчу, алтын кызым. Абаң менен жеңең кымыздан ооз тийишип, калганын ала кетишсин. Бизге руксат бергиле. Аманчылык болсо кийин барарбыз.

– Кийин-мийини жок эле азыр барасыңар. Коё турчу, Марипа. Маша, бизде стакан бар беле?

– Бар.

– Алып чык. Тигил кымыз бизге тиешелүү экен. Ырас болбодубу чаңкап турганда...

Айсалкын менен тигил эрди-катын бирин бири алдыртан сынай тиктешет. «Көздөрү жайнаган сулуу аял экен», – деп ойлоду Андрей Айсалкын жөнүндө. Ал эми Айсалкын болсо Андрейдин мээримге толгон жүзүнө бир караса, Мариянын карагаттай болгон бажыракай көзүнө, каш-кирпигине эки карайт. «Тобо, мусулманга түспөлдөш неме экен». Көздөр көздөргө чагылыша түшөт. Бир топтон кийин Айсалкын Андрейден минтип сурады:

– Огороддун айланасын бекиткенди Ороз буюрду беле?

Андрей аяшынын мунун акысы канча турарын ачык сурай албай турганын дароо түшүндү.

– Жок, аяш. Ороз менен жер жөнүндө гана сүйлөшкөнбүз. Тегерегин силерден руксатсыз эле жолдоштор менен келип бекитип койдук. Бул жөнүндө камтама болбой эле коюңуз. Бизге эчтекенин кереги жок.

Тиги тамылжый түштү:

– Ороз айтып барганда ишенген жок элем. Кантип эле эчтекенин кереги жок болсун. Биз адамдын эмгегин жегенди жаман көрөбүз. «Ичинде эчтекеси жок ачык талааны бекиттиргендей кайсы алма-өрүгүңө мал кирип, ууру алып жатты эле», – деп ишенбей, кулак мээсин алып жаттым эле. Көрсө...

Андрей огород жакка бурула карап, алакан жайды:

– Алма отургуздук. Арасында алмуруту да бар.

– Биздин өзүбүздүн алмабыз болобу? – Марипанын мурдунун учу чыбырчыктап тердеп чыкты.

Айсалкын Андрей менен Марияга ыраазы боло жал-жал карайт. Келгенден бери ушул жөпжөнөкөй карапайым аялдын бүткүл турпатына көзү тоюп олтурган Андрей аялына шыбырады:

– Төк, бардык артыкчылыкты бул аялга марттык менен берген экен жаратылыш. Кыргыздын уландары мындай келин-кыздарды «ак маңдайым», «жалжалым» деп ырдашат.

Мария аялдан көзүн албай суктана тиктеп олтурган. Ага Айсалкындын ар бир кыймылы өзүнчө эле бир керемет болуп көрүнүп жаткан.

– Ооба, келишкен жан экен. Келбетине жараштырып кийингенин кара. Кош этек салынып, бели менен бел болуп кынай тигилген көйнөгүнүн өзүнө жарашып турганын кара. Колунан баары келген аял окшобойбу.

Айсалкын өзү жөнүндө сөз болуп жатканын толук түшүнбөсө да баамдады. Чындыгында эле бул аял дагы жигиттердин көз жообун алган нары сулуу, нары акыл-эстүү келин болучу. Анын кыздарынын баары тең атасынын оозу-мурдунан түшө калгансып Орозго окшош эле. Ал жөнүндө сөз болуп калганда Айсалкын:

– Атасына окшобогон бала да балабы, – деп тамашалай сүйлөп жарк этип коюучу. Айсалкындын аялдык дагы бир артыкчылыгы – Оროздун кирпигине кир жугузбай бапестеп тургандыгы. Ороз ак калпагын алчыланта чекеге коюп, жылан боор камчысын бүлдүргөсүнөн ортонго илип, ээрге олтурганда айылдаш жолдош-жоросу: «Э, кайран шумкарым, катын жакшы эр жакшы» деген ушул деп аны суктана карашат.

Азыр да Андрейдин көз алдында Ороздун элеси турду. Ушундай асылзатка туш болгон досуна ыраазы эле...

– Аяш, мындай сүйлөшөлү, – деди Андрей, – бүгүнкү бийликти маган бериңиз. Тигил-бул дебей Марина менен биздикинде болосуз.

– Ороз жүдөп калат го жалгыз. Жол каратпай биз кете берелиЧи. Же кыздардын кол арага жараганы жок.

– Бир күнчө эптеп өз чайын өзү кайнатып ичип турар. Же биздин дасторконубуздан даам татып, эшик-төрдү көрүп кеткенден тартынып жатасызбы? Аяш мындай сүйлөшөлү. Бир аз ары-бери басып огородуңузду өз көзүңүз менен бир сыйра көрүп чыгыңыз. Биздин кандай иштеп жатканыбызды байкаңызчы. Андан кийин шаарды көздөй жылалы.

Айсалкын макул болгондой үн катпай калды.

Андрей Айсалкынга күлүңдөй карады. Бардыгы орундарынан турушту. Айсалкын жүзүнүн ажарын ачып турган башындагы бир байлам мала кызыл жибек жоолугун оңдоп байланып, Андрей менен Мариянын ортосунда баратты.

– Көпчүлүгү апорт, – деди Андрей. – Эки түп алмурут тигилди.

– Канча жылда мөмө байлайт? – Көңүлү көтөрүлүп турган Айсалкын эки жагын айланта карай берди.

– Жакшы баксак соңку жылы гүлдөй баштайт.

– Анан бат эле чоңоёбу? – деди Марипа.

– Бат эле. – Андрей жанында турган кызды көкүлүнөн сылады. – Биринчи жылы гүлдөгөндө гүлүнүн баарын терип салып сыноо үчүн ар бир түпкө беш-алтыдан гүл калтырып коёбуз. Андан кийин алманын кандай байлаганын көрөбүз, кызым.

– Ыракмат, Андрей, силерге. Бул уулдун уулуна, кыздын кызына жетпейби. Эмгегиңерди эмне менен актаар экенбиз. Картөшкө да сонун чыккан экен. – Айсалкын эңкейип жерден жаңы эле бой көтөрүп келаткан өсүмдүктүн сабагын кармалады. – Качан гүлдөйт?

Айсалкын жай, жумшак сүйлөгөн аял болучу. Мурда-кийин көрбөгөн киши адегенде сулуулугуна чиренип, бой көтөргөн кесирдүү текебер неме экен дей турган. Жаңы курдашынын мүнөзүн жактырып калган Мария күйөөсүнө шыбырай сүйлөдү:

– Аябагандай назик аял экен. Алган жарына жараша Ороз да ачык-айрым шайыр жигит болсо керек. Издешпей табышканын карасаң экөөнүн.

Айсалкын огородду көрүп көңүлү тоюп, айтарга сөз таппайт. Бет аарчысына түйүлгөн кагаз акчаларды алып Андрейге сунду:

– Баса, Ороз көчөттөрдүн акчасын берип жиберди эле.

– Жаныңызга салып коюңуз. Керек болуп калса өзүм айтам.

– Алыңыз, аяш, соодада достук жок эмеспи. Мунун баарын маңдай тер, таман акыңыз менен тапкан аппак акчаңарга сатып алдыңар да.

– Эсептешкен дос болбойт, Айсалкын. Орозго эртең ушуну унутпай айта барыңыз. Экинчи мындай кылбай жүрсүн. Мен көчөттөрдү арзан, казына баасында алдым. Андай эле акчасы көп болсо, жыйнай берсин. Мына бул эски тамды, дубалдары менен кошо бузуп, ордуна адамдын көз жоосун алгандай заңгыраган беш-алты бөлмө там салабыз дейсиз... Ошондо эл Ороздун орус досу кандай дос экенин өз көздөрү менен көрүп суктанып турушсун.

– Ырахмат, Андрей. Там салып бербесеңиз да салып бергенден артык болуп, кубанычыбыз кучагыбызга батпай, төбөбүз көккө жетип олтурат. Бирок акчаны албаганыңарга капа болуп турам. Анда сиз менен Ороз өзү сүйлөшсүнчү. Мындай болгондо ичкен тамак-аш болбойт го. – Айсалкын бушайман болуп акчасын кар-

мап тура берди. Аны Андрей акырын алды да ортосунан бир бүктөп туруп аялдын чыптамасынын жан чөнтөгүнө салып койду. Тиги Андрейди жалт карап алды:

– «Бирөөнүн тоогун жесең каз байла», – дейт. Биз силерге көп милдеттүү болуп калдык окшойт.

– Кеттикпи, – Мария тигилердин сөзүн бөлдү. – Конок камын көрүш керек. Үйдө эч даярдык жок экенин билесиңби?..

* * *

Айсалкын алардын турган турмушун, жашаган жашоосун, иштеткен огороддорун көрүп көзү тойду. «Биз жашадык деп бекер эле упарак болуп жүргөн экенбиз да», – деп ойлоду ичинен. Айсалкын ошентип жаңы таанышына ыраазы болуп кайтты...

...Ары-бери караганча күркүрөгөн күз келип, ак төөнүн карды жарылып сала берди. Андрей Ороздун огородунан мол түшүм жыйнап алды. Андан кышка эки үйгө жеткендей калтырып, калганын погреб казып, үстүнөн аба киргендей жеңдей труба чыгарып, көөмп салышты.

Айылда эки кишинин башы кошулган жерде Андрейдин картошкасынын чоңдугу, даамдуулугу, түшүмдүүлүгү жөнүндө сөз болуп жатты. Картошканын кадырын кыргыз көбүнчө согуш убагында билди. Бирок ошондой болсо да бир да кыргыз огород толтуруп буга чейин картошка айдап көрө элек эле. Кээ бир камбылмын деген адамдар этектей жерди чукулап бирдеме көмүмүш болгону менен бакканды билишчү эмес. Мына азыр тынчтык мезгил. Эл үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап калган кез. Ороздун айылдаштары картошканы кандай айдап, кантип бакканда мол түшүм аларын Андрейден көрүштү.

«Огороддоруна эмне айдап, эмне себүү жөнүндө ар бир үйдө сөз күн мурун башталды. Күндөрдүн бириндe Ороздор менен катар салынган коңшу үйдүн баласы атасына минтип айтты:

– Ата, жазда картөшкө айдайлы, ээ?!

– «Айдайлы, айдайлы эле» дейсиң, айда. Бирок талабың болгону менен дараметиң жок. – Карыя темир меште алоолоп күйө баштаган отко колун кактай берип күңк этти.

– Эмне, менин кучүм жетпейби? – Улан атасын жалт карады.

– Күчү күчаладай ташып турган жигиттин да алы жетпейт деп айтчу беле. Бирок...

– Эмне бирок?

Карыя кыт-кыт күлдү:

– «Үйүндө кашык айраны жок уулунун аты Жууратбек» дегендей, бир тоголок үрөөнүң жок туруп, эмнеге делөөрүп жүргөнүңдү билбейм. Же жерди айдап салса эле картөшкө деген өзү өнүп чыгат бекен?

Жигит атасынын сөзүн угуп бир демге кулуюп турду. Карыя тез ысыган мештен оолактап, үстүндөгү көөнөрүп калган майда көгала гүлдүү чыттан шырып жасалган чепкенин чечип, желбегей жамынды. Бала атасына батыңкырабай туруп мындай деди:

– Сиз Ороз абам менен сүйлөшүп көрбөйсүзбү? Алардын бир огород эмес бир айылга жеткендей картөшкөсү көмүлүп жатат. Ошонун баарын өздөрү кайра айдамак беле. Быйылча анча-мынча кайрылышып турса уланып кетет элек.

– Кызык, – деди карыя уулун бир карап алып, – Андрей картөшкөнү сен экөөбүз үчүн айдаптырбы. Кудая тобо, картөшкөгө далдалчы кылчу киши өз үйүмдөн да чыгат тура. Ушунтет дегем буларды. Ороз укса угар тилимди. Бирок алиги Андрей деген макул болобу?

– Далдалчы-далдалчы. Менден башка дагы кимдер картөшкөгө далдалчы кылды эле сизди. Керек болсо ар ким өз бети менен сурап алышсын. Ага эмне кыжалатчылык.

Карыя уулун дагы карады.

– Эл менен кишибиз билсең. Ишенгенинен айтып жатышат да маган. Элде болсун бизде болбосо да. Көгөрөм десең көптүн тилегин тиле.

– Анда элдин тилегин тилеп, эки колубузду мурдубузга катып олтура берелиби? Казаныбызга канчасы аш салып берер экен?

Карыя уулунун сөзүнө кебелип да койгон жок. Сөзүн уланта берди.

– А-т-а-а, күзүндө кепсенге деп берген картөшкөнү өлүп бараткансып жеп жибербедикпи. Жерди чукуп көөмп салсам, жата бермек экен. Ошол эле болгондо далай жерге жетмек.

Жигит атасына каяша айтканына өкүндүбү, жакындай олтуруп минтти:

– Атаке, туура айтасыз, көптө болсун. Анда эмне кыласыз, Ороз абама чыныңызды айтып эле көпчүлүктүн атынан барганыңыз оңго дейм ыя, ата! Эл бекер алмак беле?

– Бекер алам десең да береби аның.

Дасторкон жайып жаткан байбиче сөзгө аралашты:

– Анчалык эле эмнеге зарылдыңар аларга? Колуңда пулуң болсо картөшкө эмес, алтынды сатып аласың, балам. Базарга эле барбайсыңарбы Орозду коюп.

– Ой, энеке, ай, көрүп келдим го базарыңды. – Уулу бурк этти. – Төөнүн коргоолундай болгон картөшкөнүн чакасы канчадан экенин сурасаң оболу. Кымбат болсо да сырдана, түшүмү жакшы картөшкөдөн үрөн алганыбыз жакшыбы же... Бирдемени билбей туруп эле...

– Картөшкө айдашка али көп бар. Шашылыш жок, балам, – деди карыя колундагы чайын ууртай берип.

Бул үйдө сөз ушуну менен бүттү. Бирок башка үйлөрдө картөшкө жөнүндө катуу сөз жүрүп жатты. «Ороздун картөшкөсүн колхоз үрөн үчүн алат экен» деген имиш айылдын аяк-башына чагылгандай тарады. Муну уккан адамдар аздан болсо да үрөн алып калууга шашылышат.

Арадан көп убакыт өтпөй карыянын үйүнө кошуна-колоңу чогула баштады. Айыл аксакалы көкүрөгүн жайкаган ак сакалын сылай берип келгендерге минтип айтты:

– Бу мени картөшкөгө арачы салып жатасыңар, балдар. Бар десеңер барайын. Бирок Орозго эмне деп айтайын? «Калк картөшкө сатсын», – деп жатат дейинби, же «бекер берсин деп жатат дейинби?» Кайсынысын айтайын? Сатсын деп айтайын десем, «соодагер белем» деп сөзгө сындырабы деп даай албай турам. Бекер суроо андан бетер уят. Анын үстүнө картөшкөнү Ороз айдабай орус айдабады беле. Муну өзүңөр жакшы билесиңер.

Тургандар карыянын кыжалаттанганына ыңгайсызданып, бир демге бирин бири карап дымый түшүп барып, кайра көтөрүлүштү.

– Сатсын деп жатат деп эле ачык айтыңыз. Бекер берсин дегендей биздин өткөрүп койгонубуз бар беле Ороздо. Кокустан «өзүм картөшкөгө ээ эмесмин» десе орусу менен сүйлөшүп берсин. Айылдаштарың ушуну сурап жатат деңиз.

Тыштан жаңы кирип колуна камчысын бүктөй кармап тикесинен турган кара киши сөзгө аралаша кетти:

– Эгер тигил-бул деп кыйшаңдай турган болсо, орусу менен түп орду менен айылга турбай жоголсун деп айтыш керек Орозго. Ыйык туткан орусу менен оокатын кыла берсин.

Тургандардын бардыгы аны чочулай карап, бир демге туттуга түшүштү дем албай. Карыя көзүндө огу болсо атып жиберүүчүдөй алая карады. Бардык көздөр тигил кишинин жүзүнө жебедей сайылып турду.

– Кыргызбыз да, – башы калчылдап кетти. – «Бар болсо көрө албайт, жок болсо бага албайт» деген тууган бизбиз. Жамандын тапкан акылы да жаман. Ороз картөшкө берсе бул жерде жашап, бербесе жашабайт экен да. Силер үчүн картөшкөгө ортого түшпөй койсом кутуламбы. Кимге үрөн керек болсо өздөрү барсын.

– Калжыраган сөздүн кереги эмне, – деди тургандардын бири, тигил кара кишиге ачуу бүркүп. – Ата сакалың оозуңа бүткөнчө жиндилигиң калбайт.

Тургандардын бардыгы туш-туштан жаалап кетишти. Карыянын барып берүүсүн сурап зарылып туруп алышты. Алар кокус колхоз жетекчилери барып макулдашып койсо, бир тоголок үрөн алалбай калабыз деп ойлонушту...

Айылдаштарынын сөзүн кыйбаган карыя тору быштысын токунуп алып ошол эле күнү кечинде чабандын короосуна келип түштү. Өмүрүндө чакырылмайынча бирөөнүкүнө беймарал эшик аттап көрбөгөн кадырман адамдын келиши Ороздор үчүн кубаныч болду. Үй ээлери бүлүнүп калышты. Төргө көрпөлөр салынып, от улуу жагылды...

Карыя дасторкон үстүндө ак сакалын жайкап, өмүрүндө татып көрбөгөн таттуу даамдардын улам биринин чекесинен этиет илип, оозуна салат.

– Бул эмне деген тамак, балам. Бал десем бал, эжигей дейин десем эжигей эмес.

Айсалкын кымырынып олтурган калыбында алдыртан жылмайып койду. Анан акырын кыбылжый сүйлөдү:

– Орустардын тамагы, ата. «Варение» деп коюшат экен. Алыңыз чай менен.

Карыя сестенгендей колундагы кашыгын дасторкондун четине ылдам койду.

– Адал немеби деги?

Ороз каткырып жиберди.

– Арам тамак да болучу беле, жарыктык. Жер-жемиштен кантка кайнатылган тура. Мына бул акактай саргарып турганы өрүк. Бул кызылы бүлдүркөн, тигил бозомтук тартканы «райке» деген алма тура. Чочулабай жей бериңиз. Накта карынын тамагы.

Тигил киши тарелкалардагы вареньелерден көз албай таңдана сүйлөдү:

– Кудая тобо, өткөн жылкы жер-жемишти ушул убакка чейин сактап... Бу орус калкы билбеген неме болбосо керек. Муну эми жанакы сенин орусуң жасап жатабы?

– Ооба, Андрейдин аялы кайнатыптыр.

Карыя улам биринен оозуна салып, таңдайын такылдатып тамшана Айсалкынга карады:

– Айсалкын балам, башканы үйрөнбөсөң да ушуларды жасаганды үйрөнүп ал. «Ырыс оошот, бакыт жугушат» дегендей, бардык береке-байлык дасторкондо болот. Мына бул орустардын дасторконундагы дүйүм тамак-аштын сенин дасторконуңа түшүшү жаман төлгө эмес. Ишиңер оңолот экен, балдар. Атакөйү, эт, эт деп эле эттен башканы билбеген биздин кыргыз.

Карыя Андрейдин иштеген иши, адамкерчилиги жөнүндө узак сабак сөз кылып, терисине батпай кубанып олтурду:

– Сенин орусуң мыкты орус экен, Ороз балам. Жер-жемиш, жашылча айдаса, орус баласы айдасын. Бизчилеп айдады аты кылып таштап койбойт тура. Тим эле өсүмдүктү балача бапестеп, кулагынан чоюп өстүрүшөт тура. Эмгегине жараша үзүрү деген ушул. Мындан ары орусту туурап иштеп, орусту туурап оокат кылгыла. Жамандык көрбөйсүңөр. Өткөн күздө картөшкө казып жатат деп угуп басып бардым. Тим эле алып түгөтө албай жатышкан экен. Эң кичине, майда деп өзүнчө бөлгөнү менин муштумумдай бар. Орус деген жайнайт. Өзү менен бирге иштешкен жолдоштору жардамга келишкен тура көрсө. Андрей сонуркап карап тургандардын баарына «кепсен» деп өз колу менен бирден чака картөшкө салып берди. А мага болсо «көз акыңыз бар эмеспи, карыя» деп өзүбүздүн карала зумбал менен чымчып буума берген. Даамдуулугун айтпа. Бир жеринде курт түшкөн чекит болсочу. Кадим эле жумуртка. Кара сууга кайнатсаң да корго көмгөндөй чарт-чарт жарылып кетет.

– Жарыктык, – деди баятадан тигил кишинин сөзүн бөлбөй угуп олтурган Ороз мыйыгынан күлүп, – оозуңузга татып калган экен. «Мейнети күчтүүнүн тапканы таттуу» деген ошол. Өзүңүз айткандай Андрей аны кандай асырады эле.

– Айтты, койду дебегин, бул орус аман турса, сени бир мураска жеткирет. Кызыр даарыйт деген эле ушул. Бактылуу жигит экенсиң. Ушунча калайык калктын ичинен башкага жолукпай сага туш болгонун кара... – Карыя ойлоно түшүп, оң колу менен оозун карманды. –Атаңдын көр-ү-ү, ошол каптагы картөшкөнү жебей койгондо эмне. Артын ойлобой калган турбаймбы. Же ошондо эле азыр албай жазда алам деп койсомчу.

– Жазда алганда эмне кылат элеңиз?

– А-т-а-а балам ай, ошого да түшүнбөйсүңбү. Айдап тукум кылбайт белем. Мени бул жерге эмнеге келип олтурат дейсиң. Кошуна-колоң чогулуп мени сага «картөшкөгө жуучу» кылып жиберишти. «Акчасын беребиз, базар баасы менен үрөндүк картөшкө берсин» деп айттырышты.

Коломтодогу оттун илебинен эки бети албырып олтурган Ороз тыштан самоор көтөрүп кирген аялына алая карады:

– Сенин чайың төөнүн эти менен тең бышабы? Дасторконду жалдыратып жайып коюп...

Айсалкын күнөөлүү немеден бетер Орозду жалт бир карап алып, чай куюуга камына баштады.

– Ой, ой, мен үчүн келин балага жаман-жакшы айтпа. Шашыла турган деле эч нерсе жок. Жоо кууп жүрдү беле мени.

Айсалкын куюп берген чайды Ороз карыяга суна берип минтип сурады:

– Эмне дедиңиз? «Картөшкө сатсын деп айылдагылар жиберди» дейсизби? Олда жарыктык ай, мен картөшкө сатып жүрүүчү белем. Же өзүм айдабасам ал түгөттү. Эмгек кылган ээси башка да. Андрейден өздөрү сураса деле болмок. Сатса сатар, сатпаса бекер берер.

«Жаз алды менен үрөндүк алып калып калганын сатып, акчасын коротпой кассага салып коёбуз. Акча жыйып үй салыш керек. Короо-жайды оңдобосоң болбойт» деген Андрейдин сөзүн Ороз карыяга айткан жок. Картөшкөнү сатабыз деп айтуудан айбыгып турду. Кызыл кулактык кылып жатат деп эл-журтка жаманатты болот экенмин деп ойлоду. Ошондуктан бардыгын Андрейге саласал кылып, ачык жооп бере албай, тоскоолдоно ойт берди.

– Кой, балам, картөшкөнү Андрей эмес, Андрейдин өлгөн атасы тирилип келсе да ээ кылбаганы турушат. Үрөн үчүн колхоз алат деп угуп жатабыз.

Күтүлбөгөн кабарды угуп карыяны Ороз ормоё тиктеди.

– Мына кызык. Өз оокатына өзүн ээ кылбагандай аны Андрей бир жактан уурдап келиптирби. Келжиреген сөздүн кереги эмне. Кокус менин огородума минтип кайып-каскагынан картөшкө айдалбаганда колхоз да, эл да курумак экен да. – Ороз ачууга буулду.

– Катуу кетпе, балам. Мен укканымды...

– Сизге айтып жаткан жокмун. Жай олтуруп шашпай тамакаш ичип алып, топоюп кете бериңиз. Өзүңүз үрөнсүз калбасаңыз

болду да. Көпчүлүктүн милдетин алып не кыласыз. Бардыгына айтып коюңуз Андрей менен өздөрү сүйлөшүшсүн...

* * *

Жаздын келиши менен тиричилик кайра башталды. Баякы карыянын айтканы айткандай келди. Картошканын үрөнүн суроочулар көбөйдү. Колхоз жетекчилери болсо, бир тоголок картошканы тышка чыгарбай акчасына ортого берүүнү өтүнүштү. Андрей чарба жетекчилеринин сезүн да, жеке адамдардын суроосун да эске алды. Эки дос кеңешип олтуруп өздөрүнөн калганын элге, колхозго бөлүп бермек болушту.

Погреб ачылды. Эрди-катындын бири ичинде, бири сыртында туруп келгендердин идиштерине чакалап салып берип жатышты.

– Бүттү. Салбай эле кой, –деди Мария колундагы чакасын жерге коюп.

– Баарына жеттиби? – Маңдай тери салаа болуп куюлган Андрей погребден башын чыгарды. Мешокторунун оозун бууп, эбисыны жок каркайган чоң арабага биринин артынан бирин салып жаткан адамдарды күлүңдөй карады. – Аздыр-көптүр ыраазы болгула, туугандар. Калганын колхозго берели. Чарбада болбой силерде болбойт. Бир-эки жылга чымырканып койсоңор, бардыгы жайында болот да калат. Картошка сактап жегиңер келсе, өзүңөргө өлчөп мына ушундай, кылып погреб казып алгыла. Ансыз муну сактай албайсыңар».

– Рахмат, Андрей, балам. Ылайым учуңар узарып, көшөгөңөр көгөрсүн. Өзүңө окшогон дос күткөн Ороз да кем болбосун.

Келгендер ушинтип түгөнбөгөн алкыштарын айтып тарашты. Ошол эле күнү калган-каткан картошкасынын баарын колхоздун кампасына өткөрүп беришти.

* * *

Заводго келген жылы Андрейдин зоболосун көтөргөн анын рационализатордук сунушунун ишке ийгиликтүү ашышы болду. Мына ошол күндөн баштап ишкананын иши оңолгондон оңоло берди. Эмгекке жаңыча мамиле кылуу күч алды. Жыл өткөн сайын завод жаңы жабдуулар менен толукталып жатты. Ар түрдүү улуттун өкүлдөрү да көбөйдү. Жетекчи кадрлар билимдүү, тажрыйбалуу адамдар менен алмашкан. Адеп Андрей Иванович келгенде коду-

лап, ийгилигине ич тарлык кылган айрым жетекчилер менен инженер-техник кызматкерлер катардагы жумушчу болуп калышкан...

Жылдар өттү. Согуштун жараты айыгып, жер гүлдөп, төрт түлүк өсүп, эл кенеле баштады. Баякы Андрейден алган картошканын үрөнү көбөйгөндөн көбөйүп олтуруп, үйдөн үйгө, айылдан айылга тарады. «Андрейдин үрөнү», «Андрейдин картөшкөсү» деген сөз атадан балага, улуудан кичүүгө айтылып калды...

Ороз азыр баякы оокатка сарамжалы жок, жашоонун ачуутаттуусун билбеген карапайым кыргыз эмес. Ага орус досу көптү үйрөтүп, көп нерсеге көзүн каныктырды. Экөө «эки бакыр, бир тукур» болуп үзүлгөнүн улашып, чачылганын жыйнашты.

Чабан акча жыйноону, бирин бирине улап оокат кылууну да Андрейден үйрөндү. Айылдаштарынын ичинен биринчи болуп сактык кассага акча салган да, өмүрүн камсыздандырган да Ороз менен Айсалкын болду.

Азыр алардын короо-жайы «керегеси кердеп, ыңырчагы ырдап» турган боз там эмес. Учурмалуу алты бөлмө ак тамдын асемин бул жакка кой, кош канат кылып жасалган кызыл дарбаза да Андрейдин колунан чыккан. Жайкы ашкана, эгин үчүн кампа, жашылча менен картошка сактоочу погребди айтпаганда да мал байлоочу бастырмасы эле өзүнчө үй.

Ороздун кыздары бой жеткен. Марипа шаардагы педагогикалык инситуттун студенткасы болсо, Занипа Фрунзедеги медициналык жогорку окуу жайынын биринчи курсунда окуйт. Ал эми Зарипа менен Азипа Пржевальскидеги Мария Павловна мугалим болуп иштеп жаткан Макаренко атындагы орто мектепте билим алышат.

«Ат аттан калса туягын кес» дегендей Ороздун айылдаштары, аны туурап учурмалап үй салып, алма-өрүк тигип, жаңыча жашоого бет алышкан.

Мария менен Андрейдин келерин уккан кыздар үйлөрүн irettеп жатышты. Алар урунган оокаттарынын кудум Мария Павловнаныкына окшоп, жаркырап өз-өз ордунда туруусун каалашат.

Столдун үстү дүйүм жер-жемишке толгон. Булардын бардыгы алардын өз огородунун быйылкы жылкы түшүмүнөн болучу.

Баятадан Ороздун короо-жайынын сарамжалын, шагы мөмөдөн бошогон бак-шагын көрүп олтурган айылдаш аял таңдайын такылдатып, суктана карайт. Атайылап келген нерсесин суроодон батына албай буйдалат. Огород жактан чоң чака алма көтөрүп чыккан Айсалкын аялга жүгүнүп койду.

– Теңир жалгасын, балам. Ботом дагы эле үзүлө элек алмаңар барбы?

– Жок жеңе, эчак эле үзүп алганбыз. Арасынан сакталууга жарабай турганын өзүнчө бөлүп койгонбуз. Силердин келатканыңарды көрүп сала келдим. Алгыла, жесеңер.

Аял алмага кол узатып жатып сүйлөдү:

– Мужуктун эле өзү болуп баратасыңар. Тоба, турган турмушуңар, жасаган оокатыңардын бакиси эле кадим эле мужуктуку. Бизге окшоп базардан бирдеме сатып алганды билбейсиңер. «Базары жакын байыбайт» дегендей көк-сөккө да оңой акча кетпейт экен.

Айсалкындын тигил аял менен маектешүүгө убактысы болбосо да көптөн бери сурайм деп сурай албай жүргөн бир нерсе эсине кылт этти.

– Баса уулуңар баякы жылы эле Андрейге көчөт саттырып алып олтургузуп жүрбөдү беле?

– А-а арман күн, бакты да бакса бак болучудай.

– Тегерегин бекитебиз деп эле беките албай коюшпадыбы. Ачык турган немени бала-чака сындырып, ары-бери өткөн малдар кемирип-кесип жок кылган эчак. «Саанынды камдабай сабаңды камда» деп туура айткан тура. Бак тигип убайын көрөм деген киши силерге окшоп тегерегин бекитиш керек экен. Бир мужук келип Оroздун огородунун тегерегин бекитип кашаа кармап жатат деп угуп: «А байкуш, күрүч айдагансыган тили буруу эмеспи, картөшкөсүн кыргыздар уурдайт» деп ошентип жатса керек деп күңкүл кылганбыз. Көрсө, силерге түбөлүк мекен куруп бермекке ошенткен тура бечара.

– Ооба, дегеле укмуштай бекемделип бышык согулган кашаа эмес беле. Тим койсо тура бермек. Андан кийин тор деген бирдеме чыкпадыбы. Тордун бир жакшы жери күндүн нурун тоспойт тура.

Ал чакадагы алмаларды башка табакка үйүп салып, тигил аялдын жанына койду.

– Ала кетиңиз балдарга.– Айсалкын огороддун ичинде агып жаткан сууга колун жууп жаткан Зарипага карады. – Ой бала, үйдө от күйүп жатабы?

– Күйүп жатат. Үстүнө дагы отундан салып койдум.

– Силердики экөө тең орус меш да, ээ. Баарынан үч-төрт көөмүттү бир жылыткан жанакы тамдын бою менен тең салынган чоң кара мешиңерге кол коюп жүрөм. Ботом бир маал жаккан боюнча мелмилдеп күнү-түнү суубай турат деген эмне. Тамак жа-

саган кирпич мешиңер да эки-үч үйдү жылытат. Биз жаккан темир мештер айласыздын оокаты тура. От күйсө ысып, от өчсө кошо муздайт.

– Эне, карачы Зарипаңды, эчак жасап даярдап койгон столдун үстүн бузуп, дасторконду болбой жерге салып жатат. – Азипа үйдөн жүгүрүп чыкты.

– Ал эмнеси өз билгенин жасап. Бери мага чакырып койчу.

– Конок чакыргансыңар го, – деди Азипаны ээрчий караган аял.

– Жо, конок эмес эле Мария менен Андрей. Ороз ириктерин этке өткөрбөдү беле. Башкарма козу ал деп жатыптыр. Көчүп калабызбы деп...

– Андрейдин аялы дагы эле бала окутабы?

– Окутпай анан. Биздин эки кыз Мария иштеген мектептен окуп жатышпайбы.

– Орусчабы?

– Ии, орусча окушат, жеңе.

– Алиги Андрей иштеген зоотто кыргыз да иштейт бекен?

– Кыргыз дейсиз да, он төрт, он беш улуттун улан-кыздары эмгектенишет экен анда.

– Куда-ай, кагылайын, ушул биздин алакандай шаарда ушунчалык көп улут бар бекен? Менин жаман оюмда ногой, өзбек, орустар эле жашайт деп жүрбөйүмбү. Дагы кандай улут бар экен шумдук.

– Э катыгүн силер экөөбүз кайсы улутту билебиз. Бир эле арманым, жеңе, ушул Андрейдин өнөрүн алып кала турган эркек балам болбоду, кайсыны айтайын.

– Андрей ошондой чоң уста экен ээ адам.

– И-и, чоң уста үчүн орден менен сыйланбадыбы.

– Бечара, аман болсун орус болсо да. Өкмөттүкүн да, өзгөнүкүн да өз оокатындай жүрөгү менен иштеген ак эдил неме тура. Силерди бир тууганындай көрүп туу кылат окшобойбу.

– Биз дагы аларды ошончолук сыйлайбыз, жеңе. Бир туугандан айырмабыз болбой калбадыбы.

– Билебиз. «Аларсыз Ороз менен Айсалкындын күнү жок», – деп айтып жүрүшпөйбү. Жарты буудай тапсаңар жара бөлүп жейсиңер.

Зарипа үйдөн атып чыкты.

– Эне, Мария Павловна менен Андрей Иванович келатат.

– Кокуй, коногуңар да келип калды, кетейин.

– Жөн эле келдиңер беле?

Аял алиги Айсалкын берген алмаларды табагы менен көтөрүп чыгуудан бөтөн кишилерден жазгандыбы, чөнтөктөрүнө бөлүп сала баштады.

– Балдар тамак жасайбыз дешсе, пияздары түгөнүп калыптыр.

– Э жарыктык, бая эле айтпайсыңарбы анан. Толуп жатат сарымсак менен пияз. Ай, Азипа, чоң энеңе пияз алып чыгып берчи.

Аял ордунан турду. Жаңы кирген Мария менен Айсалкындын кучакташып ооздорунан өбүшүп учурашканын көргөн кары: «Э, тоба, орус менен да ооздон өбүшөт экен ээ кокуй. Булардын арамадалы аралашып бүткөн немелер го», – деп ойлоп ичиркене түштү. Аңгыча нары жактан шайдоот баскан Ороз көрүндү.

– Кандай, Макиш, ден соолук жакшыбы?

Андрей Орозго көзүн кысып, беш манчасын көрсөтүп койду.

– Ылайым ошондой болсун. Айсалкын, сен эмне болуп калгансың. Үйгө киргизбейсиңби. Мария экөөң сөздү кийин сүйлөшсөңөр да жетишесиңер.

Андрей Мариянын сумкасынан жаңы кайрак алып, сарайдын ички бурчунда турган темир-терсек салынуучу жыгач көмүркөйгө салып, кол жуугучка колун чайкап сүртүндү да, ачык турган калиткадан мойнун созуп, огород жакты карап койду. Анан жанында өзүн күтүп турган Ороз экөө эрчише басып, Мария менен Айсалкындын артынан кирипти. Андрей эки колун бөйрөккө алып, терең дем алып токтоду:

– Ороз, мен сага бирдеме айтайынбы?

– Айт.

– Сүйүнчү бересеңби?

– Берейин.

– Биз жакында балалуу болобуз.

– Балалуу болобуз?! Чын айтасыңбы? Болсун, болсун!

– Силерди канча калп айтып жалкыттым эле. Мага ишенбесеңер Мариянын өзүнөн сурап көргүлөчү.

Айсалкындын көздөрү тептегерек болуп жайнай түштү. Анан катарында олтурган Марияны имере кучактады.

– Ой, Макиш, ушунчалык ичиң бек экен ээ. Бая күнү келгенде эмне үчүн айткан жок элең. Жакшы болгон тура. – Айсалкын курбусунун көздөрүнөн өөп-өөп алды. – Санаамда бирдеме төрөп алса деп жүрчү элем. Кагылайын, курбалым, кубанычыңарга ортоктошмун. Дене-башың жайылып калганынан эт кармап толоюн деп баратабы деп ойлогом.

Аял чиедей кызара түшүп, жарк этти.

– Кош бойлуу экениме өзүм деле ишене берген эмесмин. Бүгүн догдурга текшерилейин деп барсам...

– Ороз бая күнү силердикине барганда качан барсам эле Мария уктап жатат деп келди. Эч нерсе оюмда жок эле, бош болсо уктабайбы деп койгонмун. Көрсө...

Айсалкын катарында көздөрүн бактылуу балбылдатып тамылжый тартып олтурган Мариянын тула боюна, анан жүзүнө кыраакы көз чаптыра карап туруп, минтип кошумчалады:

– Айтты, койду дебегин эркек төрөйсүң, Макиш. Эмитеден эле келбеттүү болуп, сыныңа чыгып, жүзүң субагай тартып жукарып мурункудан да чырайлуу болуп баратыпсың.

– Рахмат, Айсалкын. Эркек болобу, кыз болобу иши кылып бала болсо болду бизге.

Андрей ар жактан жаздык алып төргө тайраңдап жата кетти.

– Жерге олтурганда денем толук эс алып жыргай түшөм да. Мен Машага качантан бери алиги кичинекей бөлмөнү кыргызча жасап кой деп айтам. Жалкоо. Мойну жар бербейт. «Макул» дейт, эчтеке жок. Мектепте окуп жүргөндө балдар менен барып чогулуп сабак даярдашар элек. Стол, стул дегенди тышкы кыргыздар анда биле элек кез. Баарыбыз жерге боортоктоп үстөмөнүбүздөн түшүп алып жазуубузду жазып, окуубузду окуучубуз. Чүкө менен чикиттин жаагын айырчубуз. Чынын айтыш керек, чырыраак болучумун.

– Ошол бала кездеги кежирлигиң дагы эле кала элек сенин. Кээде жумуштан келгенде, тим эле жалгыз өзү ойду омкоруп, тоону томкоруп келгенсип, көзүнө эмне көрүнсө ошону полго жаая салып жата кетет. Анын жерге салына турган нерсеби, салынбай турган немеби, карабайт.

– Шашпа, Андрей, шырдагыңардын аз гана жери калды. Сага тезирээк үй жасап бербесек болбойт экен. Мария мага алда небак эле айткан болучу. Такай олтура албай жатпайымбы.

Аял сумкасынан халатын алып көйнөгүнүн сыртынан кийип жатып, күйөөсүн көзүнүн кыйыгы менен карап койду.

– Жерге олтурганды жакшы көрөм деп эле кечке тайраңдай бербей, дасторконго карабайсыңбы?

– Кызык, кандай эле менин жаткан-турганым жакпай калган сага. Бүгүн менин кубанычымдын канча экенин билип жатасыңбы? Ошон үчүн көзүңдү бакырайтпай эле кой.

– Кубанычың кут болсун, – деди Ороз бычак менен бүлөнү Андрейге сунуп. – Сүйүнчүңө кашка кунаажынды бердим. Балага

сүт алат элек деп идиш көтөрүп чуркап жүрмөк белеңер. Жайкысын бадага кошуп агын ичсеңер, кышкысын өзүм багып берем.

Андрей ордунан туруп бычак менен бүлөнү колуна алды.

– Сүйүнчү менен көрүндүк Мария төрөгөндө чогуу болсун.

– Жок, ар нерсенин өз учуру жакшы. Буюрса орус менен кыргызды чогултуп жентекти өзүм берет эмесминби. Ошондо журт Андрейдин досун көрүп алсын. – Айсалкын бырс күлдү:

– Ой кудай ай, бул жентек берип өзүн тааныткан аткан тура. Демиңди ичиңе ала тур. Кара туяк карынга жатмак беле. Аман-эсен эки колун бооруна алып алса, жентексиз калбас.

Төрөлө элек балага бирдеме, ардеме камдап, энчи энчилегенди Айсалкын жаман көрүчү. Булар ушинтип жатканда буусун буркуратып, сары самоорду көтөрүп келип, жерде турган чоң жалпак табактын үстүнө койгон Азипа олтургандарды кыдырата тиктеп туруп, энесинин далысына алаканын коюп, бирдемени шыбырап калды.

– Кызың менен азыр көрүшүп жаткансып жытташып калбай бери карабайсыңбы, – алдындагы стаканды алып жогору көтөрдү Ороз. – Анда эмесе ушул стаканды келечекте биринчи жолу эне болгону олтурган Мария Павловнанын ден соолугу үчүн алып коёлу.

– Алалы, Ороз. Мен бул күндү көптөн бери күтүп келгемин да. Кырктын кырына чапчый берип араң ата болгону олтурам. Көрсө, кубанычтын эрте-кечи жок турбайбы.

Экөө тамчысын калтырбай көңтөрүп салышты... Чай ортолоп калган кезде Андрей бир нерсени эстей койгонсуп, капысынан Орозду тизеге чаап, оор улутунду:

– Баса, бизде бир жакшы карыябыз ооруп жатат.

– Карыя болгондо канчада? – Ороз мостоё түштү.

– Алтымыш төрттө. Келеркиде пенсияга узамак. Түн ичинде тышка чыгып баратып коридордон жыгылган экен. Ошол жерден эле эсин жоготуп, тили сүйлөбөй калыптыр. Эгер ушул бойдон баш көтөрбөй көз жумса... – Андрей башын чайкады. – Баштаган ишинин аягына чыкпай калды. Келечекке максаттуу жашаган адамдардын ойлогон оюна жетпей, баштаган ишин бүтпөй өлүп кетишинен өкүнүчтүү эмне бар. Ушул кишиден кийин эл үчүн эмгек кылып жатабыз деп бекер эле ооз көптүрөт экенбиз деп ойлоп калдым.

Олтургандар жигиттин оозун аңкая тиктеп калышты. Андрей аялына бурулду.

– Сен ал кишини көргөнсүң, Мария. Ал эмес биздикинде эки-үч курдай болгон. Эсиңдеби, баякы Ороздун огородун бекиткени келген. Өзү завод курулгандан бери иштөөчү. Эски коммунист болучу. Кезинде ыктыярдуу отрядда кызмат өтөгөн адам. Уктуң беле ал кишинин Субан деген бир кыргыз жигит жөнүндө айтканын.

– Ооба, ооба. Билем ал карыяны.

– Субан кыргыз го?! Эмне болгон жигит экен ал?

– Уезддин начальнигинин үйүндө иштеп жүргөн бала болчу дейт. Кийин бой жеткенде ошол Ивановдун Тамара деген кызы экөө бирин бири сүйүп калат. Кыз кедейлер жагын жактап, Субан менен ыктыярдуу отрядга кирип кетет. Ошол күндөн эки жаштын сары изине чөп салган уезддин начальниги өз кызын да, анын күйөөсү Субанды да мыкаачылык менен кыйнап өлтүрөт. Кайран Матвей Терентьевич, Субан менен Тамараны айтканда ыйлап жиберүүчү эле. «Ошолорго эстелик тургузам» деп тоону тоо дебей, ойду ой дебей кыдырып жүрүп, жакында эле гранит ташын таап келиптир. Аның да тим эле атайылап жасагандай муздай болгон жылма таш экен. Тээ Каракол суусунун шар аккан жеринен алып чыгыптыр. Көрсө, эчен кылым сууда жатып жедеп жылмаланып бүткөн окшобойбу. Бийиктиги адам бою менен тең келип, калыңдыгы карыш. Качандыр бир кезде өлүп жок болгон адамдар үчүн камкордук көрүп «эстелик тургузам» деп жанын жанга уруп жүргөн адамдын өз өмүрү минтип орто жолдо жатат. Бүгүн да барбай калдым. Абалын сурап туруш керек эле. Да-а, кезинде Ата Мекенге алтын түркүк болуп, оор жүктү нардай көтөрүшкөн адам эле. Бир жаман жери көпкө жатып калуучудай. Көргөндөр ушинтип айтып жатышат.

Ороз уккан кулагына ишенбегендей делдейип туруп минтти:

– Эч кимдин эсине келбеген иш экен. Бир тууган, кыйышпас жолдоштор деп мына ушуларды айтыш керек. – Ороз тамашага чала сүйлөдү. – Мен Андрейден ашкан жакшы орус жер жүзүндө жок деп жүрсөм, жарык дүйнөдө адамдар көп окшобойбу, ыя Айсалкын.

Андрейдин күлкүсүнөн терезенин тышкы капкагынын кырында таранып олтурган топ бактек пы-ы-р учушту.

– Ха-ха-ха. Сенин досуң орустардын ичинен чыккан сасыткысы экенин биле элексиңби? Уядан учкандын баары эле шумкар боло бербейт да.

– Сасыткысы сен болсоң, жакшылары кандай болду экен, ыя?

Ооз учунан тигил-бул деп тамашалашканы менен бардыгынын көңүлүндө кандайдыр Матвейди аёо, өкүнүү сезими байкалып турду. Уу-дуу басылып үйдүн ичи тымтырс боло түштү. Алар бул кезде бирде карыянын бычактын мизинде турган өмүрү, бүтпөй калган иши жөнүндө, бирде уезддин начальниги Иванов менен ак жеринен мыкаачылык менен өлтүрүлгөн эки жаш жөнүндө ойлонуп, санаалары сандап, алда кайда чабыттап жатты...

– Ушундай, досум. «Урушта туруш жок» дегендей туралы. – Ал дасторкондун четинде турган бычактардын улам биринин мизин колу менен аста сыдырып көрдү.

Тыштан бригадир киргенде Андрей эки жеңин каруусуна чейин түрүп салып, бактын бир жак четинде азыр эле союп бүткөн козунун этин жиликтеп жаткан. Тигил киши орус жигитинин кыймылынан көз албай карап турган калыбында суктана сүйлөдү:

– Баракелде, мыкты экенсиң, Андрей. Аман бол. Аа, Мария да мында беле. – Ар жактан эки колун кызыл ала кылып бир неме менен убараланып жаткан аялга көңүл бура карады. – Колуктуң да бош келбейт го, ыя?

– Кайдан бош келет. Өзүмдүн жакшы көргөн тамагымды жасаймын деп быжы куюп жатпайбы.

– «Кызы кыргоол, уулу улар жулуп, байбиче баладай камыр жууруп, бай баш куйкалап жатыптыр» деген ушул. Пай-пай-пай, «ынтымак бар жерде ырыс бар» деп бекер айтылбаптыр да. Бир кезде орустун төбөсү көрүнсө кыргыз, кыргыздын төбөсү көрүнсө орус коркуучу эле. Партия менен Өкмөттөн айланса болот. Минтип эки элдин башын бириктирип бир тууган кылды.

Андрей көзүнө түшүп кеткен чачын кайра силкип, оң билеги менен чеке терин жанып алды.

– Элдин түркөйлүгү ошол да, баатыр. Улуту башка болсо эле бирин бири душман деп билген. Бирок менин ата-энем жеринен эле кыргыздар менен алышман-чалышман болуп аралаш жашаптыр. Раматылык атам кыргыздарга кыл жугузуучу эмес. «Көңүлүндө арамдык жок, жайыл дасторкон эл, – деп калуучу кыргыздарды.– Мен бул элдин малы эмес, кадырына сатылып кеттим, – дечү. – Көкүстан көзүм өтүп кетсе, кыргыз агайындан кол үзбө, балам», – деп мага эскертип калуучу. Ошон үчүн Ороз экөөбүз бир туугандыгыбызды да, достугубузду да артыбыздан өсүп келе жаткан жаштарга, бала-чакага калтырып кетели. Биз өңдөнүп ирегеси ирегесинен бөлүнбөй «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» жүрүшсүн деп, чоң тилекте жүрөбүз, жолдош бригадир.

Тигил киши Андрейдин сөзүн кунт коюп угуп турган. Анан тамашага чала бажактады.

– Сен кадим эле Ильичче сүйлөп жатасыңбы дейм, Андрей.

Жигит чочуп кетти.

– Ильичче?! Кой-кой, өтө эле аша чаап баратасың.

– Эмнеси аша чапкандык. Партия бизди Ленинче иштеп, Ленинче жашоого чакырып жатпайбы.

– Туура, Ленинче иштеп, Ленинче жашоо керек. Бирок биз ошого татыктуу боло алганы турабызбы?!

– Сенин салт-санааң менимче Ильичтин идеясына туура келет.

– Койчу, тууган, башка сөздөн сүйлөшөлүчү.

– Мисалы, мына сен аялың экөөң тең түшүнүктүү адамсыңар. Минтип Ороз менен бир туугандай болуп жүрөсүңөр. «Жакшы ниет, жарым ырыс» деген эле ушул да. Улут бөлүшүп, «сен кыргыз, мен орус» деп олтурсаңар мындай болбойт эле да. Демек, партия бизден ушундай болууну талап кылат. Мен да түшүнөм бирдемени.

Андрей бригадирге көңүл бура карады.

– Болуптур, башка сөзгө өтөйүн. Мен атайы эле сенин келгениңди угуп бастырып келдим, Андрей. Жаз алды менен үй салайын деген тилегим бар. Бир үйгө жеткендей карагайга кагаз алдым. Кар кандай түшсө, ошондой тарта баштайм. Бирок тилиши кандай болорун билбейм. Канча тактай кетет, ыя?

– Чоң үй саласыңбы?

– Ороздун үйүндөй болсо дедим эле.

– Сага жагабы?

– Жагабы дейсиң да. Айылдын көркүн ачкан Ороздун ушул тамы. Анан деле заңкайып бийик салынган экен. Адамдын көз жоосун алыстан алат. Мария экөөң болбогондо Ороз баякы эле Ороз бойдон жүрмөк бизге окшоп. Туурабы, Айсалкын?

– Туура, туура. Туура сөздү туура деш керек. Калган сөздү үйгө кирип сүйлөшкүлөчү, үшүп кеттиңер.

– Киребиз аяш, үшүгөн деле жокпуз.

Ар жактан колуна куйкалаган башты кармап келаткан үй ээси бригадирге карап бажырайып күлүп койду:

– Сенин үй салам деп камынганың качан. Былтыр эле ушул үйдө Андрей менен эмне деп сүйлөшкөнүңдү билесиңби? «Колумдан келишинче жардам берем», – деп ошондо эле айткан. Эми дагы...

Бригадир мөмөсүнөн ажырап шопоюп калган бактарга карап туруп башын чайкады:

– Быйыл алмаңар шагын көтөрө албай укмуш байлады эле, эмне кылдыңар анын баарын? «Көз акың бар эле, бир алма ооз тийчи» дегенге да жарабайсыңар.

– Э кудай, алма эле кимдин эсинде туруптур. Алма жесең толуп жатат. Үйгө киргилечи үшүбөй.

– Жок, кетем.

– Тамак ичип кеткиле.

– Келсем кийин келермин, келбесем жок.

Ар жакта кол жуугучка жаңы эле колун жууганы барган Мария Андрейге бурула карады.

– Андрюша! Кызыксың да, тигини-муну айтып алаксытпай бригадирге ачык жооп бербейсиңби. Же сенин оозуңду тиктеп олтура береби.

Колунун суусун силке берип Андрей аялына карады:

– Көрсөтүп бер дешет, көрсөтүп берем. Айтып бер дешет, айтып берем. Азыр үй салганды кыргыздар орустан кыйын билип баратышат. Согуштан бери эле канча киши тамдуу болушту. «Ороздун үйүндөй үй салабыз» деп коюшат да, кайра айнышат. «Жумушу көп экен, күчүбүз жетпейт» дешет. Жыгач деген жыгач. Бардыгын ылайыгы менен эп кыйыштырыш керек. А кирпичти болсо тизет. Мындай айтканда колду байлай турган дагы бир жумушу подвалы. Анысы өзүнчө эле үй да. Керек болсо адам жашоого да болот. Бул Ленинграддын чет жакаларында согуштан кийин курулган, мыкты деген үйлөрдүн биринин формасында салынган. Обол мурун материалдарыңды толуктачы. Мен билгенимди эч кимден аяна элекмин.

– Аябайсың. Бирок мен адамды зарылтканды өлгөндөй жек көрөм. Тигил кишинин келгени качан?

Андрей бактын бутагында илинип турган сүлгүрдү алып колун сүрткөн калыбында бригадирдин жанына басып келди.

– Сен жыгачтан эмес, кирпичтен салам деп жатпайсыңбы. Жаз келсин. Шашпа, тууган. Бардыгы даяр болду дегенде айт мага. Дароо үй сала турган мыкты жигиттерден таап колуңа салып берейин.

– Оруспу? – деди бригадир кабагы серпиле. Андрей күлдү.

– Орустан башкага ишенбейсиңби?

– Орустар билет да үй салганды. Мен өзүңдү жетекчи болуп берсе деген элем. Бошобойсуң да. Мейли. Иши кылып үйүм Ороздун үйүндөй болсо эле болду.

– Ой, кокуй о-о-й, тим эле азыр салып жиберүүчүдөн бетер. Убагында айтпайсыңбы андай сөздү. – Ороз ийни менен дем алып алды. – Ушундай эзмесиң да анан.

– Жардамдашабыз, бизден кам санабаңыз. Өлбөй тирүү болсок болор бирдеме...

* * *

Боз үйдүн коломтосунда чала күйгөн кой көңүнүн көк түтүнү бырыксып, кыйшык жабылган эшик жабуунун ачыгынан кирген шамалга туруштук бере албай төрдү көздөй уюлгуйт.

– Ай сенин кылганың ай. Ак жайдын күнү түтөтүп от жакпай эле койсоң го. «Тамдан акактап ысып кеттим» – деп боз үйгө чыкканча шаштың эле, эми кайра от жагып. Айтор, сага ысык да жакпады, суук да жакпады, – деди Ороз артынан ээрчий кирген аялына.

Чакадагы жаңы саалган сүттү чыгдан тарапка коюп, байына бурула карады аял:

– Капырай де. Эшикте шамал от күйгүзбөй үйгү-түйгү түшүрүп жатса, үйгө жакпаганда, койнума жагайынбы. Тигил аксак боз токтуну эмне кылдың? Көрүнбөй эле калыптыр,

– Туягын тазалап, көк таш сээп койлорго кошуп, короого киргизип жибердим. Кечээкиден жакшы болуп калыптыр. Түндө, жалгызсырады окшойт, таң атканча маарап кулак-мээни жеп чыкты.

Аял тулганы оңдоп, казанды асып, сүттү чыпкалап куя берип, төрдө жаңы эле кыйшая калган эрине кайра сүйлөдү:

– Деги терезелерди жакшы бекиттиңби?

– Бекиттим.

– Ай таң, «бекиттим, бекиттим эле» дейсиң. Айнектерин бала-чака чагып кетпегендей болсо эле болду.

– Мындан карый түшкөндө кантээр экенсиң, айтор, көп сүйлөөчү болуп баратасың.

– Капырай де. Бардыгы ойдогудай болуп турса ким эле ашык сүйлөгөндү жакшы көрсүн. Сенин башка жасаганың эмес, балка кармаганыңды көрсөм жүрөгүм шуу дейт. Эчтекеге эбиң жок. Андрей болбогондо көрөр элем.

Дулуюп көзүнүн төбөсү менен аялын бир чолуй карап алган Ороз болор-болос башын чайкап койду. Бул анын жактырбагандагысы болучу. А Айсалкын болсо, күйөөсүн карабаган калыбында сүйлөй берди:

– Капырай, Мариянын кабары да угулбай койду. Кыздар да байланып калышты келбей. Андрей шайтан арабасы менен жетип келе койчу эле, колу ошондой эле бошобой жатабы. Келинчегин төрөт үйүнө жеткиргени бир жумага жакындап баратат. «Өзүм сүйүнчүлөмөйүнчө жата бергиле», – деп коюп, бул эмне кылганы?! Же толгоосу жанып кеттиби? Тобо, аман-эсен эки колун бооруна алса, тымызын жатпайт эле го. Же Андрей өзү ооруп калдыбы? Деги ким-кимиси болсо да, аман болсо экен. Же баякы Матвей абышка тоголонуп кетип, ошол жакта жүрөбү? Бая күнү эле «болбой калды» деп жатпады беле? Бир жыл төшөктө турбай жатат деген оңойбу. Ой, жараткан ай, ошондой дарттан сактай көр.

Мурда эле Андрейдин кабарсыз жатканын ойлоп, ичинен санааркап олтурган Ороз коломтодон көз албай үнсүз. Эринен сөз болбогондон кийин аялы да унчукпай калды. Ал ордунан көңүлсүз туруп керегеде илинип турган фонарды алып, шишесин тазалап ширеңке тартты. Муну өткөн жылы Мария сатып келген болучу. Айсалкын текши балбылдап күйө баштаган фонарды бир демге тиктеп туруп, майы барбы, жокпу дегенсип колуна алып чайкап койду.

– Эмне, майы калбаптырбы?

– Аз экен. Алып койгон кересин майды да жеткирип алалбайбыз. Колубуз менен жасап алгансып кичине эле бирдеме болсо: «Андрей, Мария», – деп карап туруучу болдук. – Айсалкын өзүнөн өзү туталанып, өзүнөн өзү Орозго тийишип кычык сүйлөй берди. – Кечээтен бери сенден башка неме болсо, бастырып барып кабар алып келет болучу. Андрей ишин иштейби, Марияга барабы же сен экөөбүзгө келип кабар айтабы. Жалгыз жаны кайсы бирине жетет. Өңгөнүн жакшылыгын унутсак да, булардын жакшылыгын унута турган эмеспиз. «Эшектин күчү адал, сүтү арам» деген ушул. Бизди да киши деп...

Ороз жаткан жеринен башын көтөрө берип, аялына жаалдана карады:

– Капырай, кантээр экен деп унчукпай койсо, сайрайсың да сайрайсың. Жаагын бөлө чаба турган неме экен. «Келип убара болбогула. Мария төрөсө, өзүм кабар айтам», – деп сен экөөбүздүн көзүбүзчө айтпады беле барганыбызда. Мага караганда бошсуң, сен деле барып ал-абалын билип келсең болмок.

– Канча күндөн бери мына бул үзүк-туурдук менен убарамын жамап жазгап. Бош деген кишиң мен болсом...

– Анда сүйлөбө мага...

Булар ушинтип өздөрүнөн өздөрү капа болуп, биринин сөзүн бири жөнөтпөй кыжылдашып жатканда төмөнкү тараптан кандайдыр бирөөлөрдүн чыңырган үндөрү селт эттирди. Жолборс менен Алгыр да ошол тарапты көздөй арсылдап куба жөнөштү. Ороз менен Айсалкын жаактары жап болуп селейип калышты.

– Кыздардын үнү экен. Ырдап келатышабы же ыйлап келатышабы, чунактар. – Ороз ордунан ыргып туруп эшикти көздөй атылды. Анын артынан Айсалкын чыкты.

– Кокуй, кокуй, булар соо эмес, бир шумдугу бар го катыгүн. Караңгыда карайлап эмнеге келатышат? – Айсалкындын бутунан жан кетип, шилтемге келбей калтырай баштады. Анын көөдөнүн «кокус Марипа күйөөгө качып кетип жүрбөсүн» деген ой чагылгандай аралап өттү.

Ороз алыстан сүйлөдү:

– Эмне болуп кетти? Тынччылыкпы, ой айланайындар?

– Марипа кана? –Айсалкын мууна сүйлөдү.

– Эмнеге барбайсыңар? Өлүп калбадыбы? – Зарипа ый аралаш өпкөсүн какты.

– Эмне дейт булар? Ким өлүп калды? Марипабы? – Айсалкын Зарипаны эки каруудан кармап силкилдетти.

– Ким дейт? – Үнү калтырады Ороздун.

– Ой билбей жатасыңарбы, Мария Павловна өлүп калды.

– Ок! Оозуңа таш! – Айсалкын кызын түртүп жиберип, алаканын шак койду. – Кокуй, кокуй, эмне дейт бул албарстылар.

– Атаңдын көрү ай, шордуунун шору каткан турбайбы. Эми эмне айла болучу. Силерге ким айтты? Балким, башка бирөөнү жаңылыш угуп албагыла?

Мариянын өлгөнүнө али да болсо ишенкиребей турган эрдикатын кыздары үйгө кирер-кирбестен эле суроонун үстүнө суроолорду жаадырып жатышты.

– Өпкөлөбөй жакшылап түшүндүргүлөчү кандай болгонун? Мен Марияны өлдү дегениңерге ишенбей турам. Кантип эле, ыя?

– Чын эне. Бизди Марипа эжем ээрчитип барган. Алып барган тамагыбызды догдурлар албай коюшту. Анан Марипа эжем билип чыгайын деп башка жагынан кирип, сойгону жатыптыр деп чыкты.

– Андрей бар бекен ал жерде?

– Бар экен. Операцияга өзү катышыптыр.

– Апарасия деген эмнеси? – Айсалкын жүрөгү болк дей түштү.

– Сойгончу?

– Мариянын жамандыгын Андрейдин өз оозунан уктуңарбы? Же?
– Эмне жамандыгын? Кызык. Ушундай да суроо болобу?
– Эй, макоолор, мен жамандыгы деп өлгөнүн айтып жатам.
– А-а. Биз тышта күтүп тургандбыз. Анан Андрей Иванович аябай ыйлап чыкты. Марий Павловнанын өлгөнүн ошондо билдик.
– Эне, соёру менен эле өлүп калыптыр. – Зарипа мурдун шуу тартты.
– Э кокуй, катыгүн, боюнда бар немени соёт деген эмнеси. Ажалдан мурда эле киши колдуу болуп бычактан өлгөн неме тура.
– Энеке, баласы эркек экен.
– Тирүү бекен?
– Типтирүү. Билесиңерби, балалуу болдум деп Андрей Иванович такыр сүйүнгөн жок ээ, Зарипа. – Азипа быдылдап сүйлөп баратып энесинин көз жашын көрүп мукактана түштү.
– Иё, баласы менен мамыран калсынчы. Жарык дүйнөгө келбей жатып энесин жуткан куу тумшук дебейсиңби. Мариянын ажалына бүткөн бала эмес эле балакет тура. Өмүрү кыска байкушум ай. Мындан артык да бактысыздык болобу, ээ, кудай. Эми кандай арга кылдык?

Кабагы карыш түшүп, эрдин кесе тиштеп тунжурап олтурган Ороз бир оокумда өз тизесин өзү муштап алып, канталаган көздөрү менен аялына карады:
– Болору болгондон кийин ыйладык не, ыйлабадык не. Баарыдан да Андрейге кыйын болбодубу.
– Андрей эмне болмок эле, катыгүн кудай. Кара жер кимди суутпаган. Эртең эле бирөөнү киргизип алса, бүттү. Мария эмес баласын эстээр бекен. Белгилүү го эркектердин сыры.
– Капырай, ошону да ойлоп жибердиңби? – Ороз башын чайкады. – Деги аялдар кыйын элесиңер.
– Анын эмнесине чычалай түштүң. Турмуш өзү көрсөтүп жатпайбы. Атаңдын көрү ий, мындай болорун билгенимде жөө болсо да кечээ барып келбейт белем. Өлүп кетет деген кимдин оюнда бар эле.
– Болду, кайрат кылыш керек. Мен айылга барып малга көз болуп тургандай киши алып келейин. Камынып тур...

* * *

Айсалкын менен Ороз мурда-кийин орустардын өлүгүнө келип көрө элек эле. Алар келгенде Андрейдин короосунан кирип-чыгып жаткан адамдар бараандуу болучу. Ороз менен Айсалкын Мария-

нын өлгөнүнө эми гана ишенгенсип жүрөктөрү сыздап, кулактары чуулдап чыкты. Чабандын чылбыр кармаган колу шалдырай түштү.

– Унчукпай эле сомсоюп кирип барабызбы? – деди Айсалкын Андрейдин үй жагын комсуна карап.

– Кошот белең? –Ар жактан өзүн көздөй келаткан караанды үлүрөйө тиктеген Ороз корс этти.

– Капырай күчөнөсүң да маган.

Аңгыча алиги сөлөкөт Ороздун жанына чукул келип токтоду.

– Орозсуңбу? Ырас болбодубу, азыр эле велосипед менен мени барып кел деп жатты эле Андрей.

– Бетросуңбу? – Ороз Петр Ильичти дароо тааныды. Мууну бошой түштү. Үнү каргылданып, доошу титиреп чыкты. – Кыздардын айтканына ишене берген жок элек. Чын эле жаман иш болгон го, ыя?

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы? Ажал деген ушундай таш боор неме тура. Аялына күйгөн көп эле эркекти көрдүм эле. Бирок Андрейдейди көрө элек элем. Көз жашын тыя элек. Болуп калды эми эле.

– О-о, катыгүн, жалгыз эле Андрей дейсиңби, жакшы санаалаштарынын баарын отко салып кетти го бул Мария...

– Катуу айтып, какыс-кукус кылбасаңар, досуңардын абалы начар. Атайы ушуларды айтайын деп тосмолоп турдум эле силерди. Башканы укпаса да сени угар дейм ыя, Ороз?

Айсалкын көз жашын сүрттү:

– Ыйласын. Күйсүн. Көп болсо бир-эки күн. Андрейге ошончолук кадыр-сыйы өткөн жок беле. Андай асылзат кемде кем жаралат, Бетро.

Ороз менен Айсалкын короого киргенде Андрей өзү менен бирге иштеген жолдошторунун ортосунда турган болучу. Досу менен аяшын көрүп жаш балача өңгүрөп коё берди.

– Талаада калдым, Ороз. Ырысымды жеп, асылымдан ажырап коколой болуп калдым. Ой кокуй, ушундай күнгө калтырып кетмек турбайбы мени.

– Кайрат кыл. Сен эмес биз күйүп олтурабыз. Өзү эмес Мариянын бир тал чачын жерге жаткырчу келин беле. Эми өзүңө, жубайыңдан калган уулуңа кудай өмүр берсин.

– Ой, уул деп, мага өмүр тилеп. Андан көрө Мариядан калбай кошо жөнө дебейсиңерби? Билсең мен жалгыз Мария үчүн согуштан өлбөй тирүү келгемин. О-о ансыз мага жашоо канчалык оор болорун бир гана өзүм билем. Муну силер жакшы түшүнөсүңөр.

– Сөөгүн бериштиби?

– Алып келдик. Үйдө уктап жатат эч нерсени сезбей түбөлүк. Киргиле.

...Марияга жаңы кийим кийгизип, башына бир байлам ак жоолук салып, үстү ачык табытка жаткырып коюшкан. Капкара коюу каштары керилип, кирпиктери зымдай түзөлүп, катуу уйкуда жаткандан бетер дем тартпаган кыпчыйган таноосу, бир аз саргайыңкы тарткан ак жуумал жүзү Айсалкын менен Орозго тирүү кишидей сезилди. Айсалкындын көкүрөк ылдый төгүлгөн көз жашын көргөн адамдар бири-бирин карашып, эрди-катындан көз албай муңайым тиктешет. Дегинкисин айтканда бул элдин өлүктү күтүүсү экөөнө аябай жакты. Мариянын жанында бир топко тургандан кийин көз жашын сүртүп Айсалкын тышка чыкты. Ал тигил башка аялдарга караганда бул үйдө эмне бар, эмне жок эке-нин, кайсынысы кайда турарын жакшы билүүчү. Андрей менен сүйлөшүп, булардын өлүк коюудагы шартын толук билгенден кийин казан-аякка аралашып кетти...

* * *

Марияны коюп келгенден кийин кишилер тарай баштады. Айсалкын эл узагандан кийин үй ичин жыйыштырып, казан-аяктарын иреттешип, кеч күүгүмдө бошоду. Ачык турган бөлмөнүн эшигин кылчаңдай карап өтүп бараткан күйөөсүнө аялы минтти:

– Эки күндөн бери мал эмне болду. Андрейден руксат сура. Капа болбосо биз кайталы. Кыздар келип үй ичине каралашып, өсүмдүктөрүн сугарып, Андрейдин кир-пирин жууп берип кетип турушар. Айт Андрейге, биз өзүбүз да келип-кетип турабыз деп.

Ороз скамейкада башын жерге салып олтурган досунун жанына келип олтурду.

– Ыя, Андрей, сенден руксат болсо, биз кайтсак кантет? «Үйү башканын түйшүгү башка» деген ушул. Минтип сени жалгыз таштап кетүүгө камынып олтурабыз. Эртең-бүрсүгүндөн жайлоого көчмөк элек...

Жигит башын салмактуу көтөрүп, тунук асманга окшогон бажырайган көгүлтүр жаштуу көздөрүн Орозго кадады.

– Кетпегенде эмне кыласыңар. Ырахмат, досум. Абалымды болсо көрүп турасыңар. «Бала-бала» деп жүрүп Мариядан ажырадым. Мындай шартта балалуу болоюн деп тилеген жок элем. Бактысыз экенмин. Эми алиги шордуу баланын айласын эмне кылам? – Эчкирип ыйлады.

Бала жөнүндө Андрей айта электе эле эмне кыларын билбей өзү эле чайпалып турган Ороз досун жалт карады:

– Эмне кылам деген да сөз болобу. Багабыз. Врачтар кайсы күнү чыгараарын айтса, ошол күнү келип алып кетели. Сүт болсо бар. Айсалкын субай-салтаң. Сенин балаңды бакпаганда кимди багат. Канча жашка чыкканча багып бер десең биз даярбыз.

– Ошентесиңерби? –Андрей жандана түштү.

– Ошентпегенде талаага таштамак белек. Балаң багуусуз калбайт дечи. Менин кабыргамды кайыштырып турган сенсиң, Андрей. Айла жок. Кайрат кыл. Өзүңдү карма. Ишке барсаң алаксырсың. Бирок үйгө келгениңде кайгы-капаңды бөлүшүп, алаксыта турган бирди жарым адамдын болбогону жаман болуп турат. Же биз үйдө эмеспиз келип-кетишип турганыбызга. Келебиз дечи. Бирок жердин алыстыгы арганы кетирип турбайбы. Маркум Мария төгөрөгү төп келген жибектей созулган эстүү ургаачы эмес беле. Ынтымактуу туруучу элеңер. Гүлдөп турган чагында мезгилсиз кете берди.

Ортодо кайра баштан тынчтык өкүм сүрдү. Экөө тең унчугушпай калышты. Андрейдин ичин эңшерип, кабыргасын карыштырып турган экинчи күйүт бала болуп турду. Ал бир эле мезгилде алган жардан да, көрбөй жүрүп көргөн перзентинен да ажырап, кара башы каңгып жалгыз калаарын эстегенде өзүнөн өзү солкулдап кетти. Кулагы чуулдап, мээси кысылды. Көңүлү уйгу-туйгу түшүп, санаасы самандай сапырылып жатты. Анан аялынын өлөөр алдында айткан бир сөзү ага акыркы тапшырма сыяктуу кулагына кайра-кайра угула берди. «Эмне үчүн баланы Ороз менен Айсалкынга башы менен бергин деп айтты?» Өз суроосуна өзү жооп таба албай көңүлү буюгат. Өңү түктүйүп, айлана чыкыроон тартып, бүткөн бою чыйрыгып турганы менен ичи туз куйгандай ачышып, жүрөгүнүн башы от болуп жанып турду. «Жакшыдан калган жалгызым, сенден да ажыраганы турат окшойм го шордоп!..» Андрейдин күрөө тамырлары жарылып кетүүчүдөй көөп, тынымсыз лакылдап, жүрөгү жамандыктан жыт алгансып, опкоолжуй түшүп, түрсүл согуп жатты. «Чын эле өзүм бага албаймынбы? Балким, Мария билип айткандыр?!» Ою чачылат. Эмелеки ойлогон оюн, айтайын деген сөзүн бирөөгө жулдуруп жибергенсип унутуп, башы айланып барат. Канчалык акыл-эсин жыйнайын дегени менен өз башын өзү башкара албай турду. Жанында өзүн аяй карап, дагы эмне деп кайрат айтарын билбей суркуну качып тунуп олтурган Орозду жалт бир карап алып, көзүн кайра тартып кетти. «Азыр,

азыр досум, кичине шашпай коё турчу. Абалымды түшүнүп жатасың го. Сыягы кайгыга жеңдирип жибердим окшойт. Кайраттуумун дечү элем, көрсө күчүмдү да, кайратымды да, акыл-эсимди да Мария өзү менен копо ала кеткен окшобойбу. Ал байкуш сени да, Айсалкынды да бир тууганыңдай көрүүчү эмес беле. Мариянын айткан акыркы аманатын аткарбаска аргам болбой турат го. Ошон үчүн менин балам сенин балаң болуп калып жүрбөсүн. Бир аз ойлоноюнчу. Ал көңүлүндө Орозго ушинтип сүйлөп жатты. «Мен өлүп, Мария калганда эмне. Оо, анда баласы бала, үйү үй бойдон уясы бузулбай жашай бербейт беле. Бир бала эмес он бала болсо да, өз колу менен тарбиялап эрезеге жеткирет эле да. Каны катып, кызылы бата электе менчилеп тигил тоонун, бул тоонун башын ойлобойт да болучу. Ошон үчүн эл «эне мекен» деп айтышат тура. Эмне кылышым керек? Же эч кимге бербей өзүм баксам бекен? А кокус ажалдан мурда өлтүрүп алсамчы?» Андрей баласынын өлүмүн ойлогондо жүрөгү солк этип кетти. Ойдон башы ооруп, эрдин кесе тиштеп тунжурап турду...

– Ороз! – деди бир оокумдан кийин Андрей жер тиктеген калыбында кардыгып, – селолук Советке барып, баланы өзүңөргө каттатып, метрикасын жаздырып алгыла.

– Эмне үчүн өзүбүзгө? Бул кандай сөз болуп кетти?

– Алгыла! Бул балада эки дүйнөдө доом жок, Ороз. – Жигит көз жашын бет аарчысы менен сүрттү.

Айсалкын чебеленип коё берди.

– Кой, кой, Андрей, өз балаң өзүңө буюрсун. Көрбөй, бала деп зарлап жүрүп көргөн жалгыз перзентиң да. Аялыңдан да ажырап, балаңдан да ажырап, кудайга не жаздың эле! Эсиңди жыйып жакшылап ойлончу. Өлгөндүн үстүнө көмгөн болуп кандай күн, кандай жашоо болот?

Аялынын сөзүн жүйөөлүү көрүп турса да Андрейдин абалын ойлоп Ороздун кабыргасы кайышып, башы эңги-деңги болуп турду.

– Эмне мынчалык үрпөңдөйсүңөр? «Каны башка капыр» деп жийиркенип жатасыңарбы? – Андрей колундагы өчкөн махоркасын кайра күйгүзүп, бир катуу соруп, көк түтүндү ичине илеп тартып алып, кайра чыгарды.

Досунун ушул сөзүнөн кийин эрди-катындын тумандап турган көздөрү ачыла түштү. Айсалкындын эриниби, же ууртубу, айтор, бир жери дирт дей түштү.

– Ошондой жаман ой оюбузга келсе, Мариянын арбагы урбайбы. Биз сенин өзүңө карап жатабыз.

– Мага карабай эле койгула. Бала багып өстүрө турган алым турабы. Эшигинин алдына тууп таштап кеткен ата-жотосу белгисиз бөлөк-бөтөн бирөөнүн баласын деле балам деп багат тура. Ага караганда өз балаңар го.

Ороз ордунан тура калып, Андрейдин колун кош колдоп кармады.

– Сөз бүттү! Кийин ич оорулуу болбосоң эле болду. Сагынганда келип-кетип балаңды көрүп, өөп-жыттап турарсың.

Андрей башын ийкеди...

...Ошондон көп убакыт өтпөй Ороздор төрөт үйүнөн баланы алып чыгып кетишти. Элге жентек берип, атын Бактыбек коюшту. Ороз бата алдында ордунан туруп көпчүлүккө минтип кайрылды:

– Журт, силерден бата алдында өтүнө турган өтүнүчүм бар.

– Айт, айт. Кулагыбыз сенде, – деген үндөр дүрүлдөп кетти.

–Ак дасторкондун үстүндө олтурасыңар баарың. Атайы улуулап ак тилекке чакырдым силерди. Бизди чакырбайт деп таарынып-урунгандар болсо, айтарсыңар силердин атыңардан биз бардык деп. Буйрук деген ушундай тура. Ойдо жок жерден минтип Мария каза болуп, кызыл эт балапанын бала кылып багып алып олтурам. Кыздарымдын ат байлар мамысы, очогумдун оту, үйүмдүн куту болсун. Эртеңки күндө улууңардан болобу, кичүүңөрдөн болобу, айтор, кимиңерден болсо да, өөдө-төмөн өзөк сөз чыкса, өпкөм казандай, өтүм табактай болот. Бул менин жалгыз өзүмдүн сөзүм эмес, Андрейдин да сөзү. Андрей менен Мария жалгыз мага агайын болбостон, силерге деле бир туугандай болуп калбады беле. Өзү да силерге өз оюн айтканы олтурган чыгар.

Андрей Ороздун жанында бир колу менен бир колун алмай-термей кармалап, эки көзү жалжылдап элден өтүп олтурган. Үнү буула түшүп каргылданып чыкты:

– Бактыбек өмүрлүү болсо өсөр, чоңоёр, акыл-эси толор! Ошондо «сен Ороздун баласы эмес, орустун баласы элең» деген көңүл иренжиткен сөздөрдү укпаса экен дейм. «Асыранды баланы айылчы катын чыгарат» дегендей, ата-баланын ажытын ажыраткан тентектер болсо, Бактыбек менен Орозго жеткирбей тезге салып коёрсуңар. Балаңар ата-энеси, бир туугандары, эл-журту силер менен аман болсун. Менин силерге айтайын дегеним ушул болучу, туугандар...

Элдин арасы быш-быш. Олтургандар көздөрүнө чолок жаш алып, өздөрүнчө күбүр-шыбыр. «Ой шордуу, каканактап ыйлага-

ны арaң турат. Оңбосун өлүм. Аялы аял кунунда болсочу. Дагы ырысы бар бала экен, Ороз менен Айсалкынга туш болгон».

– Раматы Мария жакшы аял тура, – деди төрдө олтурган ак сакал карыя, – минтип орус менен кыргызды ата-бала, бир тууган кылып кетти. Эки элдин канын канына, жанын жанына кошту. Андрей балам, сага барибиз эмес баарыбыз ыраазыбыз. Ороз экөөңөр дос элеңер мурда. Эми минтип кудай ажыраткыс ата-бала болуп олтурасыңар. Бактыбекти бөлөк-бөтөн деп Айсалкын менен Ороздон бөлгөндүн бөтөгөсү бөлүнсүн. Бизге сенин бересеңден аласаң көп. Айлыбызга тигип бак, салып там калтырдың. Муну кыргыз агайындарың эч качан унутпайт. Омийин эмесе, Бактыбек бактылуу болсун. – Эл дүңгүрөп кетти...

* * *

Зарипадан кийин төрөбөй жаш баланын жыты сонун болуп калгандыктанбы, айтор, бардыгынын байланганы да, айланганы да Бактыбек болду. Эгин-тегин жыйылып, чөп-чар короо-сарайларга эчак жеткирилип жер бошоп, күркүрөп күз келип, ак төөнүн карды жарылып жаткан кез. Ороздор жайлоодон кыштоого түшкөн. Жылда дем алышсыз атасыныкына келбеген кыздар азыр көбүнчө кыштоодогу үйүнө барып-келип окуп калышкан.

Ороздун түйшүгү мурдагыдан көбөйгөн. Ал малын таштап карып жыла албай калган. Заводго барып Андрейден кат-кабар барбы деп суроого чолосу жок. Анын үстүнө: «Бизге жазбаган катты аларга жазмак беле»– деп, күйөөсүнүн Андрейди иликтегенин Айсалкын анчалык жактыра бербейт. Жылда Айсалкын субай-салтаң болуп чабандын жеңилин жерден, оорун колдон алуучу экен. Кайсы күнү Бактыбекти багып алгандан баштап, балапан баскан тооктой болуп канатын жайып олтуруп калды.

Ороз койлорун жайыттан айдап келип короого киргизээри менен уэун-туурасынан коюлган аштоодогу тузга үймөлөктөп, биринин үстүнө бири түшө башташты. Чабан аларды бир демге карап туруп, «жаныбарларым, тузсырап калган турбайсыңарбы» деп өзүнчө кобурап коюп үйгө кирди. Эшик ачылар-ачылбастан эле бөлмөдөгү ысык аптап Ороздy бетке урду. Анын кулагына плитада жыгач отундун дуулдап күйгөн добушу дароо угулду. Ороздун көзү жайнап, Айсалкын менен Бактыбекке түштү. Атанын ууртгары жыйрылып, жүзү нурданып, маңдайы жаркып турду. Кудум он ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөндөн бетер балбырай тартып,

агы ак, кызылы кызыл болуп балкылдатып бала эмизип олтурган Айсалкын күйөөсүнүн көзүнө мурдагыдан да сулуу, мурдагыдан да жылдыздуу болуп көрүндү. А наристе болсо эне сүтүн кылкылдатып ээмп жатып, алда немеден дабыш алгансып» ирмемге токтоло калып эрдин бүлкүлдөтүп кайра соруп кирет.

«Кудая тобо, ким айтат бул экөөнү өгөй экен деп. Айсалкындын эмчегинен сүт чыгып кетет деген үч уктаса түшкө кирбеген иш эле. Бай, бай, бай, «бирөө өлбөй бирөө күн көрбөйт» деген ушул. Уулубуз жок деп муңканып жүрүп, минтип уулдуу да болдук. Эми түбөлүгүн берсе экен». Ороз ушуларды ойлоду. Мешке отундан салып, колун плитанын үстүнө кактап жылытты. Ата оюнда эмчек ээмп бүтсө, Бактыбекти алып бир жыттап алууну самап турду.

Бала эненин астында көшүп кетти.

– Бакынын төшөнчүсүн алып берчи мага? Сууга да түшүрө албай калбадымбы.

– Киринтип биротоло уктатууң го.

– Азыр кайдан, анан ойгонгондо түшүрбөсөм. Ой каралдым эй, тим эле кол-бутту керип салып уйкуга кирбедиби. Уйкусун бузбай эле койчу, атакеси. – Эне уулун шуу-шуу жыттап, Ороз салган төшөккө жаткызды.

Ата чөгөлөй калып, чекесинен өптү. Ошол замат ойгонуп кетчүдөй чукуранып барып кайра көшүдү.

– Секет кетейин сенден. Үйдүн ичи күүгө толуп, дууга толуп жатса керек деп шашып келсем, бул атасын күтпөй кирпигин саландатып уктап жаткан тура.

Ороз ордунан туруп баратып минтип сурады:

– Э, байбиче, Андрейден кат-кабар жокпу?

– Кызык, кат келсе, сага көрсөтпөй катып алат белем.

– Тобо, ушинтип эле алысташып, үзүл-кезил болуп кетишебизби. Ортодо алтындай болгон Бактыбек турат. Бизди эстебесе да баланы эстеп, кайда барып, кайдан иштеп жатканын билдирип куш тилиндей кат жазып койсо боло. Деги аман болсо экен өзү. Менин күн да, түн да ойлогонум Андрей болуп калды.

– Эстен башка чыкса чыгар, асты Андрей менен Мария көңүлдөн чыкпас. Олда айланып кетейиндерим ай. Биринен өлүп ажырасак, биринен тирүүлөй ажырап эле олтуруп калдык, ээ. Ушундай болот деген кимдин оюнда бар эле. – Айсалкын шыпшынды.

Кабагы карыш түшүп түнөргөн Ороз дулуюп тышка чыгып кетти...

* * *

Ошентип Айсалкын менен Ороз Андрейден кабар угабызбы деп кулак түрүп жүрүп, мезгилдин зымырык куштай болуп кандай өтүп кеткенин да билбей калышты. Ороздор уулдуу болгондон бери Жер эне жети жолу гүлдөп, жети жолу ак кар, көк муз жамынды. Ошентип, Бактыбектин 1-класстын босогосун аттоочу бактылуу мезгили да келип жетти. Ата-эне мурда сүйлөшүп жүргөндөй эле окуу башталардын алдында Бактыбекти Фрунзедеги Айсалкындын инисиникине жеткиришти. Орозду узатып жиберип аял уулунун жанында калды. Бир күнү Бактыбек энесинин тизесине башын коюп жаткан калыбында минтип сурады:

– Эне, таякемдикинде окуган жакшы болобу?

Аял ирмемге буйдала түшүп минтти:

– Жакшы болот, каралдым. Сени окумуштуу, жакшы адам болсун деп жатпайбызбы. Атаң экөөбүз батбат келип турабыз, каралдым.

Бул мезгилде Бактыбек Айсалкындын жоолугунун учун кайра чечип, кайра байлап, өзүнчө убараланып жаткан. Эне уулунун мөлтүрөгөн көзүнө тигиле карап туруп, анан анын кичинекей сулуу манчаларын оозуна алып барып өпкүлөп жатты. Эненин муңайым жүзүндө «кагылайын, каралдым, асыранды экениңди бирөө болбосо бирөөлөр айтып коёбу деп көл башынан Пурунзага ала качып келгенимди кайдан түшүнмөк элең», – деген арман ойноп турду.

– Тентек болбой токтоо, акылдуу бол. Сөздү эки кайталатып укпай, бир айтканда ук. Сабагыңды жакшы оку, тырышчаак бол. Таякең менен тажеңендий тилин ал, каралдым.

– Тараганда үйгө барамынбы?

– Барасың. Барбай анан.

– Ыйлабачы, апа! Эмне үчүн ыйлайсың? Мен жакшы окуйм да.

– Жакшы окуган окууңдун мейнетин алайыным. Апаң астыңа кетээр күнү бар бекен сенин...

Айсалкын көңүлүндө баласынын сөзүнө ыраазы, үмүтү чоң. Ал окуу башталгандан кийин баласынын жанында бир айча туруп кайра тартты.

* * *

Сааттар сапырылып, күндөр суудай акты. Ай айланып, жылдар жылмышты. Фрунзеге кечээ эле келгендей болгон кичинекей

Бактыбек боз улан болуп бой жетти. Эжелери Марипа, Занипа, Азипа, Заripалар күйөөгө чыгып акар-чакар болушкан. Эми Ороздун бел тутуп карманган алтын түркүгү ушул жалгыз Бактыбек болуп калды. Онунчу классты ийгиликтүү бүтүрүп Москвадагы энергетикалык институттан окуп жаткан кези. Алыста жүрсө да ата менен эненин медери.

Баласы каникулга келген сайын карылардын үйүнө береке кирип кенеле түшүшөт. Анда Айсалкындын казаны оттон түшпөй, самоордун аркасынан самоор коюлуп, дасторкону жыйылбай калат. Бактыбек менен учурашканы келгендерге жетине албаган алпейим эне сары майды томкоруп, таттуу тамак-аштарын жайнатып, жер-жемиштерди төгүп салат.

Бактыбектин ушул сапаркы келиши ата-эненин көзүнө кандайдыр башкача көрүндү. Ал мурункудан да токтолуп, турмушка бийиктен караган акылмандан бетер, сөздү орундуу сүйлөп, баамчыл боло баштагандай. Мурда бир нерсени айтмайынча аяк алдында жатканды алып койбогон Бактыбек бул сапар атасынын оюна келбеген жумуштарды жасайм деп шымаланып турду.

Адегенде эле огороддогу арык-чөнөктөрдү тазалап, казганын казып, казбаганын тегиздеди. Бактыбектин иштеп жатканын көргөн жолдоштору жардамга келди. Алмаларды уулашып, жашылчаларды сугарышып, канаттуулардын уяларын оңдошту. Москванын четки райондорунун биринде туруучу бир курсташыныкынан көргөн каз-өрдөктөр үчүн казылган көлмөнүн өзүндөй кылып жер казып, суу толтурду.

Муну көргөн жердештери Бактыбектин иштеген ишине, бүтүрүп жаткан жумушуна суктануу менен карашып, ичтеринен тымызын ойго батышат. «Тобо, жасаган-неткени, эпчили, эмгекчили кадим эле Андрейдин өзү. Атасын жазбай тарткан экен, бечара. Ороздун колунун жоктугуна жараша, баласынын ыймандуу чыкканын көр. Өздөн көрөбү, жаттан көрөбү, ал ар адамдын маңдайындагы багынан тура. Деги Ороз менен Айсалкындын ырыскысын орустан чачкан экен» дешет.

– Бүттүңбү, балам, – деди Ороз көлчүккө суу толтуруп жаткан уулуна аттан түшүп жатып.

Бактыбек колундагы күрөгүн ыргытып жиберип, атасынын атын алды.

– Бүттүм. Карачы, атаке, жагабы сизге?

Ар жактан Айсалкын келатты. Экөө жанаша басып келип, Бактыбектин катарына токтошту:

– Кагылып кетейин, бул акылды кайдан ойлоп таптың экенсиң. Бечара каз-өрдөктүн сообуна калган турбайсыңбы. Атаны байкуштар ай-е, көлчүк көрө албай араң турушкан экен, ээ. Карасаң чумкушканын. Сообуңар Бактыбекке тийсин. Ичээр суу, көрөр күнү көп болсун.

Айсалкын ушинтип кожурап канаттуулардан көз албай турду.

Ороз башын чайкады:

– Анан калса аябай кенен казган экенсиң, балам. Эмне деген канаттуу керек буга. Жаныңды кууратпай эле чаканыраак казсаң болмок. Бай, бай, бай, жок жерден жумуш таап.

– Жаман болдубу? «Рахмат, ырас болду» дегендин ордуна...– Бактыбек күлүп койду.

– Жаман болбой калсын, балам. Бирок да келгениңден бери эс албай куураганыңдан айтып жатам. Жумуш бүттү. Ушуну менен токтот эми.

– Токтоткон күнү эч кимден суроо-сопкутсуз эле токтотуп коём. Бир-эки күнү иштеп койгондон эч нерсе болбойт. Алыстан келгенкеткендер болуп калса, «жакшы турушат экен, оокаттары тың тура» деп кеткендей болсун да ыраазы болуп. Эртең балдар келсе тетигил жыйылган тал-теректерди, кереги жок карагайларды таарып, бардыгын жарабыз. Кышында жалгыз колуң менен куурабайсыңбы. Энемдин болсо, бул иш колунан келбейт. Андан кийин погребди ремонттош керек. Менден улуу неме экен, жыгачтары эчак чирип бүтсө керек.

– Ой кокуй күн оой, аларды жасайм, ремонттойм деп убара болбой эле койчу кагылайын, Кийин киши жалдап эле бардыгын бүтүрүп алам. Акча берсең, айдын кетигин алып келип берүүчүлөр табылат.

– Атаң туура айтат, балам. Эмнебизге жетпей жатты эле. Көп эле кара жаныңды карч урбачы. Мончо жагайын, жуунуп-тазаланып ал.

– Алиги эки жумушту бүтүрөм да, башка эч нерсе жасабайм. Мончону ошондон кийин жагалы, энеке. – Бактыбек энесинин маңдайына токтой калып, ээгинен эркелете көтөрүп, мурдунан чоп өттүрүп өөп коюп, ары басты.

– Жаман энеңдин эмнесин өбөт экенсиң. –Уулун баятадан ункукпай тымызын карап олтурган ата, Бактыбектин үйгө кирип кеткенинен пайдаланып минтти:

– Кудая тобо, бирдеме жасаганы кадим эле Андрейге окшоп баратат. Бактыбекке окшоп ал да ойлогон оюн орундатмайынча, баштаган ишинин аягына чыкмайынча жаны жай алуучу эмес эле.

– Андрей дейсиңби?– Аялы Орозду карады. – Кагылайын, деги кайдагы немени эстейт экенсиң олтуруп алып. – Атасы болгондон кийин окшойт да. Анын эмнесин айтып жатасың эми.

– Кудая тобо, Андрейди айтса эле куйкаң курушчу болду. Кызык. Эмне жамандык көрдүк эле андан.

– Эмнеге курушсун. Ошондон эле агарып-көгөрүп олтурбайбызбы. Мен шордуунун жаман оюм, кокус баланын кулагы чалып калабы деп сактангандагым да... – Алар Бактыбектин келатканын көрүп унчукпай калышты.

* * *

Эртең менен эрте турган эрди-катын буттарынын учу менен дабыш чыгарбай аста басып, акырын сүйлөшөт. Бактыбек турмайынча чый-пый чыгарып, баласынын жакшы көргөн тамактарын таң атпай жасап коюп күтүп олтура беришет. Керилген жигиттик куракка жетсе да Бактыбек Ороз менен Айсалкынга али нористе баладай. Анан дагы Бактыбекти бир күндө канча жолу көрсө, ошончо жолу ата менен эненин эсине Андрей менен Мария тымызын түшөт да турат. Баласынын ууздай аппак жүзү менен каш-кирпиктүү мөлтүр кара көздөрүнөн раматылык Мариянын элеси төгүлүп тургансыйт. Бактыбектин мүчө түзүлүшүн Андрейге окшоткон Ороз терең дем тартып, оор улутунуп алат. Арадан ушунча жыл, ушунча күн өтсө да Андрейди эстеп, ичи эңшерилип коңултактай берет. Ал салган там, ал тиккен бактардын ичинен көптөн бери көрбөгөн бир кымбат кишисинин жыты келип тургансыйт.

Азыр да Ороз короонун ичинде там-ташын карап скамейкада өткөндөрдү ойлоп, санаасы санга бөлүнүп, каңырыгы түтөп олтурат. Кайда кетип, кайда турганы дайынсыз болуп кеткен досун эстеп, көңүлү чөгөт. Санаага жеңдирип өзүн жоготуп олтурган атасынын оюн тыштан шашып кирген Бактыбек бузуп жиберди.

– Ата, сени контордо бирөө телефонго чакырып жаткан имиш. Тез келсин деди чабарман. – Бала ушуну айтып коюп, шыпылдай басып эшик алдына жеткенде:

– Ким экен ал? Кайдан экенин сураган жоксуңбу? – деди Ороз ордунан козголо берип.

– Кечирип кой, атаке, сурабаптырмын. Барганда билесиң да?

– Эмнеге шашып жүрөсүң?

– Тышта балдар күтүп турат.

– Жакында кайра кетээриңди ойлойсуңбу? Үйдө болсоң боло.

– Ойлойм, атаке, бүгүн кечинде эрте келем.

– Энең тамак жасап койгон, ичпейсиңби?

– Кайра келип ичем...

Ороз көчөгө чыгып, топ уландын ортосунда узап бараткан уулунун карааныи бир демге кирпик какпай тиктеп туруп, өзүнчө кобурады.

– Карааныңдан кагылайыным, атайы эле каадалуу адам. – Ороз жаңы эле үйдөн узай бергенде ар жактан колуна сабоо кармаган Айсалкын көрүндү.

– Тигил бала кайда барам дейт? Тамак ичтиби?

– Балдар менен бир жакка кетти окшойт. Тамак ич десем, кайра келип ичем деп болбой койду. Мени кеңседе бирөө тилипонго чакырып жатыптыр, ошол жакка бастым...

...Ороз киргенде башкарма жаңыдан эле ордунан туруп, тышка чыкканы бараткан. Ал тигил кишини көрүп нааразы боло сүйлөдү:

– Э, кокуй, Ороз аба, ушинтип да бир саат кечигесизби? Алыңыз трубканы. Кандай сүйлөшөрдү билесизби?

Ороз билем дегендей башын ийкеп койду. Башкармадан азыр эле кайдан экенин сурайын деп ниеттенип турган ою көңүлүнөн учуп кетти. Трубканы алары менен баятадан зерикпей күтүп турган кишинин үнү угулду:

– Алло! Алло! Бул ким? Орозсуңбу?

– Ооба, Орозмун. Сен өзүң кимсиң?.. Ким?.. Жакшы угулбай жатат... Ыя... Андрей?!! Кагылайын, досум бир боорум, тирүү барсыңбы?

Ороз кубанганынан кыйкырып жиберди. – Сен чын эле Андрейдин өзүсүңбү? – Анан ал каткырып күлдү. – Ха, ха, ха, ха, Андрейдин өзүсүңбү? дебегенде кантейин. Качан келдиң?... Ии... И-и... Сен бул эле биздин шаардан сүйлөп жаткан турбайсыңбы? Бизге качан келесиң?.. Эмне?.. Билбейм дейсиңби?.. Эмне үчүн? Кой, кой, жок шылтоону бетиңе кармабай келип кет, досум. Сен сагынбасаң, биз сагындык. Сен унутсаң, биз али унута элекпиз Мария экөөңдү. Эмнеге шашасың?.. Командировка?.. Андай бир күндүк командировканын керети эмне, келбей эле койбойсуңбу?.. Жок, жок, такыр макул эмесмин... Эч нерсеге түшүнбөйм. Келбей турган болгондон кийин, звандап убара болбой эле кете берсең болмок... Угуп жатам... Таарынбай турган ишпи анан... Ии, ошондой десең... Макул, макул... Канча убакта келесиң?.. Жарайт... Күтөбүз...

Ороз контордон атып чыкты. Ал үйгө келгенде Айсалкын жайкы ашканада дандырга нан жапканы камынып жаткан болучу.

– Эми араң жасаганы жатасыңбы?– деди демиккен Ороз.

– Эмне болду?

– Бул токсон бөлөк болгон неменин баарын бирден тоголоктоп, бетин ачып, анан дандыр ысытып. Бул камыр миң алакеттен өтүп нан болуп чыкканча качан?

– Эмне болуп кетти? Тынччылыкпы деги? Ким чакырыптыр?

– Сүйүнчү, Айке, Андрей келиптир.

– Андрей? Кайсы? – Аялдын өңү түктөйүп кетти.

– Кайсы деген эмнеси? Биздин канча Андрейибиз бар эле? Байкушум менен көрүшө турган да күн бар тура.

Аялдын колу шалдырай түштү. Жүзү адатынча албырып барып кайра купкуу болуп чыкты.

– Ой, бол. Эмне мынчалык эсиң ооп кетти? Арыдан бери камырыңды чаптай салып, үй ичиңди иреттеп, дасторконуңду жайып жибер. Шашылыш командировкага келиптир. Түн катып кайра кетмек экен, биз үчүн калып калды.

– Өзүң чакырдыңбы, кел деп.

– Чакырдым. Андрей чакырбай коюучу киши беле?

– Өз көңүлү менен келбесе тим эле коюуң го. Ороздун көзү ирмелбей калды чакыйып.

– Ал эмне деген сөз?

– Ошондой деген сөз! Бактыбекти сурадыбы?

– Эстүү эмеспи байкуш, бала жөнүндө ооз ачкан жок.

– Өзү бала-чакалуу болуптурбу?

– Кудая тобо-о-о, эмне болуп турасың сен. Сураган жокмун аны. Бир-эки сааттан кийин өзү келет. Угабыз да ошондо.

– Балага ким деп айтабыз?

– Ким демек элек, укпай, билбей жүрдү беле атасынын Андрей деген досу бар экенин.

– Жүрөгүм оозума тыгыла баштады. Кудай ай, «ойдо жок жерден отуз уул деген эл чыкты» дегендей, балама балакети тийбесе эле болду. Же Бактыбек окуусуна жөнөп кеткенден кийин келбей, же келе электе келбей, үстүнөн түшүп олтурганын карачы. Эми досуң дос бойдон келип, дос бойдон кетсе экен. Ушул жерден үй-жайын сатып кетип жатканда кандай ыйлаганын билесиңби? Эмдигиче эсимден кетпейт. Бактыбекти бооруна басып алып, төөчө боздоду го. Баласын берерин берип коюп, ич оорулуу болуп калган экен деп ичим тарыган оттой жанып. Анда Бактыбектин

көзгө көрүнүп, кылык-жоругу чыгып талпынып калган кези болучу. Баласын көрүп жүрөйүн дедиби шордуу, айтор, баарыбыз менен чогуу сүрөткө түшүрүп ала кеткен. Азыр болсо, балабыз көргөн адамдын көз жоосун алып, жаш чырпыктай солкулдап, бой жетип турган кези. Көргөндө кантип кетээр экен. Ой шорум ай, шорум. – Айсалкын өзүнөн өзү туталанып, бир ыйлап, бир соорунуп, камырын тоголоктоп жатты.

Баятадан бери аялынын сөзүн угуп үн катпай олтурган Ороз Айсалкынды жайкай сүйлөдү. Бирок чындыкты айтты:

– Андрейдин айтканы эки болгонун билесиңби? Туруктуу эмес беле? Кантип бизди сыздатсын. Дайны жок ыйлактайсың да, байкушум...

Үй ээлери апыл-тапыл болуп көптөн бери көрбөгөн дос кишисин, болгондо да Бактыбектин каны менен каны, жаны менен жаны бирге өз атасын тосуунун камында болушту. Айсалкын учуп-күйүп жүрүп, нанын өлөмата жаап да, үзүп да бүттү. Ашканадан да, конок үйдөн да жаңы жабылган ысык нандын жагымдуу жыты буруксуйт. Аял үй ичин иреттеп, столдун үстүнө дасторкон жайып, тамак-ашын коюп жатты.

– Баланы эрте кел дедиң беле? Малга кимиңер барасыңар? Же Андрей келгенче өзүң барып келе коёсуңбу?

– Бакы келип калар, бир аз аярлай турайын. Анын үстүнө Андрейди келип калабы деп кылчаңдап жатам. Чогуу туруп жаркырап-жайнап тосуп алалы, байбиче. Оо байкуш, досум, кыргыздын кымызын да, тамагын да сагынып жүргөн чыгарсың. Өзгөчө отко кактап бышырган керчөөнү өлгөндөй жакшы көрүүчү эмес беле. Атаңдын көрү ай, кымыз болгондо эмне. Кымызчылар жакыныраак болгондо эртең менен эрте атташып барып келе койбойт белем. Кандай айла кылам а. Жок дегенде козуну алып келе койгондой бололу кечикпей. Атты токуп коёюн.

Булар ушинтип жатканда Бактыбек кирип атасынын жанына токтоду:

– Ата, мен капас сатып алдым.

– Капас?! Ага эмне саласың?

– Эртең бир бала булбул алып келип бермек болду.

– Сатат бекен?

– Чүкө сурайт, булбул берейин деп. Э болуптур дедим. Энем экөөң сайратып коюп олтургула мен жокто.

Ороз башын чайкады.

– Институтту аяктап жатсаң да, балалыгың кала элек экен да, уулум.

Капасты Ороз колуна алды. Анан айландырып көрө баштады. Энесинин стол жасап, тамак-аш коюп жатканын көрүп Бактыбек атасына карады:

– Эмне, конок келеби?

– Ооба, досум келиптир.

Айсалкын самоор көтөрүп үйдөн чыкты.

– Кайсы досуң, ата?

– Андрей деп уктуң беле?

– Алиги биздин үйдү салган Андрей Иванович деген оруспу?

– Ооба, ооба, ошол кагылайын. Жана мени тилипонго чакырган Андрей тура.

– Оо, аяш атам келет турбайбы. «Жакшы жигит эле, үйдү да ошол салды, бак-шакты да ошол тикти», – деп мактанып калуучу элең, көрөйүнчү мен дагы. Жашпы ата, досуң?

– Менден бир жашча кичүү боло турган. Секет кетейин, тиги-ни-муну сүйлөшүп убакытты өткөрбөйлү. Тышта ат токулуп турат. Эртерээк конокко козу алып келиш керек. Сен барасыңбы, же мен барайынбы?

– Сен эмнеге барат элең мен турганда.

– Кокус кеч кирип кетсе, жолдон коркуп жүрбө. Кызыл жардын алды ээн эмеспи. Бактыбек каткырып күлдү:

– Мени дагы эле кичине ойлойсуң ээ, атаке. Эл укса эмне дейт. А мейли анда, баякы бала кездеги Телибай жүрүштү бир салып көрөйүн. Көчөнүн иттеринин аяк-башы чогулуп чуру-чуу түшүп, ажылдашып алсын. Көргөндөр: «Ороздун уулу чоң шаарга окууга барып ырас тезге түшүп, тарбыя көрүп келиптир», – деп кубанып калышсын. Ошентейинби, атаке?! Ары баратканда да, бери келатканда да чаап барып, чаап келем. Аттын куйругуна тонду аңтарасынан жаап, чычырканак байлап алам...

Уулунун сөзүнөн улам анын балалык шок кезин эсине түшүрдүбү, же азыркы айтканына ошенттиби, уулун күлүмсүрөй тиктеп туруп бырс күлдү. Аңгыча тыштан Айсалкындын үнү үзүлүп-үзүлүп чыкты.

– Ай, Ор-о-о-з! Ан-др-е-й кел-ди! Ка-пы-рай, чык-пай-сы-ңарбы?

Үй ээсинин колунан капас ыргып кетти. Өзү тышты көздөй октой атты. Атасын бир карап алып, жерде томолонуп жаткан капасты колуна алган Бактыбек атасынын артынан арышын керди. Бала чыкканда достор бири-бирине алыстан кучактарын жайып калган болучу.

– Андрей! Дос-у-у-м! Тирүү көрдүмбү, сени?

– Ороз! Бир боорум! Уялашым.

Экөө кучакташып калышты. Кайра-кайра өбүшүп, кайра-кайра кучакташып, ый аралаш күлүп жатышты. Бири-биринен бир оокумдан кийин ажырашкан эки дос көз жаштарын жоолуктап сүртүп, экөө эки жерде турушту. Андрей обочо жерде өзүнөн көз албай кадала тиктеп турган Бактыбекти көрүп, жүрөгү удургуй түштү. Бала күлүп жиберди.

– Саламатсызбы, Андрей Иванович!

– А-а, саламат-саламат, жаш жигит. Бул сенин уулуң Бактыбек эмеспи, ыя Ороз? –Андрей баланы тиктеп катты да калды.

– Ооба, Бактыбек! Кандай чоң жигит болуптурбу?

– Биз картайган турбайбызбы? Кечээки балдар минтип эр жетип. – Кел, көрүшүп коёлу. – Андрей баланы көздөй кадам таштады.

А Андрей болсо, улам бир немени кармалап, аларды алаканы менен акырын жумшак сылап коюп, туурун сагынган туйгундан бетер үй ичине ач көздүк менен тигиле карай берет. Өткөн күндөрдүн күбөсү болгон эски буюмдар биринен сала бири анын жүрөгүн улам сайып алып жатты. Көз жашы чарасына чогула баштады. Үчүнчү бөлмөгө киргенде жакшынакай дыкан жыйналган кровать көзүнө урунду. Бул бир кезде заводдон өз колу менен жасалып чыккан буюм болучу. Сырлары тарбылала болуп эчак түшүп, эскилиги жетип калыптыр. Астына тактай төшөп койгону байкалып турат. Сыягы, өзүнүн тору кармабай калса керек. Бир жагында кийим иле турган бир кишилик шифонер, ортодо стол, стулдар турат. Мунун баарын Андрей өзү көчүп, оокаттарын сатып жатканда таштап кеткен. Ал стол үстүндө жаткан газета, журналдардын улам бирин колуна алып барактап коюп кайра таштайт. Тамдын боорунa тактайдан колго сүрүп жасалган текчеде окуу жана адабий китептер турат. Андан өтүп эки терезенин ортосунда илинип турган айнектүү рамага салынган сайманын алдына барганда деми чыкпай, кекиртеги буула түштү. Эми эле гүлзардан келгендей болгон розалардын чырпык чабырага толо салынган дестесин бир демге тиктеп туруп жашы мөлт дей түштү. Андрей бул Бактыбектин бөлмөсү экенин киргенде эле билген. Мариянын колунан чыккан буюм, анын өзүндөй болуп туюлду. Энесинин көзү көргөн ушул оокаттардын бардыгы баласынын бөлмөсүндө турганына таң калды. Ал мындай болот экен деп эч качан ойлогон эмес. Бизден калган көр-жердин бардыгы эчак эскирип жоголсо керек дечү. Анд-

рейдин ичи көптөн бери мынчалык Марияны эстеп, Бактыбекти ойлоп уйгу-туйгу боло элек болучу.

– Чайга кирели? – деди Ороз.

– Кирели!

Залдын ортосундагы узунунан коюлган стол үстү ар түрдүү жер-жемиш, тамак-ашка толгон.

– Олтур, Андрей! – Үстүнө кичинекей тегерек жумшак төшөк салынган стулду Айсалкын Андрейдин алдына оңдоп койду.

Мейман эки-жагын айланта карап алды:

– Жерге олтурганды сагындым. Баякы кара көлдөлөң барбы? Болсо ошого бир жайылып олтуруп көрсөм кандай болор эле, ыя Айсалкын аяш? Же убара болом дейсиңби?

Аял Андрейди күлө карап коюп, ордунан учуп турду.

– Эмнеге убара болмок элем. Кара көлдөлөң болбосо башкасы бар. Азыр, Андрей, кечирип кой мени. Бая эле жерге салайын деп, кайра...

Андрей Айсалкындын нур жүзүнө кадала карап туруп: «Тех, көзү ыйлаган ботонун көзүндөй болуп дагы эле сүйкүмдүү, дагы эле сулуу бойдон экен каш-кирпиги керилип», – деп ойлоп олтурду ичинен. Ороз да көп өзгөрбөптүр. Санаасы тынч да. Деги арзан менен кымбатты таразалай билген жакшы адамдар. Ушундай адамдарга туш болгон кудай сүйүп менин колдогонум болсо керек. Ылайым бала-чакасынын убайын көрүп, жалпы-жайык аман болушса экен. Мунун шордогону менин шордогонум да...

Бул мезгилде Айсалкын менен үй ээси Андрейдин аппак болгон чачына алдыртан көз чаптырып, мезгилинен мурда картайып кеткен аяшын аяп, экөө эки түрлүү санаада эзилип олтурушту.

Чай үстүндө сөз артынан сөздөр акты. Андрей өсүп-өнгөн, киндик каны тамган кыргыз жергесине болгон кусалыгын айтса, тим эле оозунан көк түтүн бурайт.

– Силердин өзүңөрдү эле эмес, итиңерге чейин сагындым.

– Бизди унутуп калды деп турасыңбы. Көпкө күттүрдүң го дайынсыз. Кат да жазбай койдуң. Үйлөндүңбү? Бала-чакалуу болдуңбу. Башканы коюп ошону айтчы.

– Үйлөнгөм. Өлгөндүн өз шору тура. Тирүү адам жашаш керек экен. Бир уул, бир кызым бар. Бактым балдар болуп калды. Толгон аяк төгүлсө, толуусу менен колго тийбейт тура. Бала тапканым менен Марияны таба албадым. – Оор улутунду. – Баса, кыздар кайда? Билим алыштыбы? Аман-эсенби деги?

– Аман-эсен, Андрей. Бир гана Мария менен сен жоксуң. Кыздарыңдын бардыгы күйөөдө. «Жогорку билим алсын», – деп Макиш экөөң көп айтуучу эмес белеңер. Айтканыңарды аткаргanбыз. Төртөө тең институтту бүтүрүштү. Арасында илимдин кандидаттары да бар. Баса, баякы Мария өзү окутуп жүрүүчү – Зарипа деген кенже кызым политехникалык институтту бүтүрүп, өзүң иштеген заводдо инженер. Бизден сенин ордуңду баскан жалгыз ошол кыз болуп калды. Ал завод азыр баякы сен иштеген кездегидей эмес. Келишкен жогорку сапаттагы нан бышыруучу электр мештерин, электр плиткаларын чыгарып калган.

– Билем, Ороз. Кыздардын билим алгандары жакшы болгон экен. Өзүңөр кандайсыңар? Малды таштадыңарбы?

– Өткөн жылы өткөрүп бергенмин. Бактыбек окуусун бүткөнчө эптеп чыдап илешип турайын десем короо-жай колдон чыгып баратат. Айылда көк башы болуп иштеп жатам.

– Уулуң кандай? Эстүүбү? Эмгегиңди актай турганбы деги?

– Азырынча жаман эмес. Үмүтүм бар.

– Марияга түспөлдөш экен.

– Түспөлдөш эмес эле өзү дебейсиңби. Тим эле биринин кебин бирине каптагандай.

– Жүрөгүм алгач көргөндө жарылып кете жаздады. Билбейби, эч нерсе?

– Мындан ары эле биреөнүн ичи жарылып кетпесе, азырынча кабарсыз. Чайга карасаң, Андрей. Сүйлөп олтуруп да эчтеке ичпей койдуң.

– Эмнеге, ичип жатам. – Мейман дасторкондун четинде турган чыныны колуна алып, бир ууртап кайра койду.

– Муздап калды го, жаңыртып куяйынчы. Самоордун чайын сагынгандырсың?

– Ооба, ооба, сагындым, Айсалкын. Стипендия алып окуйбу уулуңар?

– Алат.

Баятадан Ороз менен Андрейдин сөзүн угуп тынчы кетип олтурган эне сөзгө аралаша кетти.

– Айланайын, Андрей, көптөн көп өтүнөрүм балама шегинди билгизе көрбө шордотуп. – Эрди дирт дей түштү.

Андрей алдындагы чайдан ууртап коюп күлүмсүрөдү:

– Чочубай эле кой, аяш. «Эки дүйнөдө доом жок», – деп өзүм бергенмин. Силер менден бала сураган эмессиңер. Туурабы? Силердин үмүтүңөрдү актаган эстүү уул болсо эле болду.

– Аның туура дечи. Бирок ошентсе да каны бир балаң да.

– Болуптур анда, бул жөнүндө сөздү токтотолу...

Тыштан Бактыбек эшикти ачып башбакты.

– Ата! Алып келдим.

– Кир. Кирип чай ичип алып, сойгонго камын.

– Билеби?

– Билет. Менин колум бул болсо, качанка чейин бирөөгө жалдырайбыз.

– Туура, туура...

Козу да союлуп, эт да салынды. Бардыгы үйгө кириштиу. Жаналакетке түшкөн Бактыбек арыдан бери керчөөнү куйкалап, чокко кактап бышырып, ата-энесинин алдына алып келди.

– Мен бошмунбу, ата?

– Керчөө же, чогуу олтуруп.

– Жо, жедим. – Бактыбек бирдеме айтуучудай болуп босогодо жөлөнүп турду.

– Ата, мен...

Бактыбек сөзүнүн акырына чыга электе Ороз жулуп кетти:

– Билип турам айтарыңды. Эгер зарыл жумушуң болбосо, үйдө эле болчу. Аяш атаң бизге күндө келип жатты беле?

Бала кыңырылып туруп үйгө кирип ата-энесинин ортосундагы бош орунга көчүк басты.

– Алсаң муздатпай. Керчөөнү жакшы көрүүчү эмес белең.

– Мындан баш тартуу жокко. Бир жолу Москвадагы айыл чарба көргөзмөсүнө барып калдым. Кыргыздын улуттук ашканасына кирип атайы эле керчөө заказ кылып жедим. Адам жеп жүргөн тамагын сагынат тура.

Андрей керчөөдөн улам оозуна салып коюп, рахаттана чайнайт. Ал бейкапар олтурган Бактыбекти алдыртан кусалуу тиктеп, Мария менен өткөн бактылуу күндөрүн, анан баласы менен андан ажыраган бактысыз күндөрүн эстеп, ичи оттой жанат. «Байкуш Ороз менен Айсалкын жигин билгизбей өстүргөн экен. Аман жүрүп эмгегиңерди актаса болду эми. Оо кагылайын, досум, сенин ушундай асыл адам экениңди, Бактыбек сени менен бактылуу болорун билгемин да». Оозундагы керчөөсүн чайнар-чайнамаксан болуп, баласынын сүйлөгөн сөзүнөн, адамга жасаган мамилесинен, олтуруп-турганынан адамдык сапаттын учкундарын издейт.

– Орто мектепти кайдан бүттүң?

Жаңы эле колундагы нандан тиштеп, чайдан ууртай берген Бактыбек күрмөлө түштү.

– Фрунзедеги номер бешти, – деди Ороз уулунун оозу бошобой жатканын байкай коюп. – Ал жакта баякы өзүң билесиң го, Айсалкындын мугалим болуп иштеген инисин. Орусча үйрөнсүн деп эле көз жумдуга салганбыз. Анын үстүнө айылдан окуса деле бирөөнүкүнө жатып окуй турган.

– Оо, ошондой де. Мен Бактыбекти ушул тегеректен эле окуса керек деп ойлодум эле. Көрсө... Өз эне тилиңден башка тилди практика жүзүндө үйрөнгөндөн кызыгы жок. Мен кыргыз мектебин жалаң «төрт-беш» деген баалар менен бүткөмүн. Кайран кыргыз жергеси, кайран кыргыз досторум ов.

– Сиз кайда иштейсиз, Андрей Иванович?

– Ленинградда.

– Ленинградда?! О-х-о-о! Адресиңизди билген болсом, бармак турбайымбы.

– Сен өзүң кайда окуйсуң?

– Москвада!

Андрейдин көздөрүнөн от чагыла жалт этти. Ал Бактыбекти борбордо окуйт деп үч уктаса түшүндө жок болучу.

– Кайсындасың?

– Энергетикалык университетте. Быйыл акыркы курсунда окуй баштайм сентябрдан баштап.

Айсалкындын кашы серпилди.

– Э, аяш, силерге жакын болобу Маскөө?

– Жок, анчалык деле жакын эмес. Бирок бул жерге караганда колтугунда деп койсо болот.

Аялдын көзү сүзүлө түштү. Айсалкындын тынчы кете баштаганын байкаган Ороз сөзгө аралаша кетти бажактап.

– Энесинин оюна койсо, жанынан карыш чыгаргысы жок болучу. Ушул окууга барам деп эле эке-дыка болуп калганынан «баланын жолуна жолтоо болбойлу» деп жатып араң көндүргөмүн муну. «Менин күү-күчүм барда, канатың талганча каалаган жериңден окуп ал», – деп руксат бергенмин. Кудай жалгап сыноодон мүдүрүлбөй өтүп кетти.

– Жакшы болуптур. Билим алганга не жетсин.

– Буюрса силердикине барам, Андрей Иванович. Адресиңизди берип кетиңиз.

Айсалкындын көздөрү дароо киртие түшкөнүн байкаган Андрей чыканагындагы жаздыгын оңдогон болуп минтти:

– Адегенде кеңешип алалы. Эгер ошондой эле биздикине баруунु каалап калсаң, атаң менен энеңди самолётко салып чогуу ала бар

өзүң менен. Поезд менен барсаңар андан жакшы. Ороз го согуш мезгилинде көрсө керек. Бирок ошондой болсо да Айсалкын экөө тынчтык күндөгү орус жерин, орус талаасын, орус токоюн, орус элин көрсүн.

– Чын эле, атам согушка барганын айтып олтурса көп жерде болуптур. А энем болсо, көл айланасын да толук көрө элек. Мен окуумду бүтүрүп келсем, энемди алып бүт жер жүзүн кыдыртпасам элеби.

– Ошент кагылайын. Тилегиң жакшы экен. Рахмат, уулум. Өз ата-энесин кадырлап-сыйлабаган адам, кимди сыйлап жыргатат дейсиң. Сен, атам көп жерди көрүптүр деп жатасың. Согуш деген согуш мезгили болчу. Азыр ал жерлер таанылгыстай болуп мурдагыдан да өнүп-өсүп кеткен.

– Э, ата, барабызбы? – Жигиттин эки бети чоктой албырып, ата-энесин алмай-термей карады.

Ороз сыйда кара мурутун чыйрата берип минтти:

– Андрей досум чакырса, Бактыбегим алып барса, кантип барбайбыз. Сен кандай дейсиң, байбиче! Барабызбы, ыя?

– Барабыз. Барбай анан! А тиги айрыпланга мал салабы?

– Эмне мал? – Ороз аялына карады.

– Э, кудай, Андрейдикине куру кол барганы турасыңбы? Ал жакка мурда-кийин барбасак, бала-чакасын көрбөсөк.

Отургандар дуу күлүштү. Андрей Айсалкындын колун кош колдоп кармады:

– Бизди бул жердегидей көрүп турсаң керек. Ленинграддыктарга малдын кереги жок, аяш. Бизге өзүңөр барып берсеңер эле болду. Магазинде союлган даяр эттер толуп жатат. Биз силерчилеп ат чаптырып, кой алдырып, иче-карын артып убара болбойбуз. Мал алып барат элек деп кыжалаттанбагын, аяш.

– И-и, касаптан аласыңар го?

Андрейден ыңгайсыздана түшкөн бала күңк этти:

– Энем кызык сүйлөйт. Самолётко мал эмес тоок салбайт.

– Аа, катыгүн, анысы жаман экен ээ. Деги тамак-аш алабы?

– Тамакты алат. Эртеңден баштап эле камылгаңды көрө бер.– Ороз тигилерге көзүн кысып койду.– Андрейдин эшик төрүн көрүп, бир конуп алып жүрө беребиз да эртеси...

Үйдүн ичине кайра баштан күлкү толду...

Эртеси эртең менен эрте Андрей Бактыбек менен уктап жаткан жеринен коштошту:

– Бактыбек! Кош айланайын, жакшы кал.

Чекесинен өөп, чачынан шуу-шуу жыттады. Андрейдин муун-жүүнү бошоп, ыйга тамагы буулуп турду. Кокус көзүмдөн жаш чыгып кетпегей эле деп өзүн канчалык кармаганы менен денесинен ал кеткенсип, көөдөнү батташкансып, оозунун ичи кургап чыкты. Өөдө боло берейин дегенче болбой мурду ылдый жорголоогон эки тамчы Бактыбектин бетине биринин артынан бири таамп кетти. Бактыбек уйкулуу көзү ачылып тигил кишини чочулай бир карап алып, томсоро түштү. Анткени Андрей көз жашын сүртүүгө үлгүрбей калган болучу.

– Андрей Иванович! Сизге эмне болду?

Мейман эмне деп айтаарын билбей шашып калды:

– Кийинки учурларда ушинтип жашык болуп кеттим. Кечирип кой, уулум, бул жаш бир туугандыктан чыккан жаш, айланайын. Жер алыс, картайып да баратабыз. «Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт» дегендей, силерди экинчи айланып көрөмбү, көрбөймбү деп жашып кеткен турбайымбы.

Андрей өзүнүн жообуна өзү ыраазы болуп, жаштуу көзүн сүртүп, артына кылчайды. Анткени анын оюн Ороз менен Айсалкын алагды кылып турган болучу. Аяштарынын жогун көрүп көңүлү тына түштү.

– Жакшы барыңыз. Адресиңизди таштап кетиңиз унутпай.

– Таштадым. Жакшы кал, Бакы. Адам бол.

– Үй-бүлөңүзгө салам айтып коюңуз...

...Андрей бурулуп кетти. Ал адеп шаарга келип түшөрү менен эле эки жакка бурулбай Мариянын көрүстөнүнө гүл койгону барып, оюна келбеген көрүнүшкө туш болгон болучу. Сөөк жаткан жердин айланасында ар түркүн гүлдөр атыр жытын аңкытып, көргөн адамдын көз жоосун алат. Шапкесин колуна алып, аялынын сүрөтүнөн көз албай телмире тиктеп турган адамды көргөн карыя күзөтчү тигил кишинин жанына басып келип учурашты:

– Саламатсыңбы, уулум.

– Саламатсызбы, карыя? – Көз жашын кол жоолугу менен сүртө берген Андрей сөз улады: – Айтыңызчы, карыя, бул көрүстөнгө кандай адам камкордук көрүп жүрөт? Тим эле укмуш. Таң калып турам.

– Бул келин сиздин кимиңиз болот?

– Аялым.

– Аялым?!

– Ооба, аялым!

Карыя Андрейди суроолуу тиктеп, аңкайып калды.

– Көрүстөнгө камкордук көргөн адамды сурадыңыз. Таң калып да турасыз. Шаарда сиздин аялыңызды эскере турган эч кимиңиз жок беле? Сизди мен биринчи көрүп олтурам. Башка жактан келгенсиз го?

Андрей оор дем алды. Бир демге башын жерге салып туна түштү.

– Жолдошторубуз бар. Бирок мынчалык күйөрмандарыбыз жок эле, аксакал. Мени көрбөгөнүңүз да чын. Анткени мен Ленинградда турам.

– Бул жерге бир кыргыз үзбөй келип турат. Ал ар дайым гүл коёт да, мага акча таштап кетет. Жакшы, көп жылдык, жыттуу гүлдөрдөн олтургузуп, аны багып көз салып турууну сурайт. А кышкысын болсо карын күрөп, үстүн шыпырып турам. Ал кыргыздын сизге кандай жакындыгы бар неме?

– Досум!– деди Ороздун келип жүргөнүн дароо билген Андрей.

– Анда досуңузга ыракмат айтыңыз.

Андрей үн катпай башын ийкеди... Ал өткөн бир учурду эскерди...

...Ал күнү да эртең менен эрте Орозду жанына алган Андрей Мария менен коштошкону дагы келген. Алып келген гүлүн көрүстөнгө коюп, бир аз айланчыктап, аялынын сүрөтүнөн көз албай телмире тиктеп туруп каргылдана сүйлөгөн:

– Мен кетип жатам. Сени менен коштошкону келдим. Бат-бат келип турбайсың деп таарынба. Кечир мени. Мен келбесем да Бактыбегиңдин ата-энеси бар эмеспи бул жерде. Кантейин, турмуш деген ушундай миң кырдуу неме болот турбайбы. Кош эми, менин мезгилсиз өчкөн чолпон жылдызым...

Андрей Мариянын сүрөтүн кол жоолугу менен дагы бир жолу сүртүп, ирмемге тигиле карап туруп колундагы кепкасын кийип, ылдам бурулуп кетти...

* * *

Бактыбек Москвага келгенден бери үйүн бир ойлосо, атасынын досу Андрей Ивановичти эки ойлоочу болду. Алардыкына баргысы, аяш атасын дагы бир жолу көргүсү келет. Кандайдыр бир күч аны Ленинградды көздөй жетелеп, магниттей тартып тургансыйт. Бирок анын жолуна жолтоо болуп турган бир нерсе – Андрейдин баякыда айткан бир ооз сөзү болду.

Олку-солку болуп жүргөн ушундай күндөрдүн биринде майрамга карата үйүнөн телеграф менен жиберилген акчага удаалаш

үч посылка бир келди. Бактыбек үчүн булар жаңылык эмес болучу. Анткени ата-эне суук түшсө, жолдо тоңуп калат деп күздө жер-жемишти көп жибере турган. Бактыбек извещениени арыдан бери толтуруп жеткирип келген почточуга берип, ыракмат айтты да, шашып-бушуп ящиктерди бир баштан ача баштады.

– Бах, жыргализм, – деди алгачкы ачкан ящиктен чыккан аиктай болгон кыпкызыл алмаларды көрүп.

Бир заматта бөлмөнүн ичи алманын буруксуган аңкыган жытына толуп кетти. Ар бири өзүнчө этиет оролуп салынган алманын бирин колуна алып, шуу-шуу жыттап алып, анан аптыга тиштеди. Жанында Бактыбектин ачылган посылкасын суктана карап шилекейин жутуп турган жолдошторуна күлө бакты:

– Алгыла! Айттырбай эле өзүңөр кирише бербейсиңерби? Бул биздин огороддун быйылкы түшүмүнөн силерге буюрган бир кичинекей үлүшү.

– Бир келгенде үч-төрттөн посылка... Бай турсаңар керек. – Башка институттан келген мейман студент башын чайкады. – Атаң эмне кызматта?

– Колхозчу. Жаман жашабайбыз. – Бактыбек сыймыктана жооп берди.

Экинчи ящикти ачып жаткан студент көзүнө түшүп кеткен чачын артына силке берип Бактыбекке карады:

– Төх, бул алмурут экен, ай Бакы..

– Алмурут! Кана. Оо, чын эле алмурут. Абдан жегиликтүү. Мунун бир жаман жери узакка сакталбайт. Алгыла! Жей бергиле мага карабай. Мени баарынан майрамда ооз тийсин деген экен. Эми суук катуулаганга чейин булар келе берет. – Бактыбек мурдунун таноолорун дердеңдетип жыт искеди. – Тобо, менин мурдума алма менен алмурут жыттанбай эле ата-энемдин жыты жыттанып жатат. – Бактыбектин көздөрү балбылдай түштү.

Балдар каткырып калышты.

– Ыйлаганы турган жоксуңбу? – деди жолдошторунун бири.

– Энеңдин эмчегин эмүүчү эмес белең деги?

– Силер эмчек эмбей жел ээмп чоңойдуңар беле?

– Эмген убакта эмгенбиз. Бирок сени азырга чейин эмеби деп ойлоп жатам да.

– Үч жашка чейин ээмптирмин. Анын эмнеси бар экен. – Бактыбек күлүп жиберди.

– Биз тамаша кылып жатсак, сен ырасы менен эле эр жеткенче эмген торпок турбайсыңбы. Түү, үч жашка чейин.

– Бир үйдө жалгыз бала болсоңор көрөр элем силерди. Оюма коюшкан да эркелетип. Кызыл гүлдөй кулпунган төрт эжекем болсо да, мени жалгызым дешет ата-энем. Аларды айтсам, бирөөнүн бүлөсү деп коюшат...

Үчүнчү посылкадан өңчөй эт чыкты. Өзүнчө оролуп бир бурчуна салынган бышкан тил-жаак, бир керчөөдөн башкасы чийки экен.

Керчөөлөрдү көргөндө Бактыбектин эсине дароо Андрей Иванович кылт этти. Аяш атамдын жакшы көргөн тамагы деп ойлоду ичинен. «Байкуш киши, кайрылып көрөмбү, көрбөймбү», – деп кетээрде ыйлап кетти эле...

Начар курулган плотинаны агыны катуу тоо суусунун толкуну бузуп кеткен сыяктуу Бактыбектин өз үйүндө олтуруп ата-энеси болуп сүйлөшкөн сөздөр, макулдашкан убадалар астым-үстүм түшүп кыйрады да калды. Ооба, анын бардык максатын майтарып кеткен октябрь майрамы менен алиги үйүнөн келген посылкалардын кесепети болду. Анын үстүнө оңдой берди болуп алтысы дем алыш, жетиси менен сегизи майрам. Москванын майрамдык салтанаты менен парадын акыркы жолу өз көзү менен көрүү Бактыбек үчүн кол жеткис Бакыттай болсо да, Ленинградга барып, аяш атасынын үйүндө, алар менен чогуу болуу андан да кымбаттай болуп туюлду.

Институтка барып параддан суранып келген Бактыбек көп ойлонуп турбастан камына баштады. Ал үйүнөн келген алма менен алмуруттан, чучук менен керчөө баштаган эттин чүйгүндөрүнөн ороп, сумкасына шыкай салды. Анан ленинграддык бир студент менен түнкү поездге отуруп жөнөп кете беришти. Жүргүнчүлөр поезддин ичинде өз үй, өлөң төшөгүндө жаткансып купедегилери купеде, плацкарттагылары плацкартта биринин артынан бири уйкуга кетип жатышты. Бактыбек жолдошу экөө купеден чыгып, бир топ жерге чейин терезеден жолдогу шаарлар менен кыштактарды, станцияларды биринин артынан бирин артка калтырып карап турушту. Түн каракчысын тоотпой шаңкайган бийик үйлөр миң-сандаган лампочкалардын нуруна киринип көзгө алда кайдан көрүнөт.

– Бир аз жатып эс алалы, – деди көөдөнүн керип, эки колун эки жакка жайып, эстей берген Бактыбектин жолдошу.

Экөө ээрчише басып өз номерлерине кирипшти. Жолдошу жаздыкка башы тиер тийбестен эле көшүп кетти. Бактыбектин уйкусун бирөө уурдап кеткендей кареги шыпка кадалат. Анын көз ал-

дына баякыда аяш атасы менен өз атасынын кучакташып көрүшкөнү, кубанычтан күлкү аралаш ыйлашкандары, анын кыргыз үйүндө өз үй, өлөң төшөгүн сагынган наристеден бетер маңдайы жаркып, дене бою балкып олтурганы тартылды. Күлүп-жайнап олтуруп эле, бир заматта анын көгүлтүр көздөрү жашылданып, жылдызы өчө түшүп, кайра жанып кандайдыр өкүнүч менен кубаныч тең жарышып көөдөнүнүн тээ тереңинде теминип жаткандай болуп сезилет. «Анык дос деп ушуларды айтыш керек. Бири кыргыз, бири орус. Булар кыйын күндөрдө бирине бири аркажөлөк болушкан. Бактыбек ушуларды ойлоду. Анан дагы баякы эртең мененки өзү менен коштошуп жаткандагы көз жашты эстеди. Уйкудан көзү ачылбаган Бактыбектин жаагына Андрейдин көз жашы тамганда гана селт этип, бүткөн боюна ток тийгендей дүрт эткен.

«Мен атамдын да, энемдин да, Андрей Ивановичтин да айткан аманат сөздөрүн аткарбай, өзүм жалгыз баратам. Кокус «Эмне үчүн жалгыз келдиң? – десе эмне деп жооп берем ыя?» – Өз ою өз көөдөнүн эзет. Ошентип бушайман болуп тигини-муну ойлонуп баратып Ле-нинградга кандай жеткенин да билбей калды...

Бактыбек жолдогу олку-солкулугу обого учуп кеткендей жүрөгү эңсөөдөн түрсүл согот. Аяш атасы менен кезигишүү сезими анын делебесин козгоп, бакыттын башатына чыгып бараткансып сезет өзүн.

Андрей Ивановичтин үйү троллейбус токтоочу аялдамадан анчалык алыс эмес жерде, асман мелжиген он эки кабат үйдө экен. Улан жанындагы жолдошун бирде эстесе, бирде унутуп, эки жагын суктана карап делөөрүй басат. Адамдардын көптүгү, машиналардын суудай агылышы жагынан Ленинград Москвадан кем калышпайт деп ойлоду, светофордон көз албаган Бактыбек бир көчөнүн бир жагынан экинчи жагына өтүшү кыяматтай көрүндү.

Жигиттер керектүү подъездди таап, лифть менен көтөрүлүшүп, аяш атасы жазып кеткен номери бар эшиктин алдына келип токтошту. Звонок берилер берилбестен эле эшик шарт ачылып, андан бой жеткен узун бойлуу, арыкчырайынан келген татынакай ак жүздүү кыз чыгып, бейтааныш уландарды алмай-термей карай берип:

– Сиздерге ким керек эле? – деди көздөрү балбылдап.

– Андрей Ивановичтин үйү ушулбу? – Бактыбек менен кыз тиктеше түштү.

– Ооба, ушул. Азыр... – Кыз эшикти шарт жаап кайра кирип кетти.

Бактыбек чоң шаарлардагы мындай тартипти билсе дагы, аяш атасынын үйүнө эшик ачылары менен кирип баруучудай ойлогон. Таламандын дал түшүндө ууруларча бекинип алып олтурган шаардыктардын турмушун ата-энеси көрсө эмне дээр эле. Бактыбектин оюу ушул жерге келгенде ичтен дабыш чыгарбай жумшак баскан Андрей да чыга келди. Ал Бактыбекти көргөн көзүнө ишенбей толкундоодон селее тиктеп, ирмемге буула түштү.

– Саламатсызбы, Андрей Иванович! Эмне, мени тааныбай калдыңызбы? Ороздун уулу Бактыбек эмесминби. Бул жолдошумдукуна келгем. Силердикине учураша кетейин деп эле... – Мукактана түштү. Бала ыңгайсыздыктан кутулуу үчүн калп айтып жиберди.

– Ким келди?

– Меймандар, апа!

– Мейман? Кайдакы мейман?

– Бирөө папамдын досунун баласы, экинчиси ушул биздин шаардык экен.

Нина чыкпайсыңбы? – Залда балдарга чарк көпөлөк айланып кубанычтан өз терисине өзү батпай толкундап жүргөн Андрей көңүлдүү үн катты.

А Катя болсо Бактыбектердин тыш кийимдерин алып шифонерге илип, буттарына тапочка берүү менен алек.

– Бетиме маска коюп алганымды көргөн жок белең?..

– Анда кечиримдүү. Кыймылдабай жата бер.

Даярдалып жаткан стол үстүнө Бактыбек өзүнүн келген белектерин чыгарып коё баштады:

– Үйдөн келиптир. Өзүңүз көрүп, өзүңүз тиккен алма менен алмурут. А булар болсо...– Салафан баштыкка салынган эттерди алып жатып Андрейди карап күлүп койду.

Бул кезде үй ээси Бактыбектен көз албай кумарлана тиктеп турган.

– Азыр жууп келейин мурда. Катя жуулган жемиштерди тарелкага салып столго койду.

Кыз жүрөгү алып учат. «Сулуу жигит экен» – дейт көңүлүндө сүрдөө менен толкундоодон эки бети албырып. Ал эми Бактыбектин оюу да бул кезде Катяда болуп турган. Кайра-кайра эмелеки эшик алдынан көргөн оттой жанган көгүлтүр көзгө көзү кадала түшөт. «Андрей Ивановичке окшош экен, – деп ойлонот ичинен. – Бул киши да жаш кезинде ушул кызына окшоп өңдүү-түстүү жигит болсо керек».

Бактыбек канчалык өзүн токтоо кармайын дегени менен көңүлү Катя жакка алаксый берди. Андрей жүрөгүн баскандан кийин Бактыбектен ал-жай сурап олтурду.

– Ата-энең кандай турушат? Кат жазып турасыңбы кабарлашып.

– Аман-эсен. Кат болсо кат менен, кат болбосо телефон аркылуу да байланышып турабыз.

– Мен сенин минтип түңтарс келип каларыңды ойлогон жок элем...

Аяш атасынын эмне айтайын дегенин баамдай койгон бала сөзүнүн аягына чыгарбай бөлүп кетти.

– Мени кечирип коюңуз, Андрей Иванович. Ойдо жок жерден эле келип калдым сизди көргүм келип.

Андрей Бактыбектин жолдошун узатышып келгенден кийин, ашканага кызын алып кирип, бир азга буйдалып кайра чыкты.

– Сен өзүңө келген эттин баарын бул жакка алып келген турбайсыңбы, ыя бала?

– Сиз керчөөнү жакшы көрөсүз да.

– Д-а-а, жакшы көрөрүн көрөм дечи. Бирок бул үйдө менден башкасы мындай тамакты билишпейт. Эмне кылалы, беш бармак жасайлыбы?

– Өзүңүз билиңиз. Сизден башкасы эт жебесе...

– Жешет. Бирок бир казан этти бир салганды көрүшпөгөн да. Сен алып келген бул эттин өзү эле ленинграддыктардын кимисинне болбосун көп эт. Мейли салса салалы. Сүрсүтүп да койгон экен. Жешсе жешер, жешпесе өзүбүз жейбиз.

Булар ушинтип жатканда Нина Степановна бетин упалап, чачын оңдоп, үстүнө өз боюна жарашыктуу кынай тигилген кочкул синтетикадан тигилген костюм, көйнөгүн кийип, Андрей менен Бактыбектин үстүнө кирди. Аяш энеси ушул аял экенин улан дароо билди. Ордунан учуп турду.

– Нина, бул бала менен таанышып кой. Баякы айтып жүргөн досумдун уулу, Кыргызстандагы.

Аял баланы бир демге баштан аяк сынай тиктеп туруп, күлүмсүрөп койду:

– А, эсимде, эсимде. Бул бала Москвада окуйт экен дедиң беле? Түзүк, Эмне туруп калдың, олтура бер, жигит.

Бактыбекке кайдыгер мамиле кылганына комсунгандай энеси менен мейман жигитти алмай-термей жал-жал тиктеп турган Катя атасынын шилисине келип токтоду. Эки колу менен эки бөйрөгүн таянып бир демге үнсүз тургандан кийин энесине минтти:

– Мама, мейманга эмне тамак жасайбыз?

Андрей кызынын суроосуна аялынан мурда жооп берди:

– Бактыбек эт алып келиптир. Түшкө кыргыздын беш бармагын жасайлы, кызым.

– Андай тамакты даярдаганды билбейбиз да, папа?

– Мен өзүм жасайм...

Арадан көп убакыт өтпөй куйкум аралаш жылкы этинин жагымдуу жыты буруксуй баштады. Аялынын бөлмөсүнөн кабагы салыңкы чыккан Андрей Бактыбекке карады:

Айланып кетейин, зериккен жоксуңбу? Түшкү тамакты ичип алып, Катя болуп шаардын бир топ жерин кыдырып келели. Жетишпей калган жерлерди эртеңкиге же башка күндөргө калтыралы. – Ата башка бөлмөдө жүргөн кызын чакырды.

– Эмне, папа?

– Бактыбекти алып кирип библиотекаң менен тааныштырсаң боло. Же телевизор көргүлө. Тамак бышканга али көп бар. Мейманга көңүл буруш керек да, кызым. Эртең мененки тамакты да жарытып ичпей койду. – Андрей жигитке карады. – Жуурат ичесиңби, Бакы?

– Жок, ырахмат, эч нерсе ичким келбейт, Андрей Иванович!

– Анда эмесе кино көргүлө.

Катянын көздөрү күлүңдөп, атасынан ушуну эле күтүп тургансып, жүзү жадырай түштү.

– Жүрү, Бактыбек. Азыр жакшы кино болот. Же телевизорду ордуна алып чыгып коёлубу? Я, папа?

– Ордуна койсоң ордуна кой, ордуна койбосоң ошол өз бөлмөңден деле көрө бергиле.

Жигит Катяны карады. Бул кезде кыздын жапан куштукундай болгон ойноктогон көздөрү өзүнө кадалып турган.

– Эмне кино экен?

– Чапаев жөнүндө.

– Көргөм. Бир эмес бир нече жолу.

– Анда карындашыңдын библиотекасын көр.

«Ырахмат Андрей Иванович, эч нерсеге табитим тартпай турат. Катя сен да капа болбо», – деп айтканы баратып кайра унчукпай калды. Анткени Бактыбек баятадан бери аяш энесинин кабак-кашын, жасаган мамилесин байкап, көңүлү чөгүп олтурган болучу. Аял кимгедир ачуусу келгенсип кабагы карыш түшүп, терезелердин форточкаларын булкунуп ачкан. Анан Андрейге кандайдыр бир жагымсыз катуу сөз айткандай болгон. Бактыбектин

келишин каалабагандай же анын бир нерсесин жактырбагандай болгон аялдын сузданган жүзү жаш жигитти капа кылып койду. Бактыбек езүнөн өзү санааркап олтурду. Көбүнчө эки ортодо кыжаалаттанып сыр билгизмемиш болгонсуган Андрей Ивановичти аяды. Бактыбектин баамдашында аяш атасы кайып-каскагынан чакырылбай келип калган досунун баласы үчүн аялынан кечирим сурап чыккандай болуп калды. Мындай жагымсыз көрүнүштүн баарын өзүнө алган жигиттин табити киного да, башкага да чаппады. Бир оокумдан кийин гана жанында өзүн күтүп турган Катяга минтти:

– Катя, мени кечирип кой, эч нерсеге көңүлүм келбей турат.

Кино көрбөсө библиотекага кирер бекен деп турган Андрейдин көөдөнү кысыла түштү. Анткени кыраакы Андрей мейманды дароо сезди. Бактыбектин өткүр көзү көзүнө урунганда бүткөн бою ымырчымыр болуп, жүрөгү булкуп алды. «Мариянын көз карашы» – деди ичинен түтөп. Ал адамга катуу нааразы болгондо гана дал ушинтип карачу. Андрей өзүн жалтанбай сынай тиктеп турган бул оттуу көздөн жалтанып кетти. А Бактыбек болсо, аяш атасынан карегин албай кадала тиктей берди. Ушул саамда анын оюна баякы өз үйүнө баргандагы ата-энесинин бул кишиге чарк көпөлөк айланганы биринин артынан бири түшүп жатты. Анда бул адамдын мүнөзү да мындай эмес нары салабаттуу, нары чечкиндүү болучу. Бактыбектин дагы бир байкаганы Андрей абдан ойчул, санаачыл адам сыяктуу көрүнгөн. Жигиттин оюнан кетпей калган дагы бир иш аяш атасынын эки бети албырып, телегейи тегиз, дүнүйөсү түгөл тартып Ороз менен Айсалкынды, жада калса Бактыбектин өзүн караган сайын дүнүйөсү түгөл тартып жайнап-жадырап олтурган болучу. Анан дагы баякы эртең менен узар алдында өзү менен коштошкону киргендеги кош карегинен аккан эки тамчы ысык жаш Бактыбекти азыр да селт эттирди. Эң жакын, кыяматта кыйышпас адамы менен акыркы жолу коштошуп жаткандай туюлган аянычтуу көрүнүш Бактыбектин канында азыр да ойноп, тигил кишини аяп турду. Ал азыр өз үйүнөн көргөн аяш атасы эмес эле, башка бир бечара, айласы кеткен алсыз, кунарсыз бирөө менен олтургандай сезди өзүн. Бактыбек бир топ тынчтыктан кийин:

– Сиз мени кечирип коюңуз, Андрей Иванович, кыжалат кылып койдум окшойт.

– Жок, жок, Бактыбек, сен биз жөнүндө кенедей да эч нерсе ойлобо. Аяш апаң: «Мейман баланын өз тамагын өзүнө бербей башка тамак жасаш керек болучу», – деп капа болуп жатат.

Бактыбек көзүнүн төбөсү менен Андрей Ивановичти бир карап коюп, башын ийкемиш болду. Бул үйдөн азыр эле чыгып кеткиси келип турду. Бирок эмне үчүндүр санаасы да, ою да кайра баштан эле тигил ак чач болгон кашка баш кишиге келип токтоло калып, аны кыйбас боор ооруу сезими баарынан күчтүүлүк кылып жатты. «Байкуш Андрей Ивановичтин керт башында кемтиги жок алтын киши экен. Ошого жараша аялы жарашпай калганын кара, – дейт жүрөгү дүпөйүл согуп. – Бул үйдө атасын тартып Катя эстүү кыз көрүнөт. Баласы болсо жаш экен...»

Чындыгында эле Бактыбек келгенден бери атасы менен тең жарыша чуркап убараланып жүргөн да, Бактыбекке көңүл бурган да ушул кыз. Катя алып келген альбомдорду көңүлсүз барактайт. Андрей Ивановичтен башка бул сүрөттөрдүн ичинде өзүнө тааныш эч ким болбосо, Бактыбекке анын кызыгы не.

– Мында сенин ата-энең менен түшкөн сүрөттөр да бар.

– Д-а-а.

Катя креслосун жылдырып Бактыбекке жакындай олтурду.

– О-о, папам ал сүрөттөрдү бардыгынан жакшы көрөт. Эсине түшкөн сайын альбомду атайын алып, канча бир убакытка чейин тиктеп олтура берет.

Бактыбек кайсы сүрөттөр жөнүндө айтып жатканын түшүнгөн жок. «Болду, болбоду, баякы барышында ала келсе керек» дегенсип турду.

Жаңы ачылган барактан Бактыбек өңү жылуу адамдар менен кезикти. «Кыргыздар экен» – деп ойлоду ичинен. Ак халатчан эки-үч аялдын узатуусунда, кандайдыр бир үйдүн эшигинен оролгон баланы бооруна этиет кучактап чыгып келаткан аялды көрүп бушуркөй карады. Анын алдындагы сүрөткө бир эркек киши тигил аял көтөрүп турган баланын жүзүн эңкейип карап жаткандагы мезгили алыныптыр. Дагы бирөөндө тестиер кыз бешиктеги бетин ачып койгон баланы терметип олтурат. Бешикти курчай олтурган дагы үч кыз. Ал эми тигил бала алып олтурган татынакай келинчектин бир жагында кыргыз, бир жагында орус жигит.

– Кимдер экенин тааныдыңбы? Папама ырахмат айт, карачы кандай сактаган силерди. Деги тааныдыңбы өзүңдү?

– Жок.

– Кызык го, ата-энеңди тааныган жоксуңбу? Мына булар сенин эжелериң, а бул экөө атаң менен энең. Папам бизге ушинтип айткан. А тигил кичинекей баланын баары сен. А мунусу папам.

Андрей мойнун созуп карап калды:

– Кана, бери кылчы. – Андрей альбомду колуна алды. – Мына бу, Айсалкын сени төрөп, жаңы эле төрөт үйүнөн чыгып келаткан-да тартылган. – Сөөмөйү менен көрсөттү. – Калгандары сенин балтыр бешик кезиңде үйүңөрдөн тартылган.

Бактыбек таң калып олтурду. Ал бул үйдөн мындай сүрөттөрдү көрөмүн деп такыр ойлогон эмес. Кубанычтан жүрөгү толуп турду. Москвага ала барып кайрадан көбөйтүп алууну ойлоду.

– Эмне үчүн бул сүрөттөр биздикинде жок? Же алышкан эмеспи?

– Мен тарткамын. – Андрей оор улутунду. – Ошол кезде кагаз тартыш эле. Пленкасын бул жакка ала келип чыгаргамын. Бай, бай, аябай ыйлаак элең, Бактыбек. Энең айтабы?

Жигит күлдү.

– Ооба, айтып калышат.

Эмелеки көңүлүн удургуткан бороон өз үй-бүлөсүнүн сүрөтүн көргөндөн кийин тарай түштү. Маңдайы жаркып, сүрөттөрдү тик-теп туруп сүйлөп жатты:

– Андрей Иванович, энем жаш кезинде сулуу экен ээ аябай. Атам дегеле мурутун чыйратып болбойт. Болду болбоду мына бул бешик терметип олтурган Марипа эжекем болсо керек. Саамайын серейтип, алдыңкы эринин тиштеп, жымыйып түшүптүр.

– Жо, Занипа ал. Марипа мына. Мунусу Азипа, а бул Зарипа. – Андрей тигил кыздарды сөөмөйү менен көрсөттү.

– Азыр бул сүрөткө эч кимибиз окшобойбуз...

– Кайдан окшойсуңар. Андан бери канча жыл өттү? Сенин энең да, атаң да келишкен сымбаттуу, өңдүү-түстүү кишилер болучу. Өзгөчө Айсалкынды карап эле тургуң келүүчү. Азыр мына бул бешикте жаткан баланы Бактыбек десе ким ишенет. Д-а-а, сүрөт жакшы эстелик болот тура...

Жигиттин ачылган көңүлүн кайра баштан кирдеткен иш эт чыгарылганда башталды. Аяш энеси өз бөлмөсүнө кирген бойдон чыкпай койду. Андрейдин кичи баласы атасы кесип берген этти алган да, жеген да жок. Ушундай жагымсыз көрүнүштөрдү көрүп олтуруп «Атам менен энемди бул үйгө алып келбей калайын» деп ичинен өзүнө өзү убада берип, өзүн өзү бекемдеп олтурду. Анын жуткан ар бир тиштем эти тамагына түйүлө калып, күч менен өтүп жатты...

Тамактан кийин Андрей эки баласын ээрчитип алып шаар кыдырып, кино көрүп жүрүп, үйгө кеч кайтышты. Андан кийин ата-бала аркы-беркини сүйлөшүп олтуруп, түндүн бир оокумунда араң жатышты. Эртең менен Бактыбек чочуп ойгонду. Аяш атасынын төшөгүндө жогун көрүп, ордунан секирип турду.

Бул кезде Катя таштанды салынган чаканы төккөнү ашканадан жаңы чыкканда, ар жактан Бактыбек көрүндү. Кыз ошол замат көтөргөн идишин дубалдын түбүнө коё коюп далысын дубалга салып тура калды. Кыз жигитти, жигит кызды тиктейт. Катянын жалжылдаган көзүн көргөндө Бактыбектин жүрөгү сызыла түшүп, булкуп алды. «Ак гүлдөй үлбүрөгөн сулуу кыз экен», – деп ойлоду ичинен. Бул кезде Катянын жүрөгү да торго түшкөн чабактай туйлап, жаш жигиттин бажырайган капкара көзүнө, жаңыдан эле тасмалдап кийген жарашыктуу майда чакмактуу сургулт костюмуна суктана карап, көздөрү ойноктоп турду. «Кайсы убакта утюг басууга үлгүрдү экен? Тобо, чыгымдуу жигит окшойт. Болду болбоду түндө кинодон келгенден кийин тасмалдаса керек». Экөө уурттарынан тымызын жылмая бергенде, көздөрү да ажайып күлүңдөй түштү.

– Андрей Иванович парад бүтмөйүнчө келбейби? – Бактыбек аяш атасынын качан келерин билип туруп сурады. Бирок эмне үчүн сураганын өзү да билген жок.

– Келбейт. А сенин кечээки жолдошуң качан келет?

– Келиш керек. – Бактыбек саатын карады.

– Билесиңби, Бактыбек, папам мени сени менен чогуу болгун деди.

– А парадчы? Барбайсыңбы?

– Чогуу барабыз.

– Силердин институткабы? Ал жерде мага суутуп коюптурбу?

– Институтка барбайбыз да. Папам пропускасын таштап кетти...

Катя менен Бактыбек ушинтип сүйлөшүп жатканда каалганын коңгуроосу шыңгырады. Кыз эшик ачууга ылдамдай басты. Бактыбектин көзү алайды. Ал полдо турган чакадан картошка менен капустанын кабыгы, идиш-аяктын жуундусу, өзү алып келген эттердин бышылуу-чийкилүү болуп таштандыда жатканын көрүп күйгөнүнөн дем тарта албай калды.

Кыз келген мейманга эшик ачып кайра келди. Ал Бактыбектин чакадан көз албай өңү өчүп томсоро тиктеп турганын көрүп, уялганынан эмне кыларын билбей калды. Чаканы далдалай токтоду. Үнү буулуп чыкты.

– Жолдошуң келиптир кечээки. Үйгө кир десем болбой койду.

Бактыбек ушуну эле күтүп тургансып, өзүн эшикти көздөй атты. Катя чыкканда ал тигил курдашы менен лифтини көздөй кетип бараткан.

– Бактыбек, сен кайда? – деди кыз артынан.

– Парад көргөнү.

– Эч нерсе ичпей элеби? Азыр эрте да.

– Рахмат, эч нерсе ичким келбейт.

– Силерди кайсыл жерден табам?

Жигиттер буйдала түштү. Алар бирин бири карап туруп экөө бирдей далысын куушуруштү. Бактыбек бурула берип кайра токтоду:

– Балким, биз кезигишпеспиз, Катя. Келбей калсам Андрей Ивановичке салам айтып кой.

Жигиттер кабинеге кирип көрүнбөй калышты. Катя балдарга бир нерсе айтмакчы болду эле, үлгүрбөй калды. Ал Бактыбектин кеткенине ичи эңшерилип, олжосун оозунан алдырган макулуктай турган ордунда катты да калды. Азыр ага бардыгы көңүлсүз болуп, айлана суук тарта баштады. Ыйлагысы келип турду. Бактыбектин жанында кийип басам деп даярдап койгон пальтосуна да, туфлисине да, көйнөгүнө да эми анча көңүлсүнбөй калды. Анын оюна бир нерсе кылт этти. Ал ой болсо, тигил уландардын артынан кууп жетүү болучу. Бирок жете албай калганын сезип, жүрөгү сыздап турду. Эмелеки Бактыбек турган терезенин алдына барып көчө жакка көз чаптырып, кыйма-чийме өтүп жаткан адамдардын ичинен алатоолук барчынды издеп таппай жатты. Кыз энесинин үнүнөн селт этти.

– Чаканы эмнеге алып чыкпадың?

– Азыр. – Кыз көңүлсүз үн катты. – Сен билесиңби, мама, биз Бактыбекти таарынтып жибердик.

– Эмнеге таарынтып? Ал кетип калдыбы?

– Кетти.

– Эмне үчүн? Андрей аны эртең кетет деп жатпады беле? Каалабаса бара берсин. – Аял камаарабай сүйлөдү.

– Да, мама, папам аны жакшы көрөрүн, сыйларын кантип түшүнгөн жоксуң. Тим эле өз баласындай көзүн карап. Бактыбектин ата-энеси менен папамдын кандай дос экенин эми түшүндүм. Параддан кийин бир жакка алып барам деп жаткан. Кетип калганына өкүнбөйт деп турасыңбы. Бардыгына сен экөөбүз күнөөлүүбүз.

– Эмне үчүн экөөбүз?

– Атайын алып келген тамактарын таштандыдан көрүп, өңү өзгөрө түштү. Мен абдан ыңгайсыз абалда калдым. Сен кайра-кайра алып чык деп...

Нина бирдеме айтуучудай болуп барып, буула түштү. Кыз энесине минтип кайталады:

– Кечирим сурап кат жазыш керек.

– Ким жазат?

– Эне катарында жазып койсоң эмне болот эле?

– Кызык, – деди Нина, – кайдакы бир баланы капа болуп кетти деп мени айыпка жыкканы турасыңбы? Жазгың келип турса жаза бер өзүң. – Катянын көзү киртийип турду.

– Эмне экен жазса! Жазам!

...Катя атасынын кыргыз досунун мынчалык сымбаттуу, өңдүү-түстүү уулу бар деп оюна да кирген эмес. Өзү үчүн кимдир бирөө айдап келгенсип кайып-каскагынан келген бул келишимдүү жигит менен канткенде бирге болом, кайтадан кантип кезигем» деген армандуу ой кызда күчтүү болучу. Анын ою боюнча бул чөлкөмдө Бактыбек менен өң жагынан да, келбет жагынан да, бой жагынан да салмакташа турган эч ким жоктой сезилген. Атасынын аяш баласы менен кененирээк таанышуу, анын жанында кыздардын көз жоосун алып бирге басуу Катя үчүн сыймык эмес беле. Бактыбек экөө баратканда курбу-курдаштарынан бирөө-жарымы көрдү дегенче, өз чөйрөсүнө шамалдай тарайт деп ойлогон. «Бүгүн мен Катяны көрдүм. Ал бир чоочун жигит менен баратат. Алагар кара көздөрү жайнаган, каш-кирпиги боёгондой болгон сулуу жигит экен. Тим эле Катя экөө төп келишип калыптыр» деген сыяктуу сөздөрдүн чыгышын күткөн болучу кыз. Эми минтип ойлогон ою абага учуп кеткендей бир заматта астым-үстүм түшүп кеткенине кантээрин билбей максатсыз басып, түндө Бактыбек менен атасы жаткан бөлмөгө кирди. Эки жагын көңүлсүз карап, томсоруп турду. Ошол саамда үйдүн ичинен анын көзүнө урунганы кетип калган уландын сумкасы болду. Кыздын оюн бир заматта кубанычтуу үмүт аралап өттү. Биз үчүн келбесе да сумкасы үчүн кайрылат деп ойлоду... Ошентип Бактыбекти күткөн Катя көчөгө да чыкпай, институтка да барбай кечке үйдө камалып олтура берди.

Андрей параддан өтүп эле үйгө шашып келген. Болгон кабарды кызынан угуп, жүрөгү ооруп, көңүлү зилдеп турду. Келеби деп күттү. Бирок Бактыбек кайрылбаган бойдон дайынсыз болду. Андрей баласын ойлой берип, өңүнөн азып кетти. Ал ичинен тымызын сызып, от жутуп жүрдү. Муну өзүнөн башка жан киши билбеди. А Нина болсо өзү келип, өзү кеткен бирөө катары ойлоп тим болду. Ал эми Катянын дарты атасыныкынан ашып түшпөсө кем эмес эле. Атасы улутунган сайын аны аяп, Бактыбек эсине түшөт да турат. Катянын көз алдынан кетпей турган дагы бир көрүнүш бул болду. Аяш уулун күтө берип түңүлгөндөгү өңүнүн кубарып, күрөө

тамырлары көөп, үнү кирилдеп, көздөрү жашылданып, башы калчылдап: «Олда байкуш балам ай, минтип кетип калаарыңды билгенде өзүм менен кошо ала кетпейт белем. Ушул үйдү үй деп, бизди киши деп дегдеп келип...» Атасынын түтөп туруп айткан сөзү кулагына угулат да турат. Катянын ишенимин арттырып, максатын бекемдеп турган атасынын доско достой мамиле кылгандыгы болду.

Аяш агасынын артынан эки баракка толтуруп кат жазып жиберди. «Бактыбек, сага бул катты жүрөгүмдүн буйругу боюнча жазып олтурам, – деп баштаган катты. – Сен кеткенден кийин өзүмдү эмне үчүндүр жалгыз калгандай сездим. Мен бул бактылуу күндү өзүң менен бирге өткөрөм деп ойлогон болучумун. Үйдөн чыккан бойдон кайрылбай кетишиң жалгыз эле мени эмес, папамды да күйүткө салды. Ал азыр эч кимибиз менен сүйлөшпөй, тамак да ичпей, эч жакка чыкпай бөлмөсүндө бүк түшүп жатат. Көрсө, менин атам башка бирөөнүн баласын да өз баласындай көргөн мээрбан, айкөл адам турбайбы. Балким, сенин атаң да ушул менин атам сыяктуу телегейди тең санаган деңиз киши болсо керек. Сумкаңды албай калтырып кетиптирсиң. Папам аны колуна алып көпкө чейин ары-бери кармалап туруп: «Урунбай, таза катып кой», – деп маган берди. Ичинде блокнотуң бар экен. Руксатсыз аңтаргандым-тым үчүн кечирим сурайм. Окуюн деп окуй албай койдум. Сыягы өз тилиңде жазган окшойсуң. Эчен-эчен папама керсөтөйүн, «окуп бер» деп айтайын деп айта албадым.

Сен биздикине келе электен мурда эле папам силер жөнүндө көп айтуучу. Атаң менен энеңди мактоочу. Кыргыз досторун, кыргыз жерин оозунан түшүрүүчү эмес. Көрсө туулуп-өскөн жерин Ата Мекен деп ошон үчүн айтат тура. Күнөстүү Кыргызстанды, Ысыккөлдү картадан көрсөтүп, ал жөнүндө, анда жашаган меймандос эл жөнүндө айтканда, мен качанкы бир оздон оозго өтүп айтылып келе жаткан жомоктогу каармандарды, ажайып сонун жерлерди көз алдыма элестетүүчүмүн. «Кыргыздын кыздары куштай сулуу, жигиттери бүркүттөй алгыр болот» десе көрүүгө дилгирленүүчүмүн. Өзүң биздикине келгенге чейин папамдын досунун сендей жакшы баласы бар экенин, анын Москвада окуп жатканын билген эмесмин.

Атамдын айткандарынан улам кыргыздардын өңү орустардай болбой кара тору, нур жүздүү болот экен дечүмүн. Көрсө, силерде деле бизге окшоп ак жүздүүсү болот тура. Мен сени көргөндөн кийин ошондой деп ойлоп калдым. Бизден айырмаланып турганың эле көздөрүң менен каш-кирпигиң, чачтарың экен түндөй болуп.

Катымдын акырында сенден көптөн көп өтүнүп суранарым, мамамдын анча-мынча кыялын, кетирген кемчиликтерин кечирип кой. Анын «жаратылыш тартуулаган тубаса мүнөзү ошол. Чынын айтсам сенин кетип калганыңа өзү да кийин өкүнүп калды. Убактың болсо, телефон шыңгыратып, папам менен сүйлөшүп кой. Кубанып калсын.

Эгерде менин сунушума каршы чыкпасаң мындан ары аталарыбыздын жолун жолдоп, таанышып жүрөлү. Кат күтөм сенден, Бактыбек.

Катя».

* * *

Бактыбек катты күтүүсүз жерден алды. Ал бул кызды минтип кат жазат деп ойлогон эмес. Экинчи кайрылбайм деген аяш атасынын үйү анын жүрөгүн кайра баштан дүрбөлөңгө салды. Андрей Ивановичке жолукпай кете бергенине ичи ооруп турду. Абалын угуп кейиди. Бактыбектин көңүлүн чаңдатып турган дагы бир иш өзүнүн үйүнө жазып жиберген каты болду. Ал аяш атасыныкына баргандыгын, алардын кандай кабыл алгандыгын, анда экинчи жологус болуп таарынып кайткандыгын ийне-жибине чейин билдирген болучу. «Атамдын көңүлүн досунан бекер сууткан экенмин», – деп эрдин кесе тиштейт.

«Сен кеткенден кийин өзүмдү эмне үчүндүр жалгыз калгандай сездим. Мен бул бактылуу күндү өзүң менен бирге өткөрөм деп ойлогонмун» деген сыяктуу кыз кыялы менен жазылган жагымдуу сөздөрү жаш уландын жаштыкка мас, учкаяк делебесин козгоп, тээ ободогу жылдыздар дүйнөсүнө сермейт. Бирде Катянын жоодураган мөлтүр көздөрү, ак кагаздай болгон жүзү, ачык-айрым наристе кыялы Бактыбектин ой-санаасын ээлеп алса, бирде аяш атасынын өзү үчүн тарткан түйшүгү санаасын санга бөлөт. Орус кызынын чынчыл, тайманбас мүнөзү Бактыбекке көбүрөөк жакты. Анан ал өзү окуган орус акындары менен жазуучуларынын чыгармаларындагы каармандар биринин артынан бири көз алдынан тартылып өтөт. Анда чыныгы турмуштун көркөм элестери, орус элинин, орус жигиттери менен орус кыздарынын эмгектеги тайманбас эрдиктери менен эриш-аркак болуп аралаш жашаган махабаттары, оттуу сүйүүлөрү, ички сырын жашырбай бетке айткан ачык-айрым мүнөздөрү бүтүндөй орус кыздарынын, орус аялдарынын өмүр баяны болуп Бактыбектин мээсине куюла берет. «Мен Катяны бирин-

чи көргөндө эле жактырып калган болсом керек. Анын көз карашынан алыскы тереңдикте жаткан бир ажайып шоокумду байкагандай болучумун. Балким, ал менден ошондой табышмактуу көрүнүштү байкагандыр. Бирок мынчалык тез ачылып кетээрин ойлогон эмес элем. Же чыныгы сүйүүлөр ушинтип башталуучу кереметпи. Катя бар болгону биринчи курстун студенткасы. Али өз эркин өзү толук башкара элек эселек кыз». – Бактыбек оюн толук жыйынтыктай албай чачылат. Ал катка кандай деп жооп жазарын да билбеди. Ары ойлонуп, бери ойлонуп олтуруп Андрей Иванович менен Нина Степановнанын ден соолугун сурап, өзүнүн ал-жайын кыскача баяндап, куш тилиндей кат жазып салып жиберип санаасы тынды...

Институтта кышкы семестр башталып калган. Бактыбек зачётторун толук бүтүп, экзамен берип жаткан болучу. Ал алгачкы экзаменди ийгиликтүү берип, институттан чыкканда айлана ак чаңгыл тартып, кар бапактап жаап жаткан. Жигит эки жагын бир демге карап туруп пальтосунун жакасын көтөрүп, шапкасын баса кийди. Анан муздак абадан кере-кере жутуп дем алды. Жигиттин оюнда эмки экзаменден башка эч нерсе жок болучу. Машиналар сейрегирээк жүрүүчү жолдо үшүгөнчө басып жүрүп, калган убактысын жатаканада сабак даярдоо менен өткөрөм деп ойлоду. Ооба, анын бүгүнкү планы эртең менен эле ушундай болучу. Канча басканын, көп же аз экенин өзү да билген жок. Жигит саатын бир карап алып, жатаканасын көздөй ылдамдады. Аны ал жерде өзүнүн жолдоштору күтүп жатканын эстеди. Бактыбек көңүлүндө өзүнүн бөлмөдөгү эртеңки дежурствосу жөнүндө ойлоду. Түшкө үйүнөн келген күрптүн этин картошка менен бышырмак болду. Бактыбек ушуларды ойлоп келатты. Алты студент бир жатуучу. Жатакана боюнча мындай чоң бөлмөлөр саналуу болучу. Бактыбек биринчи келген жылы эле ушул жолдоштору менен орун алган бойдон чогуу жашап калган. Биринин жыты бирине сиңишип, биринин арзан-кымбатын бири билишкен эстүү балдар.

Студенттерби, мугалимдерби, айтор, институт боюнча Бактыбектердин бөлмөсүн «Интернационалдашкан бөлмө» деп коюучу. Бул чындыгында эле жүйөлүү сөз эле. Алты баланын улуту алты башка. Бири орус, бири кыргыз, бири казак, бири монгол, бири латыш, бири украинец. Алар бир атанын баласындай болгон ынтымактуулугу, окуудагы ийгиликтери менен башкалардан айырмаланып туруучу.

Бактыбек бөлмөгө киргенде эле стол үстүн көрүп бажырая түштү. Жолдоштору орундарынан тура калышып кыйкырып жиберишти:

– Куттуктайбыз!

– Эмне менен?

– Экзамениң менен.

– Аа...

– Кайда тентиреп жүрдүң, институттан небак эле чыгыптырсың. Биз сени издеп барып, жер сыйпалап кайра келдик. Сага меймандар келгенин байкап жатасыңбы?

– Кайдакы меймандар?!

Бактыбек эки жагын карай берип, артынан кирип келаткан Катяны көрүп жүрөксүй түштү. Кыз кылыктана Бактыбекке кол сунду.

– Адатта кыздар мурда кол бериш керек. Туурабы? – Катянын көздөрү күлүп турду.

Экөө кол алышты.

– Кандай турасыңар? Андрей Ивановичтин ден соолугу жакшыбы?

– Папам бул жерде. Азыр эле сенин алдыңда көчөгө чыкты. – Катя Бактыбектин чечкен пальтосун илгени басты.

– Индюкту салалы коноктorго. – Бактыбек чачын тарап жатып жолдошторуна карады.

– Тамак бышып жатпайбы. – Балдардын бири жооп берди.

– Биздин элдин шарты боюнча меймандарга арнап өзүнчө тамак асыш керек.

– А бул бышып жаткан тамакчы?

– Аны да ичебиз. Индюкту да жейбиз.

– Жогору өтүңүз, Екатерина Андреевна, конок эмессизби? Сен да Бактыбек.

– Рахмат сиздерге, – деди Катя шаңданып, – институтта биринчи курстун студенткасы болсом да Екатерина Андреевна деп атаганды биринчи угушум. Кулакка жагымдуу болот экен. Сыягы бойго жетип калган окшобоюмбу. – Жүзү жадырап турду. – Мен олтурбай эле сиздерге жардам берейин. Эркек балдар тамак бышырып жүрсө, кыз баланын олтуруп алганы уят да.

– Балдар! – деди орундукту оңдоп коюп, эки алаканы менен алдындагы стулдун кырын кош колдой басып. – Силерди Катя менен тааныштырган эмес турбайымбы?

Студенттер дуу дей түшүштү.

– Бактыбек Орозович, сен институтта жүргөндө эле өзүбүз таанышып алганбыз.

– Оо, анда жакшы болгон тура. – Бактыбек магнитофонду көздөй басты. – Екатерина Андреевна, музыка дүйнөсү менен кандайсыз?

– Музыканы да жаман көргөн киши болучу беле? – Орусчаны акцент менен сүйлөгөн улан кызга бажырая карады. – Биз кандай ырдайт экенбиз Екатерина Андреевна сындап көрсүн.

– Кана, угуп көрөлү. Көп болбосо да аз-аз түшүнүгүм бар музыка жагына...

Кассетада уландардын өз тилинде ырдаган ырлары жазылган болучу. Бир заматта «Орус талаасы» деген ыр жаңы эле жаңыра баштаганда эшиктин звоногу шыңгырады.

– Кантсе да папам келди, – деди кыз ордунан козголо берип.

– Олтура бер, Катя, мен эле ачам, – кара тору, көздөрү болорболбос куушураак келген жигит ордунан турду.

Андрей Ивановичтин алдынан Бактыбек утурлай басты.

– Саломалейкум.

– Алейкума салам. Кандай, Бактыбек?

Экөө бирин бири тиктеше түшүп кучакташа кетишти.

– Мен силердин ушинтип учурашарыңарды билгем, папа, Бактыбек мени менен кучакташып көрүшкөн да, өбүшкөн да жок.

– Сен кызсың да, кагылайын.

– Кыз киши эмес бекен?

– Ошондой болсо да!

– Мейли, папочка, түшүндүм. Мага айткылачы, азыр силер кайсы тилде сүйлөштүңөр?

– Кыргызча учураштык, – деди Андрей папагын колуна алып.

– Мен да ошондой деп ойлогон элем. Папа, мына бул кассетада ушул бөлмөдө жаткан жигиттер дин тилдеринде ырдаган ырлары жазылыптыр. Угалыбы?

Пальтосун чечип жаңы эле балдардын колуна берген Андрей төш чөнтөгүнөн тарагын алып чачын тарай берип, орундукту көздөй басты.

– Угалы, кызым. Кана, башынан коюп койгулачы.

Бактыбекти жаңыдан көрүп жаткандан бетер Андрейдин көңүлүн кусалык басат. Кайра баштан Мария эсине түшөт. «Сени төрөйм деп төрөй албай жатып өлдү эле байкуш энең. Он ай көтөрүп, омурткасы сыздап... Бала деп эке-дыка болуп жүрүп... Оо, шордуум. Ушундай өмүрү кыска бактысыз аял турбайсыңбы. Тилегин тилеп

жүрүп тапкан балабыз өлгөн сени эмес тирүү мени билбей калды. Сен экөөбүз бул баланы башкалар үчүн тилеген турбайбызбы. Жок, жок, мен аларды такыр күнөөлөй албайм, Ороз менен Айсалкынга сенин айтууң боюнча мен өзүм бердим баланы, «менин балам» деп талашууга эч кимдин акысы жок. Ушундай баланы тарбиялап өстүргөн адамдарды тигиндей-мындай, бөлөк-бөтөн деп айтыш акмактык эмеспи. Карасаң Макиш, уулубуз так эле сенин өзүң. Сүйлөгөнү да, күлгөнү да кудум эле сен...» Ушундай ойлор Андрейдин көөдөнүндө удургуп жатты.

Балдардын шаңдуу күлкү, шайыр сөздөрүнө жаңырып бака-шака болуп жаткан үйдүн ичин бир заматта тынчтык басты. Бир гана аккордеондун коштоосунда ырдап жаткан жигиттердин мукам үнү биринин артынан бири таңшый баштады. «О-х-о-о, – деди Андрей ичинен, «Орус талаасын» кунт коё тыңшап, үнү ун экен».

Экинчи ыр башталганда мейман балдарды бир сыйра көңүл бура карап алды. Баятадан тигил кара торусунан келген, алиги көздөрү кууш уланды казак бекен деп олтурган Андрей жаңылганын сезе койду.

– Бул ырдап жаткан сен болсоң керек,

– Ооба, мен. Монголчо «Жаштык» деген ыр.

Кассетадан улам бир башка тилдеги ырларга кезек берилген сайын жаштар өз үндөрүн, өз сөздөрүн угуп тамылжып, бирин бири карашып дегеле көңүлдүү. Бир кезде комуз күүсү таңшып келип, анан анын ыргагына кошулуп «Кыргыз жери» деген ыр ырдала баштаганда Бактыбек алдыртан Андрей Ивановичти карап алды. Ал аяш атасынын жүрөгү көөдөнүндө күчтүү булкунуп жатканын билген да, ойлогон да жок. Ушул саамда бул киши бирде Алатоонун атыр жыттуу ажайып жерлеринде, бирде Ысыккөлдүн тереңинде чабак уруп, бирде ошол Алатоонун аймагында агарып-көгөрүп, өсүп-өнүп жаткан кыргыз элин көз алдынан чубурта берди. Бактыбектин үнү тээ алыста калган качанкы бир каткан кусалыкты козгоп, Андрейдин дене-боюн бошотуп баратты. Балалык кезин, аскасы асман челген Тяньшандын тоо-токоюнда калган мыйтыйган издери көз алдына келе калып жатты. Андан кийин кош карети Мариянын төрөй албай кыйналып жаткан кебетесине, алкашалка тер кеткен тамылжыңкы жүзүнө урунду. Бир жумадан бери күнү-түнү менен толгоо тарткан бечарада ырп этээрге дарманы жоктой мойнун алсыз бурат. Дегеле жашоодон үмүт үзбөген чарчаңкы кара көздөрү Андрейден жардам күткөнсүп жалооруй тигилет. Чыңалган шишиңки эрдин кесе тиштеп, эки колу менен

матрацтын эки жагын мыжый кармап, анда-санда чирене түшүп кайра бошойт. Андрей аялын алаксыткан болот: «Айланып кетейин, ырысым, эптеп чыдачы. Сени операциясыз төрөй албайт деп жатышпайбы врачтар. Коркпо, кагылайын. Көп эле аялдарды ушинтип төрөтүшөт тура». Андрейдин үнү кардыгып чыкты. Көздөрүнө жаш толуп турду. А Мария болсо жедеп кыйналып бүткөн тунарыңкы көздөрү менен күйөөсүн жалган таанык болгон немече бир демге карап туруп, алсыз үн катты: «Ким билет кандай болорду. Тирүү калат экенмин деп деле жанымдан үмүт кылбай калдым. Деги эмнеси болсо да, сойсо союп батыраак эле ары-бери кылышсынчы». Жаным жаман кыйналды, Андрюша. Түшүнүп жатасыңбы мага. Ой кудай ай. Ушунчалык да адам эзилет экен ээ. Эмнеге жашылданасың. Кайраттуу бол. Маңдайга жазганды көрөбүз да. Кокус мен өлүп, бала тирүү калса, бага албассың. Мындай убакта кээ бирөөлөр төрөт үйүнүн өзүнө таштап кетишет экен. Сен антпе, Андрей. Баланы алып Ороз менен Айсалкынга бер. Башка таанcorrect кишилер алып кеткенче, өз эмеспи. Өз баласынан артык кылып багып алышат. Боорукер адамдар...» Андрей өксөп жиберди. «Эмне үчүн антип ойлойсуң. Бардыгы биз каалагандай болгусу бардыр». Мария Андрейдин колун кармалады. А Андрей болсо, аялынын көөдөнүнө башын коюп буркурап жатты. Бул ый, бул сөздөр бактылуу эрди-катындын акыркы сүйлөшкөндөрү эле. Андрей өзүнүн ыйлап жатканын да билген жок. Кош каректен аккан жаш столдун үстүндөгү клеёнка дасторконго тып-тып тамат...

Жаштар аны суроолуу, таңдануу менен томсоро тиктешет. Аяш атасынын бул ырдалган ырга мынчалык болоорун билбеген Бактыбек көңүлүндө өзүнчө бушайман: «Кызык го, эмне үчүн ыйлайт, ыя?» деген суроо миң кайталанып жатты.

Ыр аяктап, кезек башка ырга өткөндө гана башын жерге салып, бир точкадан көзүн албай терең ойго батып олтурган Андрей серпиле түшүп, көз жашын сүрттү. Байкоосуз олтурган Катя атасынын ыйлап жатканын көрүп, ордунан учуп турду. Артынан келип мойнунан орой кучактап, жүзүнө эңиле карады:

– Папа, эмне үчүн ыйлап жатасың?

– Ыйлаган жокмун, кызым.

– Кантип? – Кыз кол жоолугу менен Андрейдин көз жашын сүртүп, жаагын жаагына тийгизди.

– Андрей Иванович, кечиресиз, сизди мен капа кылып койдум окшойт. Мындай кабыл аларыңызды билгенде...

– Эч капа болбойм. Оюңа жамандык алба. Кубанганымдан көзүмдөн жаш чыгып кеткен тура. Сенин мекениң менин мекеним эле, Бактыбек. Кыргыз жерине киндик каным тамган. Тузун татып, туйлатып тулпарын мингенмин.

Ал буулугуп үн катпай калды. Олтургандар дымырап, кайдадыр бир ээндиктеги бейкуттукка термелип, белгисиз бир тунжураган тынчтыкка оп тартылып баратышты. Бардыгы өз ойлору менен... Андрей баласынын ымыркай кезин кайрадан көз алдына келтирет. Анын энесинин акыркы үнү кулагында жаңырат. Бирок эмнегедир өзүн ичтен жемелейт. «...Байкуш балам, өбөлгөм... неге сени мынчалык алыстаттым, жок дегенде кат жазып, кабарыңды неге угуп турбадым. Неге мынча таш боорлондум? Же мен Ороздорду ошончо аядымбы? «Балам» деп талашып жатпаган соң, кабарын билип кат жиберип туруу менин адамдык парзым эле го! Байкуш балам ай! Сен бактылуусуң, ошол бактыңа кубанам... мен көргөндү көрбөгүн. Жүрөгүң беникиндей сыздап, меникиндей жалындабасын. Турмуштун таш боор жалыны татынакай жамалыңды чарпыбай, куунактыкта, эстүү өссөң ошол сенин бактың!..»

Андрей санаасы сандап өткөндөгү өкүнүчтүү, армандуу күндөрүн ойлоп отуруп өзүн жоготуп нес болуп олтурган абалынан бир кезде селт этти. Анан эстүү неме өзүнүн абалынан улам үзүлгөн сөз учугун кайра улады. Бардыгы жандана түштү.

– Атам да, энем да, сүйүп алган жарым да ошол жерде түбөлүк уктап жатат. А досторумчу! Сенин атаң Ороз менен энең Айсалкынчы? Оо, силер менин жүрөгүмө түшүнгөнүңөрчө качан. Мен аларды ар дайым, ар дайым сагына берем. Ал кезде бул ыр жок эле. Сыягы кийин чыкса керек. Сөзүнө жараша музыкасы да түзүк экен.

– Бактыбектин өз үнү да жаман эмес, Андрей Иванович.

– Да-а-а. уккулуктуу коңур үнүң бар экен, уулум. Комузду да чертет экенсиң, анык кыргыз турбайсыңбы? Аман бол. Ушул ырды кайра коюп койгулачы. Дагы бир жолу угайын. Кыргыз ырын, кыргыз обонун, кыргыз күүсүн укпаганыма көп болду. Бул тилде өзүм эле эмес менин атам менен энем да сүйлөгөн. Сагындым бардыгын.

– Комуз билбесем кыргыз боло албайт белем, Андрей Иванович. – Бактыбек китеп салуучу шкафтын үстүндө турган комузун тура калып алып, аяш атасына сунду. – Менден туура үч жаш кичүү. Туулган күнүмдө Ыбырай Туманов деген залкар комузчу өрүктөн өзү чаап белекке алып келген экен. Көрдүңүзбү сырдагандай болуп кызгылтым тартып турганын. Мына бул кулагынан тепкесине чейин чегеленгендин бакиси күмүш. Аябаган үндүү комуз.

Андрей комузду айландырып карап жатты:

– Билем ал кишини, залкар кишинин колунан чыккан турбайбы. Көп урунгандыкы болсо керек, тим эле жышылып олтуруп муздай болуп лактаганга окшоп калыптыр. Ким ойлойт сенден үч жаш кичүү деп. Буюмду ушинтип кастарлап күтүш керек. – Кылын кармалады. – Ичеги экен ээ. Баракелде, комузуң жакшы сакталыптыр. Белекти белектей урунган абзел. Сен сурап жатпайсыңбы, Бактыбек: «Комуз билбесем кыргыз боло албайт белем» – деп. Болот элең. Бирок, комузда кол ойнотуп черте албаган кыргыз да кыргызбы. Атаңды тартсаң жаман деле киши боло койбоссуң. Байкуш Ороз менен Айсалкын «ушул үйдүн күүсү, ушул үйдүн дуусу, коломтомдун оту, кыздарымдын ат байлар мамысы» деп эркелетээр эле сени.

– Атамды катуу кадырлайсыз ээ, Андрей Иванович.

– Кадыр-сый деген эки кишиден тең болот, балам. Анан атаң адамдын асылы эмеспи. Жаныбыз бирге эле ал экөөбүздүн. –Комузду столдун четине тикесинен таяй кармап, оор улутунуп алды.

– Атам сизди мактайт, а сиз атамды... – Бала кассетаны кайра түрүп жатып каткырып күлдү. – Ыр угасызбы же комуз чертип берейинби?

– Адегенде ырды угалы. Толук уккан жокпуз го балдарды.

Бактыбек магнитофонду кайра койду. Ыр артынан ырлар акты. Кассетага жазылган концерттен улам Андрей бул жерде бир топ улуттун өкүлү менен туздаш-даамдаш болуп олтуруп, алардын өз эне тилдеринде ырдаган ырларын, мукам үндөрүн укканына бир чети сыймыктанып, бир чети өзүн бактылуу сезип, чечекейи чеч болуп олтурду. Ыр аяктагандан кийин Бактыбек «Колхоз камбарканын», «Жаш тилекти», «Сынган бугуну» биринин артынан бирин шартылдата чертип киргенде, үйдүн ичи кыргыз күүсүнө толуп кеткендей айлана шаңга бөлөндү.

Катя ырдалган ырга, чертилген күүгө түшүнбөгөнү менен Бактыбек менен атасынын мамилесин байкап кубанычы койнуна батпай, өзүнөн өзү толкуп олтурду. Анын делебеси козголуп, эки көзү ойноктоп, Бактыбектен карегин албай кадала тиктейт. Жаш жигиттин көрүнүшү өз үйүнө баргандагы көрүнүшүнө караганда алда канча сымбаттуу да, акылдуу да, жайдары да, сүйкүмдүү да болуп жүрөгүнүн башына от болуп тама берди.

Ал эми Бактыбек болсо, Катянын кроваттын үстүндө буттарын салаңдатып коюп өзүнөн көз албай, эки колу менен эки жаагын таянып олтурганын алдыртан байкап, жүрөгү түрсүл согот.

– Жолдоштор, тамак даяр болду, – деди тыштан кирген студент.

– Даяр болсо, алып келе бер. Ыр угабыз деп жатып баарын унуткан турбайбызбы. Кана эмесе, оокаттын алдында меймандардын урматына бирден алып коёлу.

Бардыгы куюлуп турган стакандарды колдоруна алышты. Мейман жалпы эле ушул жерде олтурган жаштардын бак-таалайы, бузулбас достугун каалап тост көтөрдү. Бир кезде Андрей Бактыбектин жутуп жатканын көрүп жүрөгү сызыла түштү. «Биздикинен ичпей койду эле чунак. Көрсөң муну. Түзүк жутат экен...»

Аяш атасынын кез карашын байкай койгон Бактыбек апкаарый түштү. Винонун акыркы тамчысы кекиртегине түйүлө калып араң өттү. Анан колундагы бошогон стаканды столго коюп жатып сүрдөнө минтти:

– Мени кечирип коюңуз, Андрей Иванович, кубанычтан кичине ичип койдум.

– Ооба, ооба, кээде ушундай да болуп калат. Бардыгы көңүлгө жараша болучу неме тура.

– Туура түшүнсөңүз болду.

– Эчтеке эмес. – Андрей кызына карады. – Сен кол кабыш кылып жиберсең боло олтурбай. Баятадан бери байкап олтурсам, бир эле жигит чуркап жүрөт... Студенттер күлүп калышты.

– Андан камтама болбоңуз, Андрей Иванович. Биз тамакты кезектешип жасайбыз. Ансыз деле Катя жакшы жардам берди.

Тамактын биринчисин ичип бүтөөр-бүтпөстөн эле экинчисине күрптүн эти келгенде Андрей Бактыбекти бир карап алды:

– О-х-о-о, эт салган турбайсыңарбы. Студенттер үчүн мынчалык марттыктын кереги эмне! Бир жума оокат кылуучу этиңерди...

– Коюңузчу. Мейман келгенде салбаган этти качан салмак элек! Ниетиңиз жакшы экен, Андрей Иванович. Мен кечээ эле үйдөн жалаң канаттуунун этинен посылка алган болучумун. Бул индуктун эти. Ооз тийиңиз да.

Андрей алдындагы тарелкага салынган жиликти тиктеп туруп, башын чайкап койду.

– Бу кандай эле Ороз менен Айсалкын сага күн алыс посылка жиберип турат. Кээ бир студенттердин алган стипендиясы тамагына да, кийимине да, кинотеатрына да жетет экен. Ай сайын акча да жиберип турушса керек. Же андай эмеспи?

Бала манаттай албыра түшүп күңк этти:

– Жиберет.

Бактыбек көңүлүндө Андрей Ивановичтин сөзүн анчалык жактыра берген жок. «Ушундай чоң шаарда окуп жатып, кандай студент үйүнөн жардам албай стипендия менен окуйт болду экен? – деп ойлоду. – Биздикине барганда бул кишини атам менен энем кандай күтүп, кандай узатышты эле. Дос эмес уялашын да андай күтпөстүр. Ал эми мен барганда өздөрү сокур тыйын да чыгым болушкан жок. Кайра алып барган таптаза, аппак тамагымды ыргытканча шашышты... Бул кишинин аялы блокада мезгилинде кайда болду экен? Жокчулук менен ачарчылыктын каарын тартпаган киши болсо керек». Ойго бата түшкөн улан Андрейден минтип сурады:

– Андрей Иванович, Нина Степановна ленинграддыкпы?

Күтүлбөгөн жерден берилген суроону угуп Андрей баланы тиктеп калды:

– Куйбышевден. Эмне экен?

– А-а, ошондой деңиз. Мен ал кишини Ленинграддагы блоканы көрдү бекен, көргөн жок бекен деп ойлогон элем да...

Бактыбек менен катарлаш олтурган Катя сөзгө аралашты.

– Согуш мезгилинде таятам колхоздо председатель болуп иштеген экен. Мамам алардын жалгыз кызы болгондуктан...

Бактыбек кыздын сөзүн аягына чыгарбай бөлүп кетти:

– Во-во-во-во, мен дагы Нина Степановнаны турмуштун арзан-кымбатын билбей, согуштун оор түйшүгүн тартпай өстү бекен деп ойлогон болучумун. Туура ойлогон экенмин.

Андрей каткырып күлдү.

– Бактыбек, сен энергетик болбой эле, юрист болсоң болмок экен. Кыраакы турбайсыңбы. Кыйын юристтер адамдын ички дүйнөсүн, кылмыштуу же кылмыштуу эмес экенин көз карашынан, сүйлөгөн сөзүнөн, кебете-кешпиринен, жүрүш-турушунан билишет деп жүрүшпөйбү.

– Ар кимдин сүйгөн иши болот турбайбы, Андрей Иванович.

– Аның туура дечи. Бирок кыраакылыгыңа караганда жаман юрист болмок эмессиң...

– Сүйлөшүп олтуруп тамак да муздап калмак болду. Алсаңыздар. – Жигиттер Андрейге, анан Катяга карады.

Бактыбек ортодогу бири калың, бири жука, бири чоң, бири кичине кесилген нандардын кайсынысын алсам дегенсип бир саамга колун сунган калыбында токтоло түшүп, бир тилим нанды алып жатып Катяга карады:

– Екатерина Андреевна, бул нанды сен кесип жаттың беле?

– Ооба, мен кестим. Эмне экен?

– Кечирип кой, биздин балдар сага караганда түзүк кесет экен.

Кыз ийнин куушуруп атасын карады:

– Анан кандай кесет?

– Бардыгын бирдей, анан тептегиз кесиш керек.

Кыз бирдеме айтайын деп келатып унчукпай калды. Андрей кысыла түштү. Ырас эле кызынын нанды өөдө-ылдый кескенин эми байкады. Бири үлбүрөп эң эле жука, бирөө ушунчалык калың. Ушул саамда капысынан Мариянын нан кескени эсине кылт этти. «Айсалкындын кыздары да, өзү да Мариядан үйрөндү эле, – ойлоду Андрей. – Аны Бактыбек да үйрөнгөн тура. Биз кызыбызды эркелетип жүрүп, эч нерсени үйрөтө алган эмес турбайбызбы. Шумдук, бой жеткенче күнүгө жеп жүргөн нанды кесишти билбөө дегендин өзү...» Башын чайкап коюп, Катяга карады:

– Бактыбек туура айтат, кызым. Бул да маданияттуулуктун бир түрү. Мен сен үчүн уялып калдым.

– Эчтеке эмес, папа, Бактыбек экинчи биздикине барганча нан кескенди да, пельмен түйгөндү да үйрөнөм. Көрөсүң го.

– Даамдуу бекен эркек балдар түйгөн пельмен? Бирок кыргыздар пельмен дебейт муну, чүчпара дешет.

– Ооба, папа, абдан даамдуу экен. Бактыбек барганда чогуу жасайбыз.

– А кокус барбасамчы, Катя?

Кыздын көздөрү Бактыбектен өтүп, томсоро түштү. Анан атасына карады:

– Папа, Бактыбектин сөзүн угуп жатасыңбы, биздикине барбайм дейт.

Андрей кызынын сөзүнө жооп бербестен экөөнү алмай-термей карап коюп, колун сүрттү. «Канча айткан менен каны биргелик кылбай койбойт экен го» – деп ойлоду көңүлүндө. «Бири-бирине боор тартуу, жүрөк сезүү», – деп билди эки баласынын мамилесин Андрей. Балдар менен эзелки эски тааныштардан бетер Катя каткырып күлүп, стол үстүн жыйнаштырып жүрдү. Бир топко эки баласын карап олтуруп, жайма-жай ордунан турган Андрей Бактыбектин жанына келип, жанынан сигарет алды:

– Баятадан сурайм деп олтуруп сурай албадым. Үйүңөн кат алып жатасыңбы? Алардын дени сак жакшы турушабы?

– Жакшы, жакшы. Мен силердикине барганымды айтып кат жазып жиберген болучумун.

Андрей жаңы эле күйгүзгөн ширеңкенин талын тамекисине жакындатып баратып токтоп калды:

– Бекер жазган экенсиң.

Аяш атасынын сөзүнө Бактыбек таңдана түштү:

– Эмне үчүн анттиңиз?

Андрей туюктала түштү.

– Чогуу келүү жөнүндө макулдашканыбыз эсиңдеби?

– Эсимде, Андрей Иванович. Бирок...

– Эмне бирок?

– Атам менен энем менин силердикине барганымды угуп сүйүнүшкөндүр кайта. Ленинграддан келгенден эки-үч күн өтпөй жездем менен Марипа эжем келип кетти. Туристтик путевка менен жер көрүп жүрүшүптүр. Силер жакка да барышты.

– Биздикине бара кетели дешкен эмес экен да.

– Эжем жакшы эле айтты. Мен болгон жокмун.

Андрейдин көздөрү чекчее түштү.

– Эмне үчүн анттиң?

– Жөн эле. Сизди орто жерде кыжалат болбосун дедим да.

Бактыбек эжесине өзү барганда аяш атасынын аялы кандай кабыл алганын айтып, эже-жездесин айнытып койгонун айткан жок Андрейге. Байкуштун көңүлүн оорутпайынчы деп ойлоду ичинен. «Жакшы адамдар эмне үчүн жаман аялдарга кезигип калат» деген суроо азыр да анын көңүлүндө улам кайталанып турду. Аяш атасы аялынын алдында күнкор адамдай болуп сезилди.

– Биз кайталы эми. Каникулда барасыңбы бизге?

– Үйгө барам, Андрей Иванович.

– А, мен сени барбайт экен деп жатпайымбы. Ороз менен Айсалкынга жакшылап менден салам айтып кой. Мына бул тыйынды жолдо лимонад ичип кет. Бая күнү да барарын барып алып, кайра мага кезикпей болор-болбос нерсеге капа болуп, талаадан кеткенсип кете бериптирсиң. Бир элдин шарты менен бир элдин шарты бирдей болбойт, Бактыбек. Аяш энеңдин кудай жаратkandагы мүнөзү ошол. Айла жок. Катяны болсо, көрүп турасың. Көңүлүндө кири жок ачык-айрым кыз. Володя иниң али жаш. Карындашың канча күндөн бери эле: «Бактыбекке барат элем, капа болуп кетти», – деп эке-дыка болгонунан өзүм кошо келдим. Бул да өзүңө окшоп экзамен берип жатат.

Бактыбекке Андрей да ачык сырын айтканы жок. Аны бул жерге кызы эмес эле аталык мээр, атанын балага болгон кусалыгы жетелеп келген болучу.

– Ырахмат, Андрей Иванович, мага тыйындын кереги жок. Жаныңызга салып коюңуз.

– Антпе, Бактыбек. Анда мени капа кылып коёсуң. Сени жетишпей жатат деп жардамдашканы жаткан жерим жок. Өткөндө да үйдөн куру кеттиң. Ата-энең укса, Андрейдин пейли кеткен экен дешпейби.

– Алар антип ойлошпойт эч качан. Кабатыр болбой эле коюңуз.

Бактыбек айтканынан кайтпаган бир мүнөздүү бала болучу. Көгөрүп туруп алды.

– Кеттикпи, папа? – деди Катя Бактыбек менен атасынын жанына келип.

Андрей Бактыбекке акча берерин кызына айткан эмес. Ал колундагы кагазды сунган бойдон туруп калды.

– Бул эмне акча, папа?

– Биздин атыбыздан ата-энеңе белек ала барып бер десем албай жатпайбы.

Кыз атасынын колундагы кагаз акчаларды лып ала коюп, жигиттин төш чөнтөгүнө салмакчы болду эле, Бактыбек кетенчиктей берди. Катянын кабагы чытыла түштү...

– Эмнеге убара болуп жатасыңар, Бактыбектин акчасы толуп жатат, – деди жолдошторунун бири.

– Кеп толгон, толбогондо эмес да, – Андрейдин шагы сына сүйлөдү.

Аяш атасынын көрүнүшүнө Бактыбектин жүрөгү сыздап, боору ооруй түштү. «Унчукпай эле алып койбой. Кап, капа кылып койдум окшойт», – деп ойлоду...

– Андрей Иванович, конуп эле албайсыздарбы? Жети түндө кайда барасыздар. Күн да басылбай жаап жатат.

– Жааганы жакшы. Баспай жүргөн жер, көрбөй жүргөн кар беле. Мейманканада орунубуз бар. – Андрей папагын колуна алды.

– Эртең менен биринчи самолёт менен кетебиз. Бактыбек жолдоштору менен чогуу чыгып, Катя менен аяш атасын, мейманканага чейин узатып коюп, кайра тартышты.

* * *

Ушул күндөн баштап Бактыбектин көңүлүнө чындап тополоң түштү. Ал үчүн бул дүйнөдө Катядай сулуу, Катядай эстүү, Катядай жароокер кыз жоктой сезилди. Басса-турса көз алдынан аяш

карындашынын элеси кетпей көңүлү да, жүрөгү да жалгыз гана Катя деп ырдап, Катя деп согуп жатты. Өз сүйүүсүн Бактыбекке калтырып, Бактыбектин ууз махабатын өзү менен бирге тымызын уурдап кеткен бул сулуу кызсыз жигиттин жашоосу өтпөөчүдөй, бир кереметтүү күч аны Ленинградды көздөй тартат да турат.

Анан дагы Бактыбектин эсинен кетпеген көрүнүш аяш атасы менен аяш карындашын конок үйүнө чейин узатып келгендеги окуя болду. Меймандар менен коштошуп, жаңы эле көчөнүн бурулушуна жеткенде, арт жагынан чыккан кыздын үнү жигитти селт эттирди. Ал Катяны дароо тааныды. Алда кандай иш болуп кетти деп жүрөгү оозуна тыгыла түштү.

– Екатерина Андреевна, эмне болду, тынччылыкпы? – Бактыбектин оозуна мындан башка сөз кирбей селее түштү.

– Тынччылык эле. Папам номерине кирери менен бир сөздү эстеп артыңдан жүгүрдүм. Жаңы жылда кайда болосуң, Бактыбек? Мен ушуну сүйлөшөм деп туруп унутуп калыптырмын.

– Эмне болду?

– Чогуу бололу.

– Жарайт. Сени менен кантип бирге болгум келбесин. Бизге кел. Тосуп алабыз баарыбыз. Мына бул жигиттер менен бир столдо олтуруп, Москвада жаңы жыл тосуунун өзү сыймык да. Кандай дейсиң?

– Туура. Талаша албайм.

– Чынымды айтайын мен барбайм силерге. Келсең өзүң кел. Макулсуңбу?

– Макулмун. Күтөсүңөрбү мени. Тү-ү-ү, жаңы жылга дагы бакандай болгон он күн бар экен…

Ушундан кийин Бактыбек менен Катянын байланышы чыңала берди. Баякы аяш атасыныкына алгачкы барышында көңүлү сууп, «экинчи барбайм» деген Бактыбек эми Ленинград менен Москванын ортосун көчөнүн аяк-башындай таптоочу болду. Телефондук байланышуулар, жазылган каттар биринин артынан бири чубуруп каршы-терши каттап жатты. Бактыбек менен Катянын ортосундагы жакындык эми ойдо жок жерден Андрейди кооптонто баштады. «Мурда тим эле ойлонбостук менен каны биргелик кылып жатат деп кубанган экенмин», – деп экөөнү эстеген сайын эрдин кесе тиштейт. Кокус жаңылып жатпайын дегенчелик кылып, Катянын кадамы сайын эсептеп, анын баскан-турганын, жүрүш-турушун көз жаздымында калтырбай байкоо жүргүзө баштады.

Күндөрдүн биринде Андрей жумуштан үйүнө келатып өзүнүн жанынан шуу коюп өтүп кеткен кызын байкай коюп, артынан ээрчий карап аңкая тиктеп калды. Анан өздөрүнүн үйүнөн анчалык алыс эмес жердеги аялдардын парикмахерине кирип кеткенин көрүп, жүрөгү зырп дей түштү. Катя бир Москвага барганда же Бактыбек келеринде маңдайы жаркып, дүнүйөсү түгөл болуп, көздөрүнөн бакыттын учкуну чачырап, жарашык-кийимдерин кийип, чачын оңдотуп, асемдене жасанып, куштай таранып каларын Андрей байкап калган.

Бирок көңүлүндө канчалык шектенгени менен, Андрейди алаксытып турган бир иш Катя менен башка бир уландын байланышы болду. Бул жөнүндө Андрей аялынан бир нече жолу уккан. Ал эмес Катяга үйлөнүү жөнүндө эмитеден эле сунуш киргизип жүргөндүгүн Нина Степановна күйөөсүнө сыймыктануу менен айткан. Ленинграддан чыккан атактуу окумуштуу, химиялык илимдердин доктору, профессордун үй-бүлөсүнөн чыккан тарбиялуу уландын Катяга күйөө болуп каларын эстегенде айтарга сөз таппай маңдайы жаркып, ичинен кыңылдап ырдап да жиберүүчү.

Азыр Андрей ошол иш жөнүндө аялынан сураганы келатты. Эмне үчүндүр анын баякы эшикти тындырбай, телефондун жанын койбой сүйлөшүп, келип-кетип туруучу жигиттин каттабай калышы атаны шектендирди. Андрей ал экөөнүн кайсы убактан бери кабарлашпай, сүйлөшпөй калганын эстей албай жатты. Анан бир жолу, баса, профессордун уулу Катяны сурап шыңгыратып калганын эстей койду. «Мени жок деп кой, папа», – деп кызы сөөмөйү менен эрдин басып турганы көз алдына тартылды. Кийин үйүнө киного чакырып келгенде барбай, отказ бербеди беле. Бул кайсы убак? Бактыбектен кийинби же мурда беле? Октябрь майрамында ал Ленинградда жок болду. Нина ал баланы «ата-энеси менен бир жакка кетиптир» деп айткан болучу. Ооба, ооба, ошол мезгилде Бактыбек келип калды. Көрсө, кырсыктын баары келбей жүрүп келген меймандан башталган тура. Биз кызыбызды окумуштуунун баласы менен сүйлөшөт деп бекер эле шектенип жүргөн окшобойбузбу. Болбосо кантип эле ушундай болсун. «Кыз кыялы учкул» деп ушун үчүн айтышат экен да. Көбүнчө бул мезгилде адамдын адамгерчилигине карабай, өң-түсүнө көбүрөөк ооп кетишет. Бактыбектин чындыгында эле башкалардан көп өзгөчөлүктөрү бар. Ошол кезде уулунун бүт турпаты Андрейдин көз алдынан тартылып өтө берди.

Маркум Марияны «чоң таенесине окшош», – деп айтышчу эле билгендер. «Каны бирге» деп ошол үчүн айтышат окшобойбу. Андрейдин кайненесинин түп атасы түрк экен. Бактыбектин башкага окшобой түпкү тайына – өз энесине окшоп калганын ойлоп, кыялы кымкуут болуп келатып, үйүнө кандай жеткенин да билбей калды...

Ал бар болгону бир стакан кофе ичти да диванга келип салмагын таштай күп олтурду. Өз оюн өзү жыйынтыктай албай газеталардын жаңы сандарын барактап коюп олтурган калыбында ар жактан колуна сумкасын алып, жасана кийинип, бети-башын түзөп чыккан аялына көңүл кош карады:

– Кайда?

– Сен мени узатасыңбы? – деди аял.

– Узатам. Качан кетесиң?

– Бир сааттык жумушум бар. Магазиндерге да киришим керек. Кокус иштеген жеримден врачтар телефон чалып калышса, эчак эле кетип калган деп кой.

– А жолугуп калсачы, кетип жатканыңда.

– Жооп табылар. Мен айткандан кийин аткара бербейсиңби. Сенин эмнең кетип жатты эле.

– Калп айтканды өлгөндөй жаман көрөм да. Баса, Катя кайда?

– Курдаштары менен Москвага барып келем дейт. Чачын жасатканы парикмахерге кетти.

Москваны укканда Андрейдин куйкасы курушуп, жаак эттери түйүлүп, өңү түктөйө түштү. Колундагы газеталардын полго кандай түшкөнүн да байкабай калды. Эс болгон немедей ордунан шалдырай туруп, бөлмөнүн ичинде баса баштады.

– «Москва! Москва! Москва» деген бир оору чыкты. Эки күндүн биринде эле «Москвага барам» деп дикилдеп туруучу болду. Ага суутуп коюптурбу? Эне болгондон кийин айтпайсыңбы? Барба дебейсиңби? Бая күнү эле жанакы Бактыбек деген неме менен байланышыңды сээлдет деген болучумун. Жыйынтык чыгарбады бул кыз. – Ата буулду. Жалгыз эле Катя эмес, Бактыбекке да эскерткен болучу Андрей. Ушуларды ойлоду.

Андрей «Ар кимдин өз улуту өзүнө жакшы, – деген болучу Бактыбекке. – Ата-энеңди сыйласаң, алардын тилинен чыкпа. Кыргыздын татынакай кара көз билимдүү кыздары толуп жатат. Ошолордон бирди келин кылып бер. Өзүң жалгыз баласың бир үйдө. Ата-энеңдин тилин алып, тилеги менен бол. Лекин орустан үйлөнөм деген иш оюңа келбесин. Алар Айсалкын менен Орозго

кызмат кылып бербейт» деген. Андрейдин минтип айтканы тим эле амал болчу. Ал Бактыбекти Катядан алыстатуу үчүн гана сөздү Ороз менен Айсалкындан баштаган. Ата-энесин айтсам ойлонор деген. Аяш атасынын сөзүн бөлбөй угуп олтурган Бактыбек: «Орустар жаманбы, Андрей Иванович?» – деп сураган...

Ушуларды ойлоп, жылдызы жерге түшүп, ары-бери басып турган күйөөсүнөн көз албай тирмие тиктеп турган Нина минтти:

– Бактыбектин эмики дем алышта туулган күнү дейт го.

Аялынын сөзүн угуп, Андрейдин өңү дароо өзгөрдү. Эки бети албырып, көгүлтүр көздөрү жайнай түштү:

– Тфу, эсимден чыгып кеткенин кара. Кийинки күндөрдө склероз болуп баратат окшойм. Чын эле Бактыбектин туулган күнү эмес беле.

Жумшара түшкөн күйөөсүнүн мүнөзүнөн пайдаланып Нина минтип кошумчалады:

– Барса бара берсин, Катяга унчукпай эле койчу. Кеңешели дептир. Азыркы жаштар туулган күнүн өзүнчө бир салтанат менен өткөрүүчү болбодубу.

Атанын жүрөгү жара тилинип турду. Күйөөсүнүн ичинде эмне бар, кандай сыр бугуп жатканын Нина кайдан билсин. Эрди-катын кирпик какпай тиктешип турду.

–Эмне дегени турасың, өңүң бузулуп? Атам тааныбаган кыргызды досумдун баласы деп мактап-жактап жүрүп үйүр кылган өзүң. Сен болбосоң, андай элди кызым эмес өзүм таанымак эмесмин. Эми түштөн кийин... Бирин бири жактырып, бирин көрбөсө бири туралбасын мен мурун эле байкагам. Сүйүү деген ошондой болот, атасы. Менин бир оюм бар. Ушунткенибиз туура болор. Бактыбек окуусун бүткөндө Москванын өзүнөн же Ленинграддан кызмат таап алып калыш керек.

Балдарынын иши чатакка айланганын Андрей эми даана билди. Өңү кубарып, көздөрү алайып кетти. Эки жаштын мынчалыкка барып калганын ал түшүнө элек болучу. Көрсө, Бактыбек жөнүндө энесине айткан окшобойбу.

– А ата-энесичи? – Үнү титиреп чыкты. – Катя Бактыбекке турмушка чыгып эч качан бактылуу болбойт. Баса анын сүйлөшүп жүргөн жигити бар дебедиң беле? Кыз баланы бешиктен бели чыга электе өз билгениңди жасай бер деп оюна койбой айтыш керек да. Бүгүн бирөө менен, эртең бирөө менен. Бүрсүгүнү дагы башкасы... Жок, жок, мен мындай ишке эч качан жол бербейм.

Катянын институтка өткөнү, онунчу классты бүтүргөнү эле болбосо, нариcте да.

– Профессордун уулун кызың сүйбөйт экен. Кыскасы ошол. Ал эми жаш жагына келе турган болсок, Катя бойго жеткен кыз. Мен мындай кезимде бир баланын энеси болуп калган болучумун. Сүйсө сүйөр, күйсө күйөр убагы. Өзүң бир эч нерсеге түшүнбөгөн түркөй адам экенсиң.

Андрей аялынын маңдайына тура калып, Нинаны жаактан ары тартып жиберди:

– Экинчи менин кулагыма «сүйүү, күйүү» деген сөздү угузуучу болбо. Эмитеден айтып коёюн Катя Бактыбек менен эл боло албайт. Кийин бардыгыбыз тең бармагыбызды жара чайнап олтуруп калабыз...

Андрей аялынын кандай чыгып кеткенин да байкаган жок. Ал башын кош колдоп мыкчый кармап, эч нерсени укпаган керең немедей катып олтурду. Звоноктун кайра-кайра берилиши, аны ордунан зорго козгоду. Ата эшикти ачаары менен жадырап-жайнап, бактылуу албырып турган Катяны көрдү. Тик багып экинчи карай албай, бир улуу адамдан сүрдөнгөндөн бетер ошол замат бурулуп кетти. Катя атасын ээрчий кирип, анын маңдайына токтоду:

– Папа!

Андрей башын салмактуу көтөрдү. Кызынын бүгүнкү чачы мурункусунан да жарашыктуу жасалып, татынакай сулуу жүзүнө ого бетер жарашык берип, тим эле ажары ачылып кетиптир.

– Жакшы жасалыптырбы чачым, папочка? Билесиңби, мен бүгүн Бактыбекке барам. Туулган күнүн кандай өткөрөбүз деп кеңешке чакырды мени. Руксат бересиңби, папа?

Андрей башын чайкады.

– Эч жакка барбайсың.

– Эмне үчүн? Сен Бактыбекти жаман көрөсүңбү?

– Мен аны досумдун баласы катарында гана сыйлайм. Ошон үчүн жакшы көрөм.

– Папа, Бактыбек жакшы жигит да. Нары сулуу, нары акылдуу, туурабы? Мен аны сүйөм.

– Эмне?! – Андрей үнүнүн бардыгынча кыйкырып жиберди. – Орустун кыздары ушундай эле болот дейм да. Жашырып-жапканды да, атадан айбыгып, улуудан уялганды да билишпейт. Болгонду болгондой айтып карап турушат. Ал эми кыргыздын кыздарычы? Оо, алар жеринен тартынчаак, абийирдүү келишет. Сенин ор-

дуңда алардын бири болгондо атасына минтип айта албас эле. Касиетиңден айланайын кыргыз эли, ай!

Кулагы чуулдап, башы айланып, оозунун ичи кургап чыкты. Муундары калчылдап, бүткөн боюн муздак тер басты. Ордунан туруп бөлмөнүн ичинде аркы-терки баса баштады.

Атасынын сөзүн угуп ыңгайсыздана түшкөн кыз кылчаңдап туруп, өз белмөсүнө кирип кетти. Даярдап койгон көйнөгүн арыдан бери кийип, жакети менен сумкасын колуна алып, жаңы эле эшик алдына жеткенде Андрей жин тийген немедей октой атылып келип, өзү олтурган бөлмөнүн эшигин ачып жиберди. Катя атасынын өң-алаттан кетип жууган чүпүрөктөй болуп, көздөрү коркунучтуу канталап кеткен кебетесин көрүп кетенчиктей берди. А Андрей болсо колдорун арбайта сунуп Катяны муунтуп өлтүрүүчүдөн бетер уламдан-улам жакындап келатты. Кызынын колундагы сумкасы менен жакетин жулуп алып бет алды ыргытты:

– Бактыбекке турмушка чыгып экөөң бирдей өлгөнчө, бириң өлүп, бириңдин тирүү калганың түзүк болор. Азыр мен сени муунтуп өлтүрөм да, «өз кызымды өзүм өлтүрдүм» деп баруучу жерге барып берем.

Катянын көздөрү чанагынан атылып чыгуучудан бетер алайып, атасын дени өлө тиктеди. Ооздору өзүнөн өзү кыбырап, муундары калчылдады. Ал бир оокумдан кийин гана эсине келген немедей бат-бат дем алып, энтикken калыбында сурады:

– Эмне үчүн, папа? Себеби эмне?

– Бактыбектин ата-энеси сени кабыл албайт, бул бир. Экинчиси сен ага эч качан аял болуп бирге өмүр сүрө албайсың. Көп болсо жарым күн, же бир күн. Андан ашык...

Кыз жанталашып кетти.

– Калп айтып жатасың. Бул себеп эмес, папа. Балким, сен мени сынап жаткан чыгарсың. Бактыбек атасынын досунун кызына үйлөнсө, алар кантип эле күйүнсүн.

– Күйүнөт, – деди өзүн өзү токтото албай титиреген Андрей. – Мен экөөңдүн мынчалык болуп кетээриңди билбей калган турбайымбы. Азыр да кеч эмес. Алдыңа эки шарт коём. Анын бири – өлүм, бири – өмүр. Жакшылап ойлонуп туруп бирин танда! Эгерде «Бактыбектен таптакыр үзүл-кезил кол үзөм, – деп убада берсең, өмүрүң сакталып калат. Эгерде айтканымдан кайтпаймын» десең айтканымды аткарам да, сени! – Тишин кычыратты.

– Ушундай да кара ниеттик болобу, папа? Бактыбектен тирүүлөй ажырагандан көрө өлүп ажыраганым мен үчүн жеңили-

рээк болор. Эгерде Отелло Дездемонаны ак жеринен өлтүргөндөй, өз кызыңды өзүң өлтүргүң келсе, өлтүрүп сал. Элге сиңирген эмгебиз менен тарыхта калбасак да, эртедир-кечтир кайсы бир жазуучу же акын үчөөбүз жөнүндө чыгарма жазар. Оо, анда бардыгыбыз тең ошол трагедиянын каармандары болуп беребиз да.

Кайратынан жана түшкөн Андрей маңдай терин жоолугу менен сүртүп алды:

– Ансыз да менин турмушум баштан-аяк трагедия... Аны сен кайдан билмек элең... Силердин азабыңарды тартпай өлүп кетсем...

Өзүнөн өзү ыйлап жатты. Андрейдин бардык оюу «жаалымдан коркуп Бактыбектен кайтаар» деп жасаган амалы болучу. Бирок кызынын көрүнүшүндө, анын сүйлөгөн сөзүндө Бактыбексиз жашай албасы көрүнүп турду. Андрейдин башы айланып, көңүлү тумандайт. «Чындыкты айтсамбы, – дейт ичинен түтөп. – Экөөңөр бир туугансыңар деймби. Кызык го. Анда эмне болот? Кокус экөө бирдей өлүп калсачы? Билбеген немелер шайтан болуп бир жакка орношуп алып, качып кетсечи? Шумдук болду го бул. Эми булардын окуясын Ороз менен Айсалкынга эмне деп айтам? Бүтүрүү экзамени да кирип келди. Бактыбектин Москва менен түбөлүккө коштошуучу мезгили чукулдап да калды. Катяны канча күнү кайтарам». Андрей Ороздукуна барганына, адресин таштаганына өкүнүп турду.

Нина Степановна келип эшикти шыңгыратканда Катя босогодо катып турган болучу. Селт эте түшүп, көңүлсүз басып барып каалганы ачты. Эненин көзүнө кызынын көрүнүшү башкача көрүндү. Кабагы карыш түшүп, кайгынын кара көлөкөсү анын жаркыраган ирeңин каптап тургансыды.

– Атаң экөөң чатакташтыңарбы? – деди Нина бурула берген кызына карап.

– Жо, мама, эмнеге чатакташат элек. Жалкотой болгон кишидей сүйлөйсүң да. Мен кийинип чыгайын, сени узатабыз да. Андай-мындайларыңды салыштырдың беле? Жакшылап эсте, дагы бир нерселериңди унутуп өткөн жылдагыдай жетип алып кайра келип жүрбө.

– Унуткан жокмун, салдым баарын. Өзүң Москвага качан барасың?

– Барбай калдым.

– Папаң жибербей койдубу?

– Өзүм эле баргым келбей айнып калдым. Сени узатышым керек да. Шашылалы, мама, кокус самолёттон кечигесиң.

– Кечикпейм, али бир саат убакыт бар.

Аял Андрейдин жанына кирди. Бул кезде ал да кийинип аялын узатууга чыкканы камынып жаткан болучу. Нина күйөөсүнө киртие карады.

– Эсиңде болсун, Андрюша, мен курорттон келгенче балдарга баш-көз бол. Катяны капа кылба. Сен экөөбүзсүз эле бардыгын түшүнөт. Баскан-турганына көп кийлигишпей өз оюна кой.

– Бул эмне деген акылмандык, ыя?

– Ал ошондой деген акылмандык!

Андрей дагы бирдеме дегенче болбой Нина ашканага кирип кетти. Үй ээси аялынын артынан ээрчий тиктеген бойдон туруп калды.

* * *

Энесин узатып үйгө келгенден кийин Катя атасына сөздү өзү баштады:

– Папочка! Өзгөдөн жашырсаң да менден жашырбачы. Мен бардыгын билишим керек. Жүрөгүңдү өйүгөн бир таш сенин тынчыңды алып жаткансыйт. «Корккондон жүрөк айрылбайт, сүйүнгөндөн маңдай жарылбайт да». Эгерде ошондой эле жүйөөлүү себеби болсо...

Кызынын минтип кадыресе адамдардай өзү менен сүйлөшүп, жүйөөлүү суроо берерин күтпөгөн ата эмне деп айтаарын билбей туюкка каптала түштү:

– Себебин уккуң келеби? – Андрей мостойду.

– Мени Бактыбек менен байланышууга тыюу салып жатканыңдын себеби болуш керек да?

– Айтпадым беле?

– Эмнени айттың эле? Андай аты-жөнү жок себебиңди мага, эмесе, экинчи таңуулабай эле кой. Биз ансыз деле үйлөнүүгө убадалашып койгонбуз. Билесиңби, папа, бизди эч кандай күч ажырата да, алыстата да албайт. Улутубуз башка болсо да жаныбыз менен жаныбыз, жүрөгүбүз менен жүрөгүбүз, көрө турган күнүбүз, сүрө турган өмүрүбүз бир экенин түшүнүп жатасыңбы? Айтпайын дедим эле өзүң айттырдың. Жашырууга болбой калды. Өз атам өз баласына чыккынчы болуп жаткандан кийин, чындыкты айтышым керек да... Дагы айтарсың «уятың жок» деп. Мейли, айта бер. Эми мага баары бир...

Андрей кызынын сөзүн угуп чайпалып турду. Эчен-эчен чындыкты айтып жибере жаздап барып токтоду. Калп айтып Бакты-

бекти кызынан алыстатуунун да ыгын келтире албады. Эки көзү шишимик тартып, ыйдан канталаган көздөрү атага аянычтуу көрүндү. Булуттан чыккан айга окшоп жадырап туруучу бешенеси кудум мусапыр кебетеленип кетти.

– Папа, – деди бир оокумдан кийин ортодогу тынчтыкты бузган кыз, – айтканымдан кайтпаган бир мүнөздүүлүгүңдү, сырга сынбас темирдей бекем экениңди билем. Убадага туруктуусуң. Бирок болоттун да сынар, сырдын ачылар мезгили болот да. Эмне үчүн минтесиң? Же жашым жете элек кезим беле? Жигиттер менен байланышууга али укугум жокпу?

Катя атасынын ыйлап жатканын көрүп жүрөгү шуу дей түштү. Ооба, ал жөн гана ыйлап жаткан эмес, эки баласынын чаташып бараткан тагдырына ыйлап жаткан. Бактыбектин тынч жүрөгүнө күтүүсүз жерден дүрбөлөң түшөөрүн эстеп ыйлады. Аны кызыл эт балапан кезинен багып өстүрүп, эрезеге жеткирип олтурган ата-энеси, өзүнүн кыйышпас досу Ороз менен Айсалкын үчүн ыйлады. «Оо, кудай, мендей да бактысыз адам жаралабы?! Марияны алганында мени өмүр бою куурап, күйүт менен күл болуп жүрүп өтсүн деген турбайсыңбы? Бактыбектен санаам тынып, кубанычым мойнума батпай жүргөн кезде, мага тартуулай турган сыйың ушул беле?!! Шордуу башым...» Андрей өзү менен өзү ушинтип кыргызча сүйлөшүп да, ыйлап да жатты.

– Папа!– Кыз атасынын алдына чөгөлөй калып, жашын алаканы менен сүрттү. – Эмне үчүн мынчалык ыйлайсың муңканып? Эмне деп сүйлөп жатасың?

– Сен үчүн, кызым, сенин келечегиң үчүн.

– Эмне үчүн менин келечегим үчүн?

– Чын айтам, кызым, жалгыз сен үчүн.

– Түшүнбөдүм, папа?

Андрей ордунан салмактуу туруп, ачык турган терезени көздөй басты. Атасынын мүнөзүн билген кыз андан ары эчтеке сурагысы да келген жок. Ал бир оокумдан кийин гана башын шылкыйта басып, жазуу столунун жанына келип токтоду. Анан сумкасынан кагаз, ручка алып чыгып, Бактыбекке кат жазууга олтурду. Катя тим эле шыпылдатып, кенедей да токтолбой, эмне барбай калгандыгын ийне-жибине чейин ката кетирбей жазып жатты. Атасы Бактыбекке турмушка чыгуу бул жакта турсун, байланыш түзүүгө руксат бербей жаткандыгын баяндады. Кыскасы, Катя кыргызга келин болуп барган күндө да, Бактыбектин ата-энеси кабыл албай тургандыгын жазып туруп, астын сызып койду...

... Бактыбек аяш атасынын Катя үчүн мынчалык өзгөрүп кетээрин ойлогон да эмес. Кокус күйөө бала болуп калсам, өз баласындай көрөт го деген гана пикирде жүрүүчү. Аяш атам менен өз атамдын достугу мурункудан да отко салган темирдей ширелишет деп ишенген. Бактыбек Катянын катын окугандан кийин Андрейден көңүлү сууп турду. «Атасы башка менен коён уулаба» деген ушул деп ойлоду. Ороз Андрей үчүн тим эле талаага жыртылып жүргөн неме болуп калды. Ошондой болсо да жигиттин ишенимин тутантып турган күч өз атасы болду. Атам келсе досун жолго салат деп ойлоду Бактыбек. Ал көпкө ойлонуп турган жок. Ошол эле күнү эч себебин айтпай, тез келип кетүүсүн сурап атасына телеграмма уруп жиберди.

* * *

Бактыбектин баякы өткөн жылкы октябрь майрамында аяш атасыныкына баргандыгы жөнүндөгү жазган катын алгандан бери ата-эненин көңүлү бир жерде эмес болучу. Бул жактан барган тамак-ашын ичпей-жебей көтөрүп алып Ленинградга барышы Айсалкынга анчалык жага берген эмес. Эри аялына, аялы эрине ачылып сырын айтпай, ар кимиси өздөрүнчө ичтен жеген курттай болуп, тымызын убайымга бата беришет: «Канча кылса каны бирге атасы да. Жүрөк билет деген ушул. Балким, өз баласы экенин, кандай болуп ажырап калгандыгын Андрей балага айталбай жүргөн чыгар». Бактыбектин аяш атасыныкынан таарынып келгенин окуп билишсе да, ушинтип санаалары тынбай, Андрейден баласын кызгануу сезими күчөп, эмне кыларын билбей турган кезде кышкы каникулга Бактыбек өзү да келип калган. Ошентип, ата-эненин санаасы уулун көргөндөн кийин тынчыган болучу.

– Оо, кагылайын досум, – дейт Ороздун үнү каргылданып, – сенин адамкерчилигиңдин бийиктигине, бизди сыздатпасыңа ишенген элем. Сенден калган туяк мага тукум болду, Андрей. Ыраазымын сага. Ой энеси, айтсаңчы балаңа, минтип быйыл окуусун бүтүргөнү олтурат. Бизди келиндүү кылып качан кубандырат экен. Ойлоп жүргөн оюу, түз салып жүргөн кыз-кыркыны бар бекен балабыздын. Келген сайын бирдеме айтаар бекен деп күтөм. Унчукпай келип, унчукпай кетет. Тигил Турдубектин кызы менен сүйлөшүп жүрүптүр деп айттың эле. Бул деле орунсуз сөз болуп калды го дейм, байбиче.

– Ии, орунсуз болсо болгондур, – деди Ороздун сорподон бошогон чынысын алып жатып. – Бирөө билип айтса, бирөө билбей эле божомолдоп, ой жоруй берет тура. Балдар чогуу басып, чогуу туруп койсо эле бирин бирине алдырып, тийдирип коюшат экен бул эл. Эмнеге шашасың, буюрган бирөө тургандыр. «Тигини ал, муну ал» дегенде азыркы жаштар ата-энесин тилин ала коёбу? Өзү каалап, жактырганына үйлөнсүн. А балким, Маскөөдө өзү менен бирге окуп, бирге чокуп жүргөнүн кайдан билесиң. Эт бышыптырбы? Тузу кандай экен? Балдар келгенче эзилип кетеби дейм. Отун тартып койсом кантет?

– Ошент. Ие, Айсалкын, угуп турчу менин сөзүмдү. Сен чын эле Бактыбекти Маскөөдөн үйлөнөт деп ойлойсуңбу?

– Балким үйлөнөр, кайдан билейин.

– Ээ, кудай ылайым эле Маскөөдөн үйлөнөр күнү кайда. Баламдын тою так ошол Маскөөнүн өзүндө, Андрейди эл башкартып коюп берейин. Байкуш досумдун чери бир жазылсын. Ал ичинде Бактыбекти ойлобой жүрөт дейсиңби. Айла жоктон өлүм ажыратпадыбы экөөнү. Болбосо...

Тыштан Бактыбектин дабышы чыкканда эле эрди-катындын жаагы жап болуп дымып калышты. Жигит үйгө кирип, босого алдына токтоду.

– Жолдошторуң кана?–деди Ороз. – Же казан аспай коё турбай. Эттин бышканы качан.

– Аларды конокко чакырдык беле. Баякы эле келип жүргөн өзүбүздүн балдар. Баса мен келатканда той-той деп эле бакылдашып жаттыңар эле. Ким экен ал той бергени жаткан?

– Ии, балабыз болсо бой жетти. Окуусун бүтүрөрүнө да аз калды. Бизди качан келиндүү кылып топуратып той бердирет деген эле илгери үмүт.

– Ооба, ооба, энең туура айтат. Биз сенин болочок келинчегиң жөнүндө ой жоруп олтурабыз өзүбүзчө. Үйлөнчү болсоң, Маскөөдөн кете электе үйлөн. Бул жактан биз, ар жактан Андрей аялы менен келип бактылуу күндү чогуу көрөлү.

Бактыбек носкичен өтүп, жанаша турган жашыл тыштуу креслонун бирине буттарын кайчылаштырып олтура кетти.

– Мен сенин досуңа эми араң түшүнүп жүрөм, ата. Өзүң айткандай досуң жаман киши эмес экен. Бирок аялы мага жаккан жок. Кесирлүү сүйлөгөн, текебер киши көрүнөт.

Ороз мурутун сылай берип сыймыктуу сүйлөдү:

– Э-э-й, уулум, Андрейдей дос күткөн атаң бактылуу киши да. Ошон үчүн сен Маскөөдөн кете электе үйлөнүшүң керек. Аялы эмне, досумдун көзү түз болсо болду мага.

– Балдары чоң бекен? – Айсалкын сурады.

– Улуусу мединституттун биринчи курсунда окуйт экен. Андрей аяшыңардын адамкерчиликтүү, кашыктагы кара суудай болгон сулуу кызы бар. Апыртып айтканда ичсе алкымынан көрүнүп турат.

Бактыбек ички төш чөнтөгүнөн блокнотун сууруп чыкты. Анан андан кандайдыр бир сүрөттү алып, аны кумардуу тиктеп күлүмсүрөп туруп ата-энесине карап минтти:

– Аяш кызыңарды көрөсүңөрбү?

– Көрөбүз. Кана берчи. Алиги сен айткан кызыбы Андрейдин?

– Ооба. Экөөбүз чогуу түшкөнбүз. – Бактыбек жазгана сүйлөдү.

– Жакшы болуптур. Сүрөткө түшкөн да күнөө бекен?

Айсалкын ооз учунан ошентимиш болгону менен ичи тарып, колун сунган калыбында баласын сынай тиктеп турду. Анын баамдашында, Бактыбектин ирециинде кандайдыр толкундоо менен жаштык кыял ойноп турган болучу. Кыраакы эне муну дароо сезди...

Аял колуна жаңы тийген сүрөттү тиктеп туруп катты да калды. Бактыбек менен ийиндеше кыналышып олтурган татынакай ыйман жүздүү жаш кыздын жоодур көзү эненин жүрөгүнө октой кадалды. «Э кудай айланайын, бул кандай түшүш?» – деп ойлонду ичинен эне.. Анан уулун бир саамга тиктеп туруп, колундагы сүрөткө кайра кадалды. А Бактыбек болсо энеси жөнүндө башкача ой жоруду. Анын көңүлүндө «улуту башка» деп жатат деген санаа ойноп турду. Бактыбектин тилинин учунда «ушул аяш кызыңарды келин кылып берейинби?» деген сөз илинип турду. Бирок айталбады. Айсалкын сүрөттү Орозго берип, өзү кайдагы бир жок санааларга батып тунуп олтурду. Бактыбек менен кыз жөнүндө эч нерсе сураган да, эч нерсе айткан да жок.

Катянын кабарын угуп, сүрөтүн көргөндөн баштап ата-эненин көңүлү дүрбөлөңгө түштү. «Кокус эч кимге айтпай, бир күнү жетелешип кирип келишсе эмне шумдук болот? Жаштык мезгил опурталдуу да. Экөөнүн ортосун шайтан аралап кетсечи? Э, катыгүн чын-чынына келгенде бир тууган эмеспи. Төө кыядан өтүп кеткенден кийин өкүндүң эмне, өкүнбөдүң эмне. Баланын тамырын тартып, сырын билсекпи? «Андрейдин кызына үйлөнөм» деп чынын айтып калсачы? Анда уруксат бербей койсок макул болор беле. Койус укпай коюп шорубузду кайнатсачы? Биз балдарды билбей

туруп эле куру убайымга батып жатпайлы. А балким, тек гана теңтуштук иретинде, аталарынын жолун жолдоп, жакындан таанышып жүрүшкөн чыгар». Айсалкын менен Ороз ушинтип санаага батып, ичтен жеген курттай болуп жатышты.

Эрди-катын бири-бирине билгизбей ичтеринен сызып олтурганда Бактыбектин жолдоштору да келип калышты.

– Тур, балам, жолдошторуңдун колуна суу куюп киргиз. Чай-пай деп олтурбай, сыраз эле табак тарталы.

Бактыбек колундагы журналды терезеге таштай салып, жолдошторунун алдын тосо басты. Бул анын Москвага кетээрдин алдыңкы күнү болучу. Балдар бир оокумда таракшты. Жолдоштору узаары менен Бактыбек бөлмөсүнө кирип жаңы эле чечине баштаганда, эшикти аяр ачып Айсалкын башбакты да ошол замат эшикти зып кайра жаап Ороздун үстүнө кирди:

– Бактыбек жатканы жатат. Сөздү эртең сүйлөшөлү. Мейли эс алсын. Төшөгүндү салып койдум, сен да орун ал.

– А сен жатпайсыңбы?

– Жатармын, баланын бирдемелерин шайбашкалап коюп. Эртең кайсы бирине жетем жалгыз.

– Анда мен деле сен жатканда жатармын.

Эне Бактыбектин алып кете турган тамак-ашын иреттеп, чоң кара чемоданга шыкай салды. Анан эмне үчүндүр оозун жаппаган бойдон, салган оокаттарынан көз албай жалдырай тиктеп тунуп олтурганын көрүп Ороз барк этти:

– Ой, жатпайсыңбы мелтиребей. Сени күтүп олтура беремби?

– Жатпайсыңбы, жатпайсыңбы? Жата бер өзүң. Кайра-кайра эле какшайсың да.

– Жат дебегенде эмне дейм. Кылган ишиң, салган кушуң жок эле чемоданды тиктеп тилден калып олтурсаң. – Ороз ордунан туруп баратып башын чайкады. – Эмнени ойлоп санаа тартып жатканыңды билбейм. Жанакы сүрөткөбү? Ой байкуш Андрей, жакшы эле баланы үйүнө үйүр кылбайын деген экен...

– Үйүр кылбаганы ошолбу? Тим эле баламдын аркасынан окуп жаткан жерине чейин куба келип! – Айсалкын эринин сөзүн жыра талашты. Ороз эшик алдына жетип аялына бурула карады. – Үйүнө биринчи барганда Андрей эмес эле аялы сүйбөй койду дебеди беле Бактыбек. Анан деле кызын ээрчите барып. Жакшылап таанышып алсын деген экен, таанышып алыптыр го, кучакташып сүрөткө түшүп.

– Катын десе арыңарга келесиңер. Ойлогон оюңар бардыгы арамдык менен жамандык. Акыл-эстүү деген сен ушул сөздү айтып жаткандан кийин, акылы кемдер эмнелерди айтпайт. Минтип көз көрүнөө бөдөнөдөн «куйрук чыгаргың келип турат. Өзүң айтчу эмес белең «Андрей менен Марияга арман кылсак көзүбүздөн чыгаар» деп. Эми минтип олтурасың тантып. Андрейдин оюнда кенедей арамдык жок. А бизде болсо жылан ийрилип жатат ичибизде. Өз тууганыбыздан көрбөгөн кадыр-сыйды орустан көрдүк. Минтип шаар-баран болуп ошондон агарып-көгөрүп олтурабыз. Кудай ушул турмушубузду, ушул дөөлөтүбүздү кут кылсын. Мындан ары Андрей жөнүндө кылапат сүйлөбөй жүрчү мага. Көңүлүм ооруп калат экен.

– Кылапат айтып жүрүүчү белем. «Билбеген адам уу ичет» дегендей, эки баладан коркуп жатпайымбы. Бир тууган экендиктерин билишпегенден кийин булардын келечеги опурталдуу болуп калды го дейм да...

Ороз чыгып кетти. Айсалкын киргенде Ороз жайма-жай дем алып уктап жаткан болучу. Эмне үчүндүр аялдын тынчы кетип, уйкусу качат. Кайдагы бир көңүлгө келбеген ойлор агат. Жүрөгү зилдеп, жер көчөт. Айсалкын кайдагы бир алоолонгон отко түшүп өрттөнүп бараткансыйт. Баласына болгон энелик ичи тардык бардык тигилген көздү, Бактыбек жөнүндө чыккан ар бир кайдыгер сөздү шектүү кабыл алат. Ал алка-шалка түшүп тердеп жатып, уйкуга кетти...

* * *

Бактыбектин институтту бүтүрүүчү мезгили улам жакындаган сайын ата-энеге убакыт өтпөй созулуп бараткандай сезилет. Алар баласынын бүтүрүү кечесине барарын эстешсе, уктап жатып ойгонушат. Андагы салтанаттар, күтүүлөр, кезигүүлөр, кубануулар, өздөрү өмүрүндө таанып-билбеген жакшы адамдарга жолугушуу сыяктуу таттуу кыялдар эжелери менен жезделеринин да делебесин козгойт. Бирок ата-эненин ичин ийдилеп жаткан бир шектүү иш Бактыбек менен бирге түшкөн Андрейдин кызынын баякы сүрөтү болду.

Ушинтип жүргөн кезде күтүүсүздөн келген Бактыбектин телеграммасы үй-бүлөгө тополоң салды. Санаадан күлүк эмне бар, тим эле жамандык менен жакшылык тең жарышат. Ороз ошол эле күнү телеграмма берип, өзүнүн кайсы убакта учарын уулуна ка-

барлап койду. Абышкасынын Маскөөгө баратканына Айсалкын аябай сүйүндү. Анткени баякы келгенде сурайбыз деп сурабай, сүйлөшөбүз деп сүйлөшө албай калган сөздү атасы ушул сапар данистелеп ачып келет деп ойлоду. Сыртынан сыр билгизбей көңүлдүү көрүнгөнү менен Ороз санаалуу болучу. «Мени ушунча жерден ошончо жерге болор-болбос иш үчүн чакырбайт эле. Эмне балакет болуп кетти. Же башына бир иш түшүп калдыбы?! А балким, «үйлөнөм» деп кеңешкени жаткандыр. Кокус «Андрейдин кызын алам» деп калсачы? Анда эмне болот? «Житкен окту аткан ок табабы?» Аяш кызынын кесепети менен эч кимге айтылбай жүргөн жумурдагы туюк жара чарт жарылып кетеби?..» Ороз ушуларды ойлогондо Москвага бат эле жетип, бат эле угаарын угуп, көрөөрүн кергүсү келет...

Бул кезде Бактыбек да атасын чыдамсыздык менен күтүп жаткан. Атасынын келаткандыгы жөнүндөгү телеграмма анын канатына канат байлады. Телеграмманы колуна кармаган бойдон, ошол замат автоматты көздөй учту. Аяш атасы Бактыбек менен байланышууга Катяга тыюу салып жүрсө да, бул сапар атасынын келатканын Андрейге кабарлоого шашты. Трубканы биринчи эле Катя көтөрдү. Анан ал дароо: «Папам үйдө, азыр чакырам», – деп башка сөзгө келбей энтикти. Андрейдин үнү чыкканда Бактыбектин көңүлүнөн бардык олку-солкулук учуп кетти. «И-и, телефон чалып калыптырсың?» – деди Андрей Иванович кайдыгер суроо берип. «Эртең атам келет. Ушуну айтып коёюн дедим сизге. Дем алышта туулган күнүм эле менин» – деп үнүнүн бардыгынча кыйкырып сүйлөп жатканын жигит өзү да байкаган жок. «Алло! Алло! Андрей Иванович, Катяга айтып койсоңуз, атамды тосушууга келсин. Өтүнөм сизден...»

Бул сөздү уккан Андрей эмне деп жооп берерин билбей туттуга түштү. «Иттин баласы, атасын тосууга мени чакырбай Катяны чакырып жатканын карасаң» деп ойлоп, Бактыбектин сөзүнө «макул же жок» деп жооп бербестен катты да калды. Анан трубкадан бир нерсе чыгып келаткансып, аны кулагынан оолактата кармап, чочулай тиктеп бир демге үнсүз турду. А телефондо болсо «Андрей Иванович, Андрей Иванович, мени угуп жатасызбы» деген үн чыгып, трубканы кайра-кайра үйлөп, жан алакетке түшкөн Бактыбек экени ар жакта турган Катяга билинип жатты.

Акыркы күндөрдө Андрейдин мүнөзү да, сүйлөгөн сөзү да, адамга кылган мамилеси да өзгөрүп кеткен болучу. Көчөдө баратса да эки жагын карабай, айланада эмне болуп жатканын көрбөгөн, билбе-

ген макулуктан бетер башын жерге салып, ындыны өчүп басуучу болгон. Анын үйдөгү мүнөзү да бир кызык. Кээде көздөрү жашылданып, эрдин кесе тиштеп, эки колун желкесине жаздап диванда бир точкадан көз албай ой басып жата берет. Мурдагыдай газета, журналды да анчалык окубай калган. Анын жүрөгүнүн тээ тереңине тикендей сайылган мүшкүлдүү иш өткөндөгү күндөр, анан дагы Бактыбек менен Катянын келечеги.

Орозду келет деген күнү Андрей заводдон суранып Москвага учуп кетти. Ал аэропортко түшкөндө Фрунзеден самолеттун келгени он минутча болуп калган. «Кап, кечигип калган турбайымбы»,– деп өкүндү эки жагын элеңдей караган Андрей. Кымкуут болгон элдин ичинен көз албай, эч кимисин ката кетирбей баамдап калууга аракеттенип сыдыра тиктейт. Бирок анын көзүнө ак калпагын айчыланта кийген бир да адамдын карааны чалдыкпады...

Электричкада келатып, терезеден Москванын асман менен бой тирешкен кооз үйлөрүнө суктангансып кадала тиктеген өңдөнүп караганы менен Андрейдин көзүнө эч нерсе көрүнгөн жок. Анын бүткүл ой-санаасын ээлеген башка нерселер болду. Бул кезде кызы экөөнүн ортосундагы ата-балалык байланыштын бузулуп бараткany санаасын санга бөлөт. «Досуңду тосууга барасыңбы, папа?» – деп сурады Катя атасына карабаган калыбында сумкасына китептерин салып, институтка кетүүгө камынып жатып. Бирок Андрей кызына эмне үчүндүр калп айткан болучу. «Бүгүн барбайм. Эртең барып учу-рашууга аракет кылам», – деп жооп берген. Андрей кызына чынын айтпаганына өкүнүп келатты. Атанын оюна Катянын калтырып кеткен запискасы кайра-кайра түшүп, көңүлүн бир жагымсыз нерсе эңшерип заманасын тарытат. «Папа, мен Москвага, Бактыбектин атасын тосууга кеттим. Канткен менен биздин үйдөн бирибиз барышыбыз керек да. Сенден руксатсыз кеткендигим үчүн кечи-рим сурайм. Катя». «Иттин кызы. Орозду тосот имиш». – Андрей акыркы сөзүн катуу айтып жиберип, өз үнүнөн, өзү чочуп кетти. Жүргүнчүлөр аны жапырт бир карап калышты...

Андрей балдардын жатаканасына келгенде Бактыбектер али келе элек болучу. Бөлмөдө эки студент күйпөңдөп, конок камын көрүп жаткан сыяктуу.

– Оо, Андрей Иванович! Саламатсызбы? Келиңиз, жогору өтүңүз.

Ал-жай сурашып, балдар менен учурашкандан кийин терезенин жанына басып барып көчө жакты бир демге карап туруп, кайра бурулуп стулга көчүк басты.

– Келише элекпи?

– Азыр эле мейманканадан шыңгыратты. Келип калышат го. Атасынын келгенине Бактыбек аябай кубанычтуу. Тим эле буту-бутуна тийбей жүгүрүп жүрөт. Сизди «жумуштан бошоп келалбай калды» деп Катя айтып жатты эле.

Андрей көңүлсүз күңк этти:

– Ооба, ооба, келалбай каламбы деп ойлогон элем. Бирок...– Сөзүнүн аягына чыкпай токтоду.

Андрейди балдар улам карап коюшат. Эмне үчүндүр кабагы ачылбай сузданып олтурганына бушайман болушат. Бул кишинин көңүлү жайында эмес экендигин балдар меймандын бир буту кирип, бир буту кире электе эле байкашкан. Бирок эмнеге мынчалык кабатыр экендигин билишпеди. Аңгыча болбой эшик алдына келген дабыштар, сүйлөшкөн сөздөр угулуп келип каалга шарт ачылды. Андрей Орозду көрүп ордунан учуп турду.

Катя атасынын күтүлбөгөн жерден келгенин көрүп, жүрөксүй түштү. «Келбейм деп коюп, кайра чыдаган эмес экен», – деп ойлоду. Достордун кучакташып көрүшүп жатканын таңдана карап элейип турду. Андрей досун көрүп бошоп кеттиби, кайгылуу жүрөгү калкылдай түштү. Өзүнө өзү ээ боло албай боздоп жиберди. Ал ыйла-ганда тим гана ыйлаган жок, жүрөгүн жарып жибере турган-сыган купуя бук демиктирип жиберген. Бирок өз күйүтүн, кайгы-капасын тең бөлүшөр жакын адамы келгенине эркегендей ыйлады. Ороз Андрейдин жөндөн жөн ыйлабасын билип, жүрөгү мыжылып жатты. Бул дагы бир нерсенин шек-шыбасын билип калган экен деп ойлоду.

– Айсалкын кана?

– Биз Бактыбек окуусун бүткөндө чогуу барабыз деп жүргөнбүз. Капысынан телеграмма барганда жүрөгүбүз түшүп калбадыбы. Көрсө, келбей коёт деп шашылыш туюк телеграмма берген тура. Баламдын көзүн көргөндөн кийин санаам тынчыбадыбы. Балалыгы да. «Туулган күнүмдү өткөрөм, келгиле» десе, жайбаракат камынып алып, энеси, эже-жезделери болуп чогуу келмекпиз. – Муну Ороз Андрейге сыр билгизбей жасалмалап айтты.

Ороз алдыртан Андрейди байкап олтурду. Ал бир сөздү сүйлөп келатып эле туна түшүп, анан дароо башка сөзгө өтүп кетет. Эки көзү үй ичинде тең жарышып чуркап жүргөн Бактыбек менен Катядан өтүп, ал экөөнү ээрчий карайт. «Байкуш Андрей, мурдагы тарткан азап-тозогу аз келгенсип, эми тигил эки баласынын азабынан өз этин өзү жеп бүткөн экен» – деп ойлоп жүрөгү сыздап

олтурду. Ороз самолёттон түшүп, таксиге олтуруп мейманканага бараткан жолдо уулун кантээр экен деп минтип сынаган: «Колукту алуу жөнүндө ойлоно турган мезгил жетти, балам. Үйлөндүң, үйлөндүң Маскөөдөн кете электе үйлөн. Бул жерде Андрей бар, бала-чакасы бар. Бардыгы биз менен кубанычта чогуу болушсун». Бактыбек атасынан ушул эле сөздү күтүп тургансып, чалкып барып токтогон. Анан бир демге жүрөгүн басып туруп минткен: «Эгер мына бул аяш кызыңызды келин кылып берсемчи. Мен сизди чындыгында ушун үчүн чакырдым. Досуңуз менен сүйлөшүп бериңиз. Ал киши сизди кыйбайт». Ороз Бактыбектин бул сөзүнө эмне деп жооп айтарын билбей өңү өчүп, жүрөгү оозуна тыгылган. Тынымдан кийин «кыргыздын кыздарынан келиндүү кылгың келбейби?» деди апкаарый түшкөн чабан. Ушул сөздү уккандан бери Ороз абдан санаалуу болучу.

Ал эми Андрей болсо, досунун алдында өзүн күнөөлүүдөй сезген. «Бактыбек менен кызын чукул жерден тааныштырып, бооруна тартып алган экен деген ойдо болуп, санаасы бузулуп олтурган жок бекен деген ойдо Орозду ичинен тымызын аяйт.

Баятадан Андрейдин көңүлүндөгү бороонду байкап олтурган Ороз эрдин кесе тиштеп, столдун үстүндө жаткан өз макисин өзү кармалай берет. «Шайтан болуп баламдан ажырап калып кешигим кедейип, эмгегим да, тилегим да талаага кетпесе болду», – деп өзү менен өзү сүйлөшүп жатты. Жолдо келатып уккан сөзү эсинен кетпей туруп алды.

Андрей менен Ороз тамак ичилип бүтөрү менен балдардын дасторконуна ыракмат айтып орундарынан турушту.

– Папа, сен кетесиңби?– деди көздөрү ойноктогон кыз.

– Кетем шашпай. Үй ээн, бөбөгүң жалгыз. Мага карабай сен эртелеп кете бер, кызым. Мен кечке Ороз менен болуп, акыркы самолёт менен артыңдан жетип барам...

– А мен бүгүн калып калсамчы?

Андрейдин көздөрү алая түштү.

– А окууңчу?

– Эртең дем алыш да, Андрей Иванович. – Бактыбек Катянын ордуна озунуп жооп берди.

– Жок, андай болбойт, Бактыбек. – Андрей уюткан коргошундай болуп башын салмактуу көтөрдү. Эркек бала болсо жөнү башка эле. Кыз баланы конуп калсын дегениң...– Башын чайкады.

– Папа!– Катя атасына дагы бирдеме айтуучудай болуп жанына шынаарлай келип токтоду.

– Болду, кызым, көп сөздүн кереги жок. Самолёт болсо самолёт менен, самолёт болбосо поезд менен кете бер. Же машина менен. – Андрей ордунан туруп бурула берди. – Эмне кылалы, биз мейманканага кетмек болдукпу?

– Азыр, Андрей, азыр. –Ороз уулун карады. – Силер барып Катяны узатып, аяш атаңа кечки самолётко билет ала келгиле...

Кыз жигит бирин бири карап мостоюп туруп калышты...

* * *

... Мейманкананын экинчи кабатындагы люкста эки дос стол үстүн тамак-аш, ичимдиктерге толтуруп коюп, ичээр ичмексен болуп көңүлсүз олтурушту. Оң колу менен чекесин жөлөп олтурган Ороз бир оокумда башын салмактуу көтөрүп, Андрейди тунжурай тиктеди:

– Ошентип мени сага кудалашууга чакырган тура. Бактыбек айтканда эле жүрөгүм атып кетти. Эми кандай арга кылабыз? Акылың бар эмес беле, айласын өзүң тап. Жаранын оозу ачылып кетеби деп чочуп турам. Жаман жорук болду го.

Андрей колундагы тартып бүткөн чылымын тамекинин калдыгы додолонуп кеткен пепельницага басып өчүрүп, экинчисин алды.

– Тамекини опсуз тартат экенсиң. Бая биздикине барганда мынчалык чегээриңди байкаган эмес экенмин.

– Көп тартып жатам. Эмне үчүн экенин өзүм да билбейм. Балким, тигилердин кайгысынандыр. Кийинки күндөрдө картайып да, санаачыл да болуп кеттим. Бардыгы ошентип айтышат. «Өзгөрүп кеттиң» дешет. Менин ичимди экөөлөп келемиштей кемирип жатканын эл кайдан билсин. Баякыда силердикине шайтан айдап барыптыр мени. «Кетейин» десем, көжөлүп болбой суранып туруп албадыңбы, «келип кет» деп. Баарынан да адресимди эмнеге таштадым экенмин десең. Эстеген сайын өкүнүп, бармагымды тиштейм. Кайгыдан жүрөгүм жарылып кетеби деп жүрөм. Балдарда эмне күнөө. «Экөөбүз эки достун баласыбыз», – деп кудуңдап жүрүшөт. Башка улуттан үйлөнүү, башка улутка турмушка чыгуу алар үчүн сөөлөт да. – Андрей папиросун буркуратып бөлмөдө аркы-терки басат. Илеп тарткан тамекинин көгүлтүр түтүнүн созолонтуп, ачык турган терезени көздөй үйлөп, бир демге үнсүз туруп Орозго бурула карады. – «Акылын өзүң тап» деп мага саласал кылып жатасың. Менин колумдан эмне келет? Ойлоп көрчү өзүң!

– Ойлогондо эмне кылса деп турасың? – Ороздун кабагы карыш түшүп турду. Ал бир оокумдан кийин рюмкаларда куюлуп турган аракты бир демге тиктеп туруп Андрейге карады. – Алиги буюрган тамагыңды алып келишеби, же унутуп калыштыбы?

Андрей саатын карады:

– Дагы убакыт бар.

– Анда тамак келгенче бирден алып жиберели. Көпкө күттүрүп койдук го буларды да.

Андрей түнөргөн калыбында каалгый басып келип, өз рюмкасын колуна алды. Тикесинен турган калыбында Ороз менен уруштуруп, тамчысын калтырбай көмкөрүп салды.

– «Билбеген адам уу ичет» деген мындан артык болобу. Же чындыкты Катяга айтыш керекпи? Эмне кылалы, айтчы?

– Катяга дейсиңби? Э, кокуй ал азыр эле Бактыбекке жеткирбейби. – Ороздун муруту сербее түштү.

– Мындан башка айла жок, досум. Катя эси жок кыз эмес, эстүү кыз. Менимче...

– Башка ылаажы жок дечи.

– Сен тапсаң айтпайсыңбы?!! – Андрейдин үнү буулуп чыкты. – Бардык сырымды айтып олтурам го өзүңө. Сен мында келе элек жатып эле «чачым агарып кетти» деп жатасың. Канча күндөн бери ичимден сызып, өз канымды өзүм ичип бүткөнүмдү түшүнүп жатасыңбы деги?

Ороз дивандан тура калып кош алаканын жайып, ындыны өчө сүйлөдү:

– Эмне кыл дейсиң, абалыңды көрүп турам. Колумдан эмне келет? Эгерде кызыңдын оозун беките алсаң, айт. Бактыбек уккандан көрө Катянын укканы жеңилирээк болор дейм, ыя? Бирок мени ая, Андрей, шорумду катырып салбасын.

– Мен ичким келип турат. – Андрей Ороздун жашылданган көзүн көрүп графиндеги жарымдап калган аракты рюмкага бөлө куйду.

Бактыбек келгенде экөө тең кызымтал болуп калган. Ордунан көтөрүлө берген Андрей көздөрүн жүлжүйтүп, Бактыбекке карады:

– Катя кеттиби?

– Кетти. Аны сиз бекер эле шаштырдыңыз. Эртең дем алыш эле да. Анын үстүнө менин туулган күнүм болчу. – Жигит аяш атасын киртие карап, ичи туз куйгандай ачышып, кызды эстеп турду.

Андрей капысынан уу уурттап алгансып, башын силкип алды. Тумандаган көзү чайыттай ачылып, эсине келе түштү.

– Туулган күнүң Катясыз деле өтөт. Атаңдын көзүнчө айтып коёюн, балакай, байка. Мындан ары кызымды азгыруучу болбо. Ал бүгүн сабактан кийин энесине санаторийге бармак болучу. – Көөдөнүндөгү бугуп жаткан ысык демди бирөө күч менен сыгып чыгарып жаткансып, аябай катуу үшкүрдү. – Экинчи мындай иш болбосун, уктуңбу? – Анан өзүнөн өзү буулугуп ыйлап жиберди. – Катядан ажырап талаада калгым келбейт.

Бактыбектин бардык ою «бул киши кызын кыргызга берүүгө көңүлү жок экен» деген жыйынтыкта, санаасы эзген самындай көбүрүп-жабырып жатты. Көкүрөгү күйүткө күйүп, денеси зилдеди. Бала атасын жалт карады. Ал Катя жөнүндө, өзү жөнүндө Орозду бирдеме айтат экен деп ойлоп турган. Бирок атасынын дидарын көрүп дили кайта түштү. «Оо, шумдук, бул кишинин жүзү кантет өлгөн кишиникиндей болуп. Ишти оң жолго салып, досуң көндүрөт экен десе...» Ата-баланын каректери бири-бирине урунду. Экөө тил менен эмес дилдеринен сүйлөшүп жатты. Бала атасынын жүзүнөн мындай деген жазууну окуган болду. «Менин колумдан эч нерсе келбей калды. Мага капа болбо, кулунум. Айла жок, Андрей кызын «алыска жибербейм» дейт. Катяга келгенде сөзүм өтпөй койду. Бул кыздан башка кыздар кырылып калыптырбы?» – Бактыбек көзүн тартып кетти. – «Тобо, эмнеге мынчалык незсырайт, – деди Бактыбек атасынын көрүнүшүнө көңүлүндө наразы болуп. –Бир ооз сөзү өтпөгөн досун дос деп. Буларга айтпайэтпей үйлөнүп алсам чаап алышабы?» – Бактыбектин оюн Ороздун үнү бөлүп кетти.

– Андрейдин айтканы мен үчүн закон, балам. Муну сен да кабыл алышың керек. – Ата уулунун жанына салмактуу басып келип токтоду.

– Ат-а-а!

– Болду, балам, көп сөздүн кереги жок...

Эшик шыңгырады.

– Кире бериңиз! – Андрей көңүлсүз бурк этти.

Үн менен кошо каалга аяр ачылып подноско толтура тамак-аш салган официант кирип келатты. Бул кезде Бактыбектин ою башаламан болуп, санаасы сапырылып, жакшылыкты жамандык жеңип, бирин бири тепсеп, бирине бири аралашып кымкуут болуп баратты. Үйдүн ичи суук тартты. Ал бурула берип официант жигитке урунуп ала жаздап барып, эшикти тарс жаап чыгып кетти.

Эртеси туулган күнүн Бактыбек арак ичүү менен белгиледи. Жолдошторунун жасаган столу да, алардын чын жүрөктөн чыккан

куттуктоосу да жигиттин көңүлүн эч канчалык алаксыта албады. Анын бардык ой-максатын ээлеп турган жалгыз гана Катянын күйүтү болду. Бул кыздан тирүүлөй ажырап өлгөнчө уу ичип өлгөндү жеңил көрүп турду. Бирок ал өлгүсү келбеди. Анткени Бактыбектин максаты окуусун бүтөрү менен Катя экөө кол кармашып алып, жолго чыгуу болучу. Бул жол менен ата-энелердин тосмолорун кыйратып өтүп, каалаган максатка жетүү…

* * *

Аяш атасына болгон ишеним Катяда да даркан эле. Көрбөсө да көңүлүндө демөөр кылуучу. Ал киши келсе, бузулганды түзөйт деп ойлоочу. Атасынын мүнөзүнүн күтүүсүздөн өзгөрүп кеткенин ойлой берип, санаасы санга бөлүнүп, көңүлү чөгөт. «Сел каптаса селт этпеген токтоо эмес беле, – деп ойлойт Андрей жөнүндө. – Кызык. Папам эмне үчүн Бактыбек менен байланышыма ушунчалык каршы чыгат. – Кыз себебин табалбай туюкка каптала берет. – Улуту башка дейби? Кыргыздарды жаман көрөбү? Жок, жок папам кыргыздарды жаман көрбөйт. – Анан баякы жетинчи ноябрда Бактыбектин кетип калгандыгын уккандагы атасынын куту качкан көрүнүшү көз алдына тартылат. – Тим эле азыр жаап жиберүүчү булуттуу түндөй түнөрүп, баарыбызды каарып, үйдөн чыкпай жатып калбады беле. Кийин мени ээрчитип алып, Бактыбекти өзү издеп барды. Аны көргөндө эки бети нурданып, көздөрү жайнап, айтарга сөз таппай, өмөчүктөп турганы али көз алдымда». – Анан кечээ жакында Ороз келердин алдыңкы күнү Андрейдин капысынан ок тийген аюудай айкырган ачуу үнү кулагына угулганда Катя солк этип ою чачылып кетти. «Экөөң бирдей өлгөнчө, бириң калып бириңдин өлгөнүң жеңилирээк болор!» Кыз бул күтүүсүздөн чыккан жагымсыз сөздү да, үндү да уккусу келбей эки кулагын эки алаканы менен бек басып алып, бөлмөнүн ортосунда турган калыбында көздөрүн жуумп жиберди. Бирок Андрейдин үнү Катяга өчөшкөнсүп мурункудан да катуу жаңырып жатты…

Кайра-кайра берилген эшиктин коңгуроосунан улам эсине келе түшкөн кыз эшик алдына кандай жеткенин да билбей калды.

– Ким бул? – Катяны бирөө муунтуп жаткансып добушу зорго чыкты.

– Мен эле, ачып кой.

Атасынын үнүнөн кыз серпиле түшүп, жүрөгү оозуна келе булкуп алды. Эшик ачылары менен экөө бирин бири жалдырай тик-

теп, бир демге үнсүз турушту. Катя Андрейдин көз карашынан не жамандыктын, не жакшылыктын учкунун ачык баамдай албай тиктегенден тиктей берди.

Башындагы кепкасын колуна ала берип, Катяга үлүрөйө карады:

– Мени эмнеге мынчалык тиктедиң, кызым. Бир аз кызымталмын. Досум менен ичип койдум. Бул күнөө эмес да, туурабы?

– Күнөө эмес, папа! Жатып эс ал. – Атасынын плащы менен кепкасын алып шифонерди көздөй басты.

– Эрте эле кете бердим. Самолётко чейин Бактыбектин жолдоштору узатып келди.

– Бактыбекчи? – Атасын карабаган калыбында сурады. Ал сени узаткан жокпу?

– Билбейм, кызым, көрбөдүм Бактыбекти, мен жаңы эле мейманканадан чыкканы камынып жатсам, Ороз менен учурашабыз деп Бактыбектин жолдоштору келип калышты.

– Ал киши бизге келеби? – Атасынын кийимин илип, жаңы эле колуна китеп алган Катя суроонун үстүнө суроолорду жаадыра берди. Анын максаты өзү жөнүндөгү окуянын чечилишин билүү болучу.

– Келбей калды.

– Келбей калды?! Эмне үчүн келбей калды?

– Мамаң жок болсо деле конок чакыра беребизби? Бактыбек окуусун бүткөн мезгилде аялы экөө келишет. Ошондо...

Кызын тик багып кароодон заарканган Андрей шалдырай басып балконго чыгып термелгич креслону олтуруп, акырын термеле баштады. Ал бир демге алыска көз чаптырып, төмөндөн жогору карай сыдыра карады. Учу-кыйрына көз жеткис кең асмандын ар кайсы жеринде чуудадай чубалган ак булуттар чыгышты көздөй акыры-ы-н каалгый көчүп бараткансып жылат. Ал алдынан, жакын эле жерден учуп өтүшкөн топ көгүчкөндү да байкаган жок. Андрей бул кезде Бактыбек жөнүндө кызына кантип кыябын келтирип айтаарын билбей ой толгоодо олтурган. Бөлмөдөн чыккан шоокумдан ата жалт бурулду. Катя бул кезде атасын ушунчалык дыкаттык менен сынай тиктеп, бөлмөнүн ортосундагы столдо жөлөнүп турган болучу.

– Ка-т-я! – деди Андрей мукактанып, – бир стакан боржом берчи, кызым. Ичим ысып, өзөгүм өрттөнүп турат. Кантейин, сен мага түшүнбөйсүң. Жаман көрөсүң.

Катя жыгачтай катып, атасын таңдануу менен элейе тиктеп тура берди. Ал Андрейдин эмне деп айтканына түшүнбөй да, укпай да калды. Бир оокумда балконду көздөй жакындай барып кайталап сурады.

– Эмне дедиң, папа? Мага бирдеме айттыңбы?

– Боржом бар бекен, карап көрчү. – Андрей кызынын көрүнүшүнөн чочулай, кандайдыр аталык мээрим менен мууну бошоп, эрдин кесе тиштеп карегин кадай берди.

Андрейдин сөзүн угуп илгирбей бурулду. Ачып көзду жумганча бир колуна боржом, бир колуна бокал кармаган кыз атасынын жанына келип токтоду. Жаңы ачылган шишедеги суу быжылдап кайнап, оозунан чыга сиркектеп жатты. Андрей колундагы мелткалт куюлган бокалдагы сууну тынбай туруп тартып жиберди.

– Ичесиңби дагы?

– Болду. Муздак тура ырас. Ичим муздай түштү...

Андрейдин көптү көргөн кыраакы көзү Катянын жүзүнө урунду. Өңү шапайып, жаак эттери шылынып, мойну кекиликтей узарып, аарчыган чийдей болуп арыктап кеткен баласынын кебетесине боору ооруп, жүрөгү сыздай түштү. «Айтпаса болбойт. Кокус бир жамандык болуп калса, атасы акмак экен дебейби эл. Балдарымдын жүзүн кантип карайм анда. «Атабыздын күнөөсүнөн өлдүк» – деп экөө бирдей жарык дүйнө менен коштошуп кете берсе айлам эмне болот? Жок, жок, кудай жазбасын аны. Айтайын Катяга сырымды. Эртең, бүрсүгүнү деп олтурганда кечигип калып шорум катат. Азыр. Акылымды токтотуп, эсимди бир аз жыйнап алайынчы». – Бир демге Катяны телмире тиктеп туруп, тамагын жасады:

– Кагылайын, кызым, бери келип менин жаныма олтурчу. Сага айта турган орчундуу сөзүм бар. – Андрейдин башы калтылдап кетти. Бүткөн боюн муздак тер каптап, деми буулуп, өңү кумсарып чыкты. Ал колундагы бет аарчысы менен мандай терин кайра-кайра сүртүп жатты. Анын чарчаңкы тарткан көгүлтүр көздөрү чүңкүйүп, чарасына батып, бырыштары көбөйүп кеткен. Андрей эрдин кесе тиштеп, кызын жалтактай карап, күнөөлүү адамдан бетер кирпиктерин солгун ирмейт.

Атасынын үнү чыгар чыкпастан эле Катя лыпылдай басып барып, орундук алып келип балконго өтүүчү эшиктин түбүнө такай койду. Кызын тик багып карай албаган Андрей минтти:

– Айтыц коёюн, кызым, менин бул сөзүм, сага айткан бардык сырым ушул жерде, экөөбүздүн ортобузда калууга тийиш.

– Жашыруунбу? – Катя кырынан кош колдоп кармап турган орундугуна олтура кетти. Ал атасынын кандайдыр жапайы кишиникине окшоп бир башкача чыккан добушунан жүрөгү думуга түштү.

– Жашыруун! Эч кимге оозуңдан чыкпайбы? Убада берчи мага.

– Кадырың жан болсун, папа.

Катянын көңүлүндө «Бактыбек жөнүндө айтканы жатабы? А балким өзүнүн досу жөнүндөдүр. Мүмкүн Бактыбекке да, анын атасына да тиешеси жок эле башка немедир» деген ой биринин артынан бири удургуй түштү.

– Мамаң да билбесин, жарайбы?

– Кудай урсун!

– Кокус бул сыр Бактыбекке оозуңдан чыкчу болсо, ата-бала болушпай калабыз экөөбүз.

– Ой, папочка, эч кимге айтпайм дегенден кийин айтпайм да… Бирок… ошондой эле адам аттуунун баарына айтууга мүмкүн болбогон киши өлүүчү сөз болсо, ошол бойдон ичинде кала берсин. Билбеген бойдон кала берейин. Уккум келбей турат, айтпай эле койчу…

– Жок, жок кызым, сага сөзсүз айтышым керек. Сен билбесең болбойт. – Андрей туна түштү шылкыйып. Анан бир оокумда кызын жалт карап алып, сөзүн кайталап минтти: – Бактыбекке айтпайм дедиң ээ?

– Айтпайм. – Катя үнүн катуу чыгарып, ачуулуу бурк этти.

– Чын айтасыңбы? – деди Андрей.

– Эмнеге калп айтмак элем. Ошондой эле сенин өзүңдөн башка эч ким билбей, эч кимге айтылбай турган жашыруун иш болсо, кыжалат болуп айтпай эле койчу, кайра-кайра эле «айтпайсыңбы» деп касам албай, – деди Катя.

Кыз атасынын өң-даалаттан кетип, бир айтканын кайта-кайта айтып бир өзүнөн башка эч адамга ишене бербей турганын көрүп, Бактыбек жөнүндө кокус жагымсыз сөз чыгып кетпесе экен деген ой жаш жүрөктү кооптонто баштады.

– Эмесе мындай, кызым, – деди Андрей эрдин кесе тиштеп, оор улутунуп алып, үнү дирилдеп: – Бардыгына мен күнөөлүүмүн. Атаңды кечирип кой. Бактыбек экөөң менин бул күнөөмдү кечирбессиңер дейм.

Катя атасын кирпик какпай тиктеп калды:

– Папа, эмне үчүн антесиң? Биз үчүн кандайча сен күнөөлүү болушуң керек?

– Сен менин биринчи кеңешчимсиң. Акыл копчумсуң. Эсиң бар эмеспи. Айтып олтурса сөз көп. Шашпай жакшылап угуп тур, кызым, мен азыр сага бардыгын айтам. Анан атаңдын кандай киши экенин, ким экенин толук билесиң. Күтүлбөгөн жерден мындай кабар угуш сага канчалык оор болорун да түшүнөм. Өлсөм сөөгүм менен бирге жатат деген сырым, Бактыбек экөөңдүн азабыңардан сыртка атылып чыгып олтурат. Жыйырма жылдан бери эч кимге ачылбай, жан кишиге айтылбай көөдөнүмдүн тереңинде жүргөн трагедияны сага ачканы минтип камынып олтурам. Сен менин басып өткөн өмүр жолумда канчалык кайгы-касыретти башымдан өткөргөнүмдү кайдан билмек элең! Чачымдын эрте агарып, эрте түшүшү, минтип эрте картайышымдын себебин буга чейин өзүм гана билүүчүмүн.

Андрей унчукпай калды. Анын көздөрүнүн агы канталап, өңү кубарып турду. Катя атасынын кебетесин көрүп аядыбы же айтуучу сырын тезирээк айтсын дедиби, ордунан учуп турду. Жанына жакын келип колун мойнуна арта салып, жаагын жаагына тийгизди:

– Батырак айтчы, папа? Эмнеге мынчалык калчылдайсың?

– Азыр. Азыр айтам, кызым. Мен сага эмне айтсам тышка чыкпай, бүт бойдон ичиңде калмак болбодубу. Айткан убаданы аткарууга кудуретиң жетсе эле болду.

Катя атасын кумпая тиктеп шилекейин жутту.

– Мен Бактыбек экөөңдүн мынчалык болуп кетээриңерди билбей шорум катпадыбы. Силердин өмүрлүк жолдош болобуз деген ак тилегиңерге, эмне үчүн каршы экенимди билесиңби?!

– Эч нерсе билбейм, папа. Билгим да келбейт. Сен аны кыргыз деп...

– Жок, жок, жок, – кызынын сөзүн бөлүп кетти, – кыргыз элин мен эмес менин ата-бабам сыйлачу. Кеп улутта эмес кагылайын, кызым. Бардык иш чиеленип байланып турган темир казык Бактыбек экөөңдүн бир тууган болуп калгандыгыңарда болуп олтурбайбы.

Катя селт этти. Андрей сөзүн уланта берди. Кыз уккан кулагына ишенер-ишенбесин билбей көздөрү чанагынан ыргып кетүүчүдөй болуп алайып турду. Шилекейи батташып, оозунун ичи кургап, тили күрмөөгө келбей калды. Ал атасынын сүйлөп жаткан сөздөрүнүн ичинен көңүлүнө илип калганы Бактыбектин энесинин төрөттөн өлгөнү, анан баласын кыргыз досуна башы менен бергени болду.

– Папа, түшүндүм. Калганын айтпай эле койчу, – деди кыз көз жашын кош алаканы менен сүртө берип. – Мындай болгондо Бактыбек биздикине биринчи келгенде эле акырын мага шыбырап койсоң болмок экен. – Тамагы жашка муунуп, өпкөсү көөп чыкты.

– Айта албадым. Мынчалык болуп кетээриңерди ойлогон эмес элем.

– Мен болбогондо да Бактыбек эртедир-кечтир өзүнүн ата-энеси ким экендигин билиш керек эле да.

Андрей ордунан тура калып кайра олтурду:

– Жок, кызым, андай болбойт. Мен Орозго баланы берип жатканда антип убадалашкан эмесмин. Мага түшүнүп жатасыңбы? Мен аялымдын өлөр алдындагы аманат сөзүн орундатпай, «өзүм багам» деп Орозго бербей койсом, өлтүрүп алат болучумун. Эненин кара уузуна тойбой, кызыл этинде жетим калган Бактыбекти кантип багат элем? Ойлоп көрчү, кызым!

Катянын ындыны өчүп, көз жашы көлдөп, эки ийни солкулдап олтурду:

– Ошондой дечи. Бирок Бактыбек оруска такыр окшобойт го, папа. Эмне үчүн?

– А, анын түпкү тайы түрк болучу.

Сүйүнөрүн же күйүнөрүн билбеген Катя эси эндиреп, башы айланып, муундары калтырап, эки оттун ортосунда турду...

* * *

...Катядан кийин Бактыбектин жүрөгүндө аяш атасын жек көрүү сезими пайда болду. Баарыдан да өз атасын таарынтып узатканы баланын санаасын сапырып, көңүлүн зилдетти. «Атамын башын айландырган ошол эки жүздүү досу» – деп, күнөөнүн баарын Андрейге жүктөй берди. Мындан ары Ленинградга барарын же барбасын, ал кишини көрөрүн же көрбөсүн толук жыйынтыктай албай санаага чөктү. Катяны ойлогон сайын сагынычы жүрөгүнө батпай алоолойт. Анда түндү түн дебей, күндү күн дебей учуп жеткиси келет. Бирок кежигесин кер тарттырып, көңүлүнө муздак суу бүркүп турган иш Андрейден көңүлүнүн калышы болуп турду.

Бактыбек телефон шыңгыраткандан заарканып, Катяга кат жазган. Бирок кыз ага эмне үчүндүр эң эле кыска жана суз жооп берген. Ал атасынын отпускага чыкканын, энесинин курорттон

келип, дагы акысыз кошумча отпуска алып, бөбөгү үчөө Куйбышевге учуп кеткенин айткан. Бул кабарды уккан Бактыбек Катя менен бетме-бет сүйлөшүп, бир жаңсыл болгусу келди. «А балким, окуу жылы аяктаары менен өзүм менен бирге алып кетем», – деп ойлоду...

Бактыбек келгенде Катя жаңы эле туруп жаткан болучу. Ал күтүүсүз жерден таң атпай келген Бактыбекти көрүп апкаарыгандан оозуна лам сөз кирбей калды. Аны менен сүйгөнү катарында, же бир тууган агасы катарында учурашарын билбей, турган ордунда катып турду. «Кагылайын бир тууганым, кечир мени. Папам сен экөөбүзгө бекер жеринен байланышыбызга тыюу салып жүрбөгөн турбайбы. Аны биз түшүнбөй эле... Бардыгын уктум, бардыгын билдим. Бирок мен билгеним менен, сен али эч нерсени билбейсиң. Мейли, билбеген бойдон тынч жашай берчи. Бир убакта уксаң угарсың, укпасаң укпаган, билбеген бойдон каларсың». Ал ушинтип ойлоп, тамагы жашка буулуп, муундары титиреп турду.

– Катя, кагылайын ак кептерим! – Бактыбек кызга кусага толгон, махабаттуу көздөрү менен бажырая тиктеп, мээримин төгүп, кош канатын жайып күлүмсүрөп келатты. – Мен сени сагындым. Окуумду кандай бүтсөм, ошондой алып кетем сени. Эч кимдин сен экөөбүздү ажыратууга да, ыйлатууга да, максатыбызга бут тосууга да акысы жок. Кулак уккус, көз көргүс жерге кетебиз. Мен сенсиз жашай албайт экенмин, Катя. Менин сунушума макул деп койчу, сени менен кетем деп айтчы?

Катя болсо Бактыбекти жалган таанык болгон адамдан бетер көздөрү алайып, арты менен кетенчиктеп баратты.

– Жолобоңуз мага! Ишибиз бүттү. Ойлогон оюбуз, тилеген максатыбыз ойрон болду. Папама убада берип койдум. – Кыз көз жашын жутту.

Бактыбектин оюу чалды-куйду боло түштү.

– Эмне? Кайта айтчы? – Кызды камынтпай барып эки каруудан аткый кармап, катуу силкилдетти. – Кантип эле? Чыныңды айт. Атаңдын экөөбүздүн тилегибизге каргаша болгону аз келгенсип, сен дагы айныдыңбы менден? Анда сенин сүйүүң сүйүү эмес эле, бир согуп өткөн жел турбайбы? Ишенбейм! Такыр ишенбейм сөзүңө. Эмне үчүн мени аябайсың? Атаң болбойт десе эле болбой калабы?

– Айттым го чындыкты.

– Айткан жоксуң. Андрей Ивановичке убада берсең анын себеби бардыр да.

– Албетте бар. Бирок алыстан туруп сүйлөшөлүк.

– Алыс тура албайт экенмин. Кулагым сенде, айта бер. Сен билген чындыкты, себепти мен да билишим керек да. Же жалган айтамбы? Кыз мукактанды.

– Коё бериңиз кармабай. Бекер убара болушпайлы. Аталарыбыздын жолун жолдоп, мындан ары бир тууган болуп жүрөлү.

– Бир тууган болуп?! – Жигит мыскыл күлдү. – Тапкан экенсиң бир тууганды. Мен Ленинградга да, силердикине да жалгыз сен үчүн келүүчүмүн. Эгерде чындап эле отубуз күйүшпөй калса, көрүшөрүбүздү кудай билсин. Анда бул экөөбүздүн акыркы жолугушуубуз болот, Катя! Сен ушуга макулсуңбу? – Жигиттин колу кыздын карысынан өзүнөн өзү бошоп кетти. Экөөнүн ортосу алыстай берди.

Бактыбектин ичи оттой жанып, эмне кыларын билбей турду. Катя ашканага кирип кеткенде, эки жагына көңүлсүз көз жүгүртүп туруп, эшиги ачык турган бөлмөгө максатсыз аяк шилтеди. Катянын өздүк библиотекасына кирери менен стулга салмагын сала олтура кетти. Жазуу столунун үстүндө жаткан советтик энциклопедиянын бетин ачып барактап коюп кайра жапты. Андан кийин барагы ачылып, үстүндө авторучка жаткан блокнотко көзү түштү. Аны бир саамга көңүлсүз тиктеп туруп, жайма-жай колуна алды. Катянын күндөлүгү экенин ал дароо билди. Секин барактай берип, ашкана жакка кулак төшөп элейип туруп, андан аркы беттерин биринин артынан бирин шыпылдатып ачып, ар кайсы жерине көз жүгүртө баштады. «Мен Бактыбек экөөбүздүн тагдырыбыздын минтип чиеленишип кетээрин кайдан билдим...» Ошол замат жигиттин жүрөгү булкунуп кетти. Бактыбек өзү жөнүндө жанталашып окуй баштаганда Катянын тыкылдай баскан дабышы улам бөлмөгө жакындап келатканы байкалып турду. Жигит ойлонуп турбастан колундагы блокнотту костюмунун ички чөнтөгүнө салды...

Экөө ээрчише басып ашканага келишти. Өз ою менен өзү алек болуп турган Катя Бактыбекти тик багып карабаган калыбында тикесинен туруп стаканга куюлган жууратты иче баштады.

– Олтуруп ичпейсиңби? – деди улан алдындагы четинен ооз тийген стаканды ары жылдырып жатып.

– Эмнеге ичпедиңиз?

– Тойдум.

– Сиз тойсоңуз мен да тойдум. Ачкычты алып каласызбы?

– Эмнеге алып калам. Же сенин үйүңдү кайтарып бергени келдим беле.

– Оо, мен андай ниет менен айткан жокмун. Оор тийсе кечирип коюңуз. – Катя куту өчкөн жүзү менен Бактыбекти жалт карап алды.

Бактыбектин ителгинин көзүндөй өткүр, сүрдүү көздөрү Катянын көркүнөн ажырай албай, ары басса артынан, бери басса бет алдынан ээрчий карайт. Чыны менен эле «сенсиз жашай албайм» деп көрбөй калса көксөп, куса болуп туруучу Катянын көрүнүшүндө кечээ эле жалындап туруучу ал кусалуу махабаттын кымындай бүртүгү сезилбей кунарсыз томсоруп турган көрүнүшүнө таң калып мындай деди:

– Екатерина Андреевна, чындап эле бири-бирибизден эчтекеден эчтеке жок эле алысташып кетебизби? – Жигит жаңыдан эле сумкасын колуна алган кызды билектен алды. – Мен мындай жазага чыдай албайм. Күнөөм болсо ачык айт. Жазыгым не? Айтчы, Андрей Ивановичке эмне жамандык кылган жазыгым бар экен? Балалык кылба, Катя. Экөөбүздүн ой-максатыбыз бир жерде болсо, аталарыбыз кайда кетмек эле. Сен менин таалайымсың, келечегимсиң!

Катянын өңү жууган чүпүрөктөй болуп, көздөрү алаңдай түштү.

– Коё бериңиз. Ансыз да сабактан кечигип жатам. Айттым го бардыгын. Мындан ары мени эсиңизден чыгарып салыңыз.

– Эсимден чыгара албайт экенмин, Катя.

Кыз аны оңтоюна келгенде түртүп жиберип оолактай берди. Бактыбек томсоро түштү. Эмелеки айтайын деп камдап турган сөзүн да айткысы келбей калды. «Менин мынчалык эмне кылган күнөөм бар экен?» – деп ойлоду Бактыбектин көңүлү ыза бүркүп. Дили кайта түшкөнсүдү. Экөө тең үндөшпөй бөлмөдөн чыгышты. Катя менен Бактыбек жеткенде адамдар жаңы эле лифтиге түшүп, эшикти жапканы баратып, дабыштан токтоп калышты. «Бириң эле түшкүлө», – деди ичкериден чыккан үн. Катя ушуну эле күтүп тургансып, шып койду. А Бактыбек болсо, томсоруп кала берди.

Келерин келип алып, тыңгылыктуу бир ооз сөз сүйлөшө албай кетип баратканына ичи эңшерилген улан күнөө өзүндө же Катяда экенин ажырата албай ызага буулуп турду. «Кызык. Мени булар эмне эле мынчалык мокочонун баласындай көрүп калышты?» – Өзү менен өзү сүйлөшүп, өзүнө өзү суроо берет. Жигит машина токтоочу аялдамага кандай жетип, машинага кандай түшкөнүн да билбей калды. Бир гана аэропортко жеткенде эки жагын карап алып, ордунан секирип турду.

Бактыбек кассага келип билетке чөнтөгүнөн акча алганы жатып, Катянын күндөлүгүн таштабай келгенин билди. «Кап, эсимди кудай алганда унутуп калган турбайымбы», – деди ичинен бушайман болуп. Москвага жеткенде кайра салып жибererин ойлоп, блокнотту кармалап койду. Ал тышка чыгып бош скамейкалардын бирине келип көчүк басты. Ой артынан ойлор агып, санаага чөгүп олтурган жигит айланада эмне болуп жатканын да элес албады. Ичи каарылып, өзөгү өрттөнөт. Ага адамзаттын жашоосу бүтүндөй бүтүп, асман менен жер кабышып, жалгыз өзү бир ээндикте калгандай болуп, куту качып олтурду. Өткөндөгү таттуу, махабаттуу күндөрүнүн бардыгын качандыр түшүндө көргөндөй болуп, биринин артынан бирин эсине түшүрүп жатты. Ошол убакта кандайдыр репродуктордон чыккан аялдын үнү аны темир таяк менен башка чапкандай чочутту.

«Ленинград–Москва маршруту боюнча «ЯК» самолёту учууга жакын калды. Орозов Бактыбектин өз ордун алуусун эсине салабыз. Дагы кайталаймын, Ленинград–Москва маршруту боюнча...»

Бактыбек ордунан учуп турду. Самолётко киргенде жүргүнчүлөрдүн бардыгы текши олтуруп, бекитилген курларды курчанып учууга даяр турган болучу. Бактыбек бош орунду көрбөй алактап калды. Подноско толтура конфет салып, жүргүнчүлөргө таратып жүргөн кыз жигитти карап жылмая сүйлөдү: «Мына бул орун сизди күтүп турат, жигит. Олтуруңуз».

Бактыбек колундагы блокнотту ары-бери айландырып карап койду. Бул боюнча өзүн канчалык күнөөлүү сезип турса да, көңүлүн дүргүтүп турган Катянын өзү жөнүндө жазган сөздөрү болуп турду. Окусам да, окубасам да эми баары бир деп ойлоду. Анан кармалап турган блокноттун биринчи бетин ачып көз чаптырды. Кайсы числолор экендигин карап да койгон жок.

* * *

...Бүгүн менин жүрөгүм толуп турат. Анткени биздикине папамдын Кыргызстандагы досунун баласы келди. Ал ушунчалык сулуу жана сүйкүмдүү жигит экен. Аны атам өз баласындай кабыл алды.

* * *

...Бактыбекти бир көргөндө эле сүйүп калдым. Анын кетиши мени күйүткө салды. Мага эми бардыгы көңүлсүз боло баштады.

Атам досунун баласынын кеткенин угуп ушунчалык капа болду. Эч кимибиз менен сүйлөшпөй, тамак да ичпей жатып калды. Мен мындай достордун болушун биринчи көрүшүм. Таң калдым.

* * *

...Мен бүгүн өзүм менен көптөн бери байланышып, үйлөнүүгө сунуш киргизип жүргөн доктордун уулун таарынтып кетирдим. Көрсө, жакшы көрүүнүн баары эле сүйүү боло бербейт турбайбы. Эмне үчүндүр Бактыбекти көргөндөн кийин Славик анын бир тал чачына арзыбаган макулук сыяктуу болду да калды.

* * *

...Мен Бактыбекти түшүмдө көрөр бекемин деп жалгыз ошол жөнүндө ойлоп кыялга батып жаттым. Бирок түшүмө кирбеди.

* * *

...Бүгүн папам экөөбүз Москвага Бактыбекке бардык. Бир бөлмөдө алты улуттун баласы жашайт экен. Алардын бир тууғандай ынтымактуулугуна ыраазы болдум. Бирок менин көзүмө бул жерде Бактыбектен өткөн эч ким жок сыяктуу болуп көрүндү. Балким, чындыгында эле ушундай чыгар. Бул күнү үйгө абдан көңүлдүү кайттым. Анткени Бактыбек мени ушунчалык сүймөнчүк менен эң жакын көргөн адамындай кабыл алды.

* * *

...Мен бүгүн Славикти көрдүм. Ал бешинчи курстун бир студенткасы менен келатыптыр. Эмне үчүндүр мени көрө сала эле аны дароо колтуктай калды. Сыягы мактанчылык кылып, атайы мени көрсүн деп ошентсе керек.

* * *

...Бул күн мен үчүн өзгөчө бир айтып бүткүс кубанычтуу күн болду. Биз жаңы жылды чогуу тостук. Бактыбек экөөбүз биринчи жолу өбүштүк. Бул менин келечектеги болочок бак-таалайымдын башаты болсун деп койдум.

* * *

...Бүгүн биздикине Бактыбек келди. Мен ага көрүнүш үчүн чачымды аялдардын эң жогорку сапаттагы № 5 залына барып жасатып келген болучумун. Ал мени «мурдагыдан да көркөм, сулуу болуп кетиптирсиң» деп чачымдан шуу-шуу жыттады. Анын мага жасаган мамилелери мурункудан да күчтүү таасир калтырды...

* * *

...Мен Бактыбекти сагынып кеттим. Сабактан келерим менен жатаканасына телефон чалдым. Биз жаңыдан эле сүйлөшө баштаганыбызда мамам трубканы колумдан алып рычагга илип койду. Эмнегедир Бактыбек менен байланыш жасоомо атам тыюу салган имиш. Эмне үчүн? Эч нерсеге түшүнбөйм. Балким, мамам өз ичинен чыгарып жаткандыр. Ичим күйгөндүктөн жарылып кете жаздадым.

Бактыбек күндөлүктөн баш көтөрө албай шашып окуп жатты. Аны баарынан көбүрөөк толкундаткан күч күндөлүктүн бүт бойдон жалгыз өзүнө арналгандыгы болду. Ушундай эңсөө, ушунчалык сүйүүгө толгон жүрөктүн айнып каларына ишенгиси келбей кетти. Көрүшкөндө бир башкача жалжылдап, жайнап кетүүчү Катянын жоодур көздөрү көз алдынан тартылып өтө берди. Бактыбек тамылжый түштү. Демин ичине алып, акыркы баракка үңүлдү. «Бул строфалар менин туулган күнүмдөн кийин жазылган экен», – деп ойлоду чыдамсызданып. Мага таарынгандыгынын себебин азыр окуйм...

* * *

...Папам экөөбүз чын жүрөктөн сырдаштык. Ал адегенде менден кудум касам алгандай, убаданы катуу алды. Мен ага «эч качан, эч кимге оозумдан чыгарбаймын» дедим. Эмнегедир алда кандай коркунучтуу суук кабардан жыт алгандай кулагымдан өзүм үркүп, өзүмдөн өзүм корко баштадым.

Папам адегенде айтайын деген сөзүн шыдыр айта албай тили күрмөлүп, мукактана түштү. Анын суркуну качып, кыйнала түшкөн беттери чүрүшүп, ууртары алмак-салмак диртилдеп кетти. «Каралдым, Катенька, – деди атам кандайдыр бир жагымсыз жапайы

үн менен кирилдеп. – Кокустан, Бактыбек менин өз балам болсо, анда сага ким болор эле?»

Мен атамды аңкая тиктеп катып калыптырмын:

– Ким болот дейсиңби? – дедим бир далайдан кийин. – Бир тууган болот да. – Үнүм калтаарып чыкканын сездим. Көздөрүм чанагына батпай кандайдыр атылып чыгуучудай болуп турду.

– Туура, ал сага бир тууган болот, кызым. Бирок айтылбачу сөз эле. Арга жок...

– Кызык. Кайдан жүрүп сага бала, маган бир тууган болот? Ал кыргыз да.

Атамдын муундары калтырап өзүн өзү күч менен кармап турганын сездим.

– Туура, кызым. Бактыбегим ушинтип кыргыз болуп калды. Мен анын кыргыз болорун билип туруп бергенмин. Кантейин аман болсун. Ата-энесине кайрымдуу, эл-журтуна жугумдуу болсо болду.

Уккан кулагыма ишенбей турдум.

– Папа, мен ишенбей турам. Эгерде чыны менен сенин балаң болсо, ушундай жакшы баланы бөтөн бирөөгө берүүгө кантип аталык жүрөгүң даады? Же аталар балага мээримсиз таш боор, таш жүрөк болобу? Же маган амал кылып, калп айтып жатасыңбы? – Жалдыраган алагар көзүмдү атама кадап, кирпик ирмебей турдум. Дале болсо ишенер же ишенбесимди билбей, адамдын күчү жетип өчүрө албаган чоң өрттүн ортосунда калып, кайсыл жагынан жол таап бул аламаттуу кырсыктан кутуларын билбеген эликтин чаарчыгындай болуп, жүрөгүм түрсүл согуп, эсимди жыя албай жаттым.

– Угуп тур, кызым. Эгерде сенин кесепетиң болбогондо Бактыбек жөнүндө болгон сыр сөөгүм менен кошо жатмак эле. Мен досума берген ушундай убадам бар болучу. Болбостур, мынча болбосо болот эле, мынча болгондон кийин башынан айтып берейин... – Атам сүйлөп жатты... Менин ыйдан өпкөм көөп чыкты...

Бактыбек күндөлүктүн жазуусуна үңүлө карайт... Самолёттун командири бейтааныш жигиттин көрүнүшүнө таңдана карап, аңкайып үнсүз турду. Бактыбек блокнотту окуп бүттүбү же бүткөн жокпу, майда калтырак баскан манчалары менен жаңы баракты ачам деп колунан түшүрүп жиберди.

Тигил жигит ушуну эле күтүп тургансып, полго учуп түшкөн блокнотту алып берип жатып жарк этти.

– Аябай казып окудуңуз го мунун ичин.

Бактыбек үндөн селт этти. Экөө тиктеше түштү.

– Кайда келдик?

– Москвага.. Сиз эмне, башка жакка барат белеңиз? – Командир жүргүнчүнүн куту качып купкуу болгон, анын кандайдыр бир нерсеге катуу күйүп дел болуп турганын сезди.

– Кечиресиз, мен байкабай эле... – Билегиндеги саатын чалабула караган болуп, түз эле самолёттун командирлери, учкучтар олтуруучу кабинаны көздөй бет алды.

Капитан Бактыбекке жете келип, карысынан тартты:

– Сиз кайда?

– Түшпөйүмбү?

– Эшик ал жакта эмес. Бери басыңыз.

Бактыбек толук ойгонбой уйку-соонун ортосунда жүргөн немеден бетер, тигил кишини чолуй бир карап алып, көзүн тартып кетти. Анан тигил командир көрсөткөн эшикти көздөй арышын керди.

– Жигит, блокнотуңузду алыңыз! – Тигил киши ээрчий басты. Бактыбек мас болгон немедей блокнотту мыжый кармап чыгып баратып, тепкичтин бирөөн жаздым басып алып оңкосунан кете жаздап барып токтоду.

Айланада эмне болуп жатканы көзүнө көрүнгөн да, кулагына угулган да жок. Бактыбек чыкканда перрондо адамдар көп болучу. Ал алдындагылар менен жөөлөшүп өтүп, катарында бараткан кызга урунуп алды...

Үч уктаса түшүнө кирбеген бул окуядан кийин Бактыбек сырынан күбүлгөн идиштей болуп, бир эле күндө шапайып, бир эле күндө өңү өчө түштү. Күнү-түнү ыйлап төшөктөн турбай жатып калды. Бактыбектеги мындай укмуштуу жаңылыкты уккан жолдоштору окуяга таң калышты. Бактыбекке эмне деп кеңеш беререрин билбей эзилишти. Бирок аталардын достугуна, ынтымагына ыраазы болбой коё алышкан жок. Эмне деген адамкерчиликтүү адамдар. Мындай окуялар, мындай байланыштар кемде кем кездешерин сүйлөшүп, жолдоштору Бактыбектин көңүлүн тынчтандыруунун аракетинде болушту. «Китеп окуп, сабакка даярдансаң алаксыйсың» деген курдаштарынын кеп-кеңештери жел учурган какумдун үлпүлдөгүндөй талаага кетип жатты. Айтор, Бактыбектин көңүлүнүн бөксөсүн эч ким, эч нерсе толтура албоочудай. Ошентип, ойдо жок жерден Бактыбектин тынч көңүлүнө булук түштү да калды. Оroздун баласы болбой Андрейдин уулу болуп калганы аны жарым өлтүрдү. Санаасы чатышып, өзү менен өзү алек боло берди. Ичтеги буулуккан толкун анын кайратын майтарып, куюн-

дай чаңдатып жатты, Бактыбек устаранын мизинде тургансып, өлүм менен өмүрдүн ортосунда нес болду да калды.

Жолдошторунун «китепканага барып келели» дешкен сунушуна болбой, бөлмөдө өзү калган. Ал жалгыз болгусу, жалгыз баскысы келген. Балдар чыгары менен эшикти шарт бекитип, жатаканадан чыгып кеткен. Жигит бул паркка качан келип, канча убактан бери олтурганын да элебеди.

«Мен ким менен калышым керек? – Башын мыкчый кармайт. – Өз атам башка экен. Шумдук. Таң каларлык окуя. Эмне эле Катя экөөбүзгө тыюу салып жатат десе, мен Андрей Ивановичтин баласы турбайымбы. Атам менен энеме эмне деп айтышым керек. «Силер мени менен кайнаса каны кошулбаган, өгөй экенсиңер» дейимби. Жок, жок, кантип ошондой сөз болсун. Мындай жагымсыз сөз оозума кантип кирет? Кызык. Анан эмне кылышым керек? Алардын адамкерчилигине, адал эмгегине, тарткан түйшүгүнө, ак сүтүнө түкүрүп баса береминби? Энем жайчылыкта эле асан кайгы киши эле. Атам болсо кайраттуу адам. Бирок ошондой болсо да Андрейдин баласы экенимди укканымды угушса, эмне болуп кетишээр экен».

Бактыбек сөздү ичинде эмес, сыртында сүйлөп жатканын байкай коюп, эки жагын элеңдей карап, өз үнүнөн өзү чочуп кетти.

Бет маңдайындагы карагай-кайың аралаш өскөн чоң түп долононун көлөкөсүндөгү скамейкада олтургай кишини көрүп Бактыбек жүрөксүй түштү. Ал бул адамкерчиликтүү, кичи пейил, жөнөкөй адам менен ушул жерде, ушул скамейкада олтуруп, мындан үч жыл мурда таанышкан. Адамды тиктесе көздөрү шилиге чыга түшкөн бүркүт кабак сүрдүү киши. Ал эмес анын үйүндө да болгон. Бактыбек кээ бир сейрек табылуучу китептерди да ушул адамдын өздүк китепканасынан алуучу. Анан калса адамдын ичине кирип чыккансып көөдөндөгү сырды көз караштан билген кыраакы педагог. Дем алыш күндөрү ушул паркка эс алыш үчүн гана ондогон чакырым жол басып жөө келип, жөө кетет. Бактыбек бул адамды келип калар бекен деп күтүп олтуруп, көрбөй калганына таң калды. Дароо ордунан тура келип салам айтты. Тигил киши окуп жаткан газетадан дароо башын көтөрдү.

– А, салам, салам, Алатоолук барчын. Ойго катуу батып олтурганыңдан жолтоо болбоюн деп унчукпай, өз ордума келип олтуруп калдым. Дегеле асман кулап алдыңа түшсө да сезе турган эмессиң.

Ал Бактыбектин көзүнөн бирдеме издеп жаткансып, кадала карайт. Өңү өчүп, көздөрү киртийген көрүнүштөн кооптонуп турду. Көп окуп чаалыгып турабы дейин десе, көрүнүшү шордоп турган адамдай.

– Олтур. Эмнеге туруп калдың? Мен көп бастым. Аягымды бир аз эс алдырайын деп олтура кеттим. Кайда баш бурбагын жанталашып эле окуп жаткан студенттер менен окуучулар...

Бактыбек өзүнүн өмүр баяны жөнүндө билген, турмушту терең түшүнгөн, акыл-эстүү кимдир бирөө менен сүйлөшүүнү, ага бардык ички сырын төкпөй-чачпай айтууну самап, ичи толуп турган. Бирок жолдош деп жолдоштон, дос деп достон кеп-кеңеш сурагысы келген эмес. Бул үчүн Бактыбектин оюн жети өлчөп, бир кесе турган ушул киши сыяктуу адам керек болучу.

–Мен сизди күтүп олтургамын! – деди Бактыбек бир оокумда.

– Күтүп олтургамын!?– Тигил киши күлүмсүрөө менен кайра сурады. – Сенин бул жерге келип, сени менен маңдайлаша олтурганым качан.

– Кечиресиз, адамдын көңүлү бир жерде болбосо, ушундай экен да. Карап олтуруп байкабаганымды карасаңыз.

Тигил киши сестейе түштү.

– Эмне болуп кетти?

– Абалым оор. Туура кеңеш берип, акылыңызды айтыңыз. Бүтүрүү экзамени кирип келген убакта жаман болду мага.

– Капырай, кудай сакта! – Колундагы газетаны ыгы менен бүктөп жанына койду. –Мурда угайын, айтчы.

– Менин атам табылып жатат...

– Атам табылып жатат?! Кандайча?! Сен мага ата-энем бар деп айтпадың беле?

– Мен алардын өз баласы эмес, өгөй, бакма баласы экенмин.

– Койчу. – Тигил адамдын жүзү мостоё түштү. – Баса сени көрүп эле, мынчалык сабыры суз деп ойлодум эле да. Кызык. А сен бакма экениңди кантип билдиң? Ким айтты?

Бактыбек сумкасын ачып, Катянын күндөлүгүн алып барактап, бир жерин ачып тигил кишиге сунду.

– Ушул жерден окусаңыз менин ким экендигим жөнүндө кеңири түшүнүк аласыз. Же оозеки айтып берейинби?

– Жо, балам, окуп эле чыгайынчы...

Бактыбек тигил кишинин окуп бүтүшүн күтүп төнүп олтурду. Педагог тээ бир оокумдан кийин башын көтөрүп, көзүнөн көз ай-

негин алды. Анан кыраакы, баамчыл көздөрү менен жигитти бир демге туна тиктеп туруп минтти:

– Да жигит, таржымалың татаал экен. Бул атаң менен тигил баккан атаң дос экен да.

– Ооба, ошондой экен.

– Сени ал кишиге эмне үчүн берди экен десем, негиздүү себеби бар турбайбы. – Башын чайкады. – Турмушта эмнелер гана болбойт ээ. «Күн сайын бир жаңылык укпаса, адамдын кулагы дүлөй болот» деген ушул. Эмесе, мындай жигит. Менден кандай кеп-кеңеш угууну каалап турганыңды түшүндүм. «Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт» деген сөз бар. Кокус карындашыңдын кесепети болбосо, жабылуу казан жабылуусу менен калмак экен. Бардыгына чыккынчы сүйүү болгон тура. Чын-чынына келгенде өз атаңа караганда өгөй атаң менен өгөй энеңдин эмгеги өтө чоң экен. Же жалган айтамбы? «Тууган эне эмес, баккан эне» деген сөз бар элде. Курсактан түшкөндөн баштап тарбия-таалим берип, ушундай даражага жеткирүү үчүн канчалык талыкпаган таасын эмгек талап кылынарын билесиңби? Мындай чоң иш бардык эле ата-эненин колунан келе бербейт, айланайын. Мен сени ушул жерден биринчи жолу көргөндө эле тарбыялуу, камкор үй-бүлөдө чоңойгон бала экен деп болжогон болучумун.

Орой сөз менен айтканда, баланы адам эмес айбан да тууйт. Курт-кумурска да тукумдайт. Кеп тууушта эмес, аны өстүрүп адам катарына кошушта. Азыр сен эмне кыларыңды билбей, башың тумандап, заманаң куурулуп, байкуш болуп санаага жеңдирип турган кезиң экен. Жакшылап ойлон, бала. Кийин оозуңду кармап, өкүттө калбагандай бол. Өз атаңды тапканың менен, алардын тарбиясында болбой калдың. Көнө албассың баш ийип да кете албассың. Деги баккан атаң менен энеңдин көңүлүн оорута көрбе. Алар сени балам деп багышкан тура. Айтып коёюн, эртедир-кечтир кимдин баласы экениңди баары бир угат болучусуң.

Ал жанынан тамеки алып күйгүзүп жатып, Бактыбекти көзүнүн кыйыгы менен карады. Бул кезде жигит ыйлап жаткан болучу.

– Эмне, ыйлап жатасыңбы? – Тигил киши бир оокумга чейин ойлуу тиктеп туруп, оор күрсүнүп алды. – Жолуң болгур десе, кыздарга окшоп жашык окшобойсуңбу. Адам баласынын башына эмнелер келип, эмнелер кетпейт дейсиң. Сени го төрөп жатып энең өлүп, атаң айласы кеткенде бир туугандай көргөн ишенимдүү досуна берип кетиптир. Ал эми менин биринчи класстан бери бири-бирибизди билишкен бир досум бар. Анын эч кимиси өлбөй-жит-

пей эле аман-эсен туруп ата-энеси ажырашып кетишкен. Баланы өгөй атасы тарбиялап өстүрдү. Ал азыр кийинки атасы менен өз атасындай катышып турат.

– А өз атасы мененчи? – деди Бактыбек, көөдөнүндөгү жанын жай алдырбай өйүп турган таштан жабыркаган армандуу жүзүн муңайтып. Ал Катянын күндөлүгүн окугандан бери, өзүнө өзү баякы Бактыбек эмес, башка Бактыбек сыяктуу сезилгенсип, кандайдыр иренжүү менен коомайлануу, адам туруп адамга ишенбөөчүлүк сезими бийлеп алган болучу. Турмуш куруп, бала-чакалуу болгондон кийин ажырашып, балдары тирүүлөй жетим калган адамдарды Бактыбек көп эле көрүп жүрүүчү. Бирок жанында олтурган кишинин азыркы айткан сөздөрү ага бүтүндөй жаңылык сыяктуу сезилип турду. Ал тынчтыктан кийин минтип сурады:

– Атасы ким менен турат?

– Ал кишинин да өз үй-бүлөсү бар. –Токтоо үн катты. Уулу экөө таптакыр бөтөн адамдарга окшоп кайдыгер. Баамдашымда сенин өз атаң да, өгөй атаң да мыкты кишилер экен. Ошондой болгондон кийин достордун дос бойдон, атанын ата, эненин эне бойдон калганы жакшы. Достук менен интернационализмдин казанында кайнап чоңойгон бала экенсиң. Мындай адамдарга өкүнбөй сыймыктаныш керек. Аталарыңа алкыш айт...

Жигит башын жерге салып тигил кишинин сөзүнө муюп, үстүндөгү оор жүктөн жеңилдей түшкөнсүп, көөдөнүн кере дем алат. Экөө аяк-башы тай чабым келген гүлзарды аралай басып жүрүп кеч киртти. Айланага сүттөй аппак нурун чачып электр жарыгы жарк этти. Ошол замат тигил киши Бактыбекти бурулуп карап токтоду:

– Мен туура айттымбы, жигит? – Ал айткан кеп-кеңешим буга кандай таасир берди экен дегенсип Бактыбектин көзүнөн көзүн албай кадала тиктеди. – Өзүң да ойлон. Колумдан келген кеңешимди айттым, мага капа болбо.

– Жок, жок, капа болбойм. Ырахмат сизге. Убактыңызды алгандыгым үчүн кечирип коюңуз. Эки айрылыш жолдун кайсынысына түшөрүмдү билбей башым маң болуп турганымда багыт бердиңиз. Мен оюмда окуумду бүтүрөрүм менен бир алыс жакка кетип, эч кимисин көрбөй жоголоюн деген болучумун.

– Ошондо эле арманың арылып кетет беле? Өңгөнү таштасаң да тууң менен туурунду таштаба. Анда сенин эң кымбат адамдарың, болгондо да балапандан шумкар таптап учурган устаттарың бар эмеспи. Же калп айтып жатамбы?

Бактыбек башын ийкеди. Жигиттин далысына тигил киши колун акырын койду.

– Кайтышалы. Көп санаага чөкпөй, экзаменге даярдан.

Бактыбек экөө бакыбат коштошту. Жигит жолдо тигил кишинин айткан сөздөрүнө, берген кеңештерине демденип келатты. Бүгүнкү дем алышынын «бекер өтпөгөнүнө кубанат. Ал жашап өткөн өмүрүндөгү бактылуу күндөрү менен кечээ жакында болуп өткөн окуяларды эстеп бирде толуп, бирде бөксөрөт. Айсалкын менен Ороз эсине түшкөндө жүрөгү көөдөнүнө батпай, түрсүл согот. «Олда байкуштарым ай, бармактай кезимде окутабыз дешип Фрунзеге чейин алып барышты. Орто мектепти ошол жактан окутуп, ошол жактан бүтүртүштү. Көрсө, сактанышкан тура. Айылда жүрсө «бакан ооз чыгып кетеби» деп чочулашса керек. Андрейдин баласы экенимди түбөлүккө билбеген бойдон калат деп ойлошкон окшобойбу». Бактыбек ата-энесинин ошол тилектеринин, ошол максаттарынын ордунан чыкпай калганына өкүнүп, эрдин кесе тиштейт...

* * *

Айыл ичинде эки кишинин башы кошулган жердеги сөздүн баары Андрей жөнүндө болуп жатты.

– Жакшы орус эмес беле кыргыздай болгон. Орозду Ороз кылып, адам катарына кошуп, ак-караны таанытып кеткен ошол болбодубу. Бактыбек көрбөй жүрүп көргөн баласы эмес беле бечаралардын. Ырас чакырышкан экен баласынын үйлөнүү тоюна, – деп бир даары айтса, бир даары таптакыр башкача ой жоруган сөздү сүйлөшөт.

– Бактыбек Маскөөдө окуп жүргөндө эле Андрей экөө бирин бири иликтешип жүрүп табышып алышкан дешет. Бул бала деле бакма экенин билип, эстүү неме ата-энесине сыр бербей жүргөн окшобойбу. Эл оозуна элек коюп болобу, ботом. Бирөө болбосо бирөөнөн уккан да. Анан бул Ороздун тойго чакырбаска чарасы барбы.

– Ыя-а де. Деги Ороз баласы окуусун бүтөөр жылы эки күндүн биринде эле Маскөөлөп калышында кеп бар экен да. Башкага ыраазы болбосо да Айсалкын экөө элге ыраазы болор. Өгөй-кагай деп экөөнүн ажытын ажыратпай, ким кимибиз болбойлу «кокуй өз баласы» деп өз бүлөбүздүн оозун өзүбүз тыйып олтурар элек. Бизден шыбыш чыкса, тим эле колубузга өлүп беришмек. Бактыбек

бакмалыгы жөнүндө эчтеке билген жок менимче. Болду болбоду бул баланы Андрей өзү тапты. Эмнеси болсо да бизден чыкпай өздөрүнчө табышып, өздөрү менен өздөрү болушканы ырас болду.

Айыл ичинде ушундай сөздөр дүңгүрөп, ар кимисинин кулактаганы Бактыбектин үйлөнүү тою жөнүндө болуп жатты.

Ары-бери караганча күткөн күн да келди. Ай-аалам күлүп, жер бети жашыл кымкап жамынып, гүлдөр гүлдөп, дан эгиндер богок байлап, жашылчалар жайнап, саратан кучүнө кирип турган аптаптуу күндөрдүн бири. Бактыбек окуусун бүтүп келип иштеп жатканына үч жыл болуп калган. Ороздун үйүндө бүгүн той. Кирип-чыгып жаткан адамдарга санат жетпейт. Бул күн тойдун алгачкы башталышы. Келгендер Бактыбек менен жаңы келген келиндин жолдош-жоролору, куда-кудагыйы Ороздун өз айлынын ак сакал, көк сакалдары. Короо жактан тамак-аштын жагымдуу жыты алыска жортот. Огороддун ичинде, бактын тигил башынан бул башына жете салынган ала кийиз, шырдак, көрпө-төшөктөрдүн үстүндө олтурган кары-картаңдар, дасторкондун бетинде чоло жери жок салынган даамдардан рахаттана ооздоруна салып коюп, алдыларындагы чыныларды алар алмаксан, ууртар ууртамаксан болушуп, божураша сүйлөшүп Ороздун имаратына, анын сарамжалына, бак-шагына суктана карашат. Мөмөсүн көтөрө албай самсаалап турган шактардан дасторконго топ этип анда-санда бышкан алмалар сабагынан үзүлүп түшөт.

– Жогору өткүлө, – деди жаңы келген бай-байбичени ээрчитип кирген Айсалкын.

Аялдын көрүнүшү тойго келген меймандарды суктандырды.

– «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат» деген ушул. Балдарынын жакшысынан агы ак, кызылы кызыл болуп келин эле бойдон, – дешип олтургандар күбүр-шыбыр. – «Бала туусаңар атын Бактыбек койгула», – деп айыл арасында айтылып жүргөн сөз да бекеринен чыкпаса керек. Чындыгында эле Бактыбек, Бактыбек дегендей эле эстүү-баштуу бала болбодубу. Башка неме болсо атам табылды деп кала бербейт беле Маскөөдө. Алгач укканда Айсалкын менен Ороз тим эле кургаган сабиздей болуп калышпадыбы. Көрсө, балада арамдык жок эле, капысынан бир сааттуу кыздын кесепетинен болуп кеткен тура.

Бирок жогорудагыдай күш-пыш айтышып, баштардын ийкеңдеши Айсалкынга анчалык жаккан жок. Ал эч нерсени байкабаган болуп, чай сунуп жаткандарга карады:

– Куру ооз адамдар олтуруп калышпасын. Бошогон чыныларга көз салып, текши карап турсаңар, келиндер.

Үй ээсине жагалданып, кошоматка кой союп жаткандар да болду:

– Тоюң тойго улансын, Айсалкын байбиче. Ырысы маңдайынан самсаалаган келиниң бар экен, «кайнененин камырынан, тамырынан» деген ошол. Балаң болсо, тигинтип облустун бир жагын чоюшканга жарап калды. Ушунун бардыгы Ороз экөөңдүн эмгегиңер эмегенде кимдин эмгеги!

– Ырахмат. Ичип-жеп олтургула.

Алиги Айсалкын ээрчитип кирген карылар өздөрүнө ыйгарылган орунга олтурбай кылчаңдап туруштту:

– Бу Андрей келди деп жатышпады беле. Мурда мейман менен учурашып, анан олтурсак жакшы болот эле. Ат-а-а, баарыбыз менен алынышып өз баладай болуп калган немени көргүсү келет экен.

– Андрей менен Ороз шаарга кеткен эле, ата. Олтура бергиле, келсе сиздер менен учурашканы өзү деле кирет го бул жакка. – Айсалкын бурула берди.

Карыя орун алып жатып минтти:

– Бу Бактыбек колуктуну кайдан алган экен? Дасторкондун чети-белин иреттеп, бошогон идиштерди алып, алардын ордуна башкаларын коюп, бөксөлөрүн толтуруп жүргөн Катядан көз албай шектене тиктейт. Карыянын минтип шектенүүсүнүн да жөнү бар эле. Анткени эки-үч жылдан бери «Бактыбек ленинграддык бир орус кызга үйлөнөт экен» деген сөз айтылып жүрүүчү.

– Бул эле көлдүн күнгөй тарабынан дейт го, карыя.

– Орус бекен?

– Жо, кыргыз, ата, – деди дагы бирөө.

– Болсун, болсун. А тигил кайсы бала?

– Андрейдин кызы экен. – Карыя башын ийкегилеп, сакалын сылай берип, кызды сынай тиктеп туруп минтти:

– «Түзү ийгиден түңүлбө» деген сөз бар. Өзүнө окшоп ыйман жүздүү кызы бар тура бечаранын. Ат-а-а, кетирбей келин кылып алып калса ээ.

Олтургандар күлүп калышты.

– Карыя дымагыңыз күчтүү го дейм. Сиз Ороз менен Андрейге куда-сөөк болгуңуз келип турган экен да. – Карыянын бет маңдайында олтурган киши жанынан папирос алып ордунан турду.

– Балдар көңүл табышса куда-сөөк болгонго не жетсин.

Ушинтип тамаша-чыны аралаш уу-дуу болуп жатканда салам айткан үн чыкты:

– Атсаломалейкум! – Андрей эки колун бооруна алып тура калды.

Ошол замат сөздөр басылып, тигил чоочун кишини карап калышты бардыгы.

– Валейкума салам. – Бардыгы бүшүркөй карап калышты. – Сен Андрейсиңби?

– Ооба, Андреймин!

– Оо, аман-эсен жүрөсүңбү, кагылайын. Сенин келгениңди угуп кечээтен бери көрүшүүгө зарурат болуп кеттик. Көрсө, сен өзүбүз менен өз болуп, өзгөбүз менен тең болуп калган турбайсыңбы.

Андрей менен көрүшө электер орундарынан турушту. Алар досунун артынан келген Орозду көргөндө андан бетер дуулдап кетишти.

– Ороз, коңшуң кут болсун.

– Андрей, коңшуң кут болсун.

Кемпирлер кемшеңдешип, Андрейдин бетинен шалпылдатып өөп жатса, чалдар кол алышып, ал-жай сурашат.

– Үй-бүлөң менен келдиңби?

– Уул, кызым менен. Аялым жумушунан бошоно албай калды.

– Ата, силерди кудалар чакырып жатат, – деди Зарипанын күйөөсү.

– Капырай, учурашканча колдон талашышат да. – Сүйлөп жаткан карыя күмүштөй аппак сакалын сылай берип, томсоро түштү.

– Болуптур анда, тоюңар тойго улансын. Балдарыңар бактылуу болсун! Биз Бактыбек жөнүндө жаап-жашырып жүрсөк, эчак эле өзүңөр ачыкка чыгып алган турбайсыңарбы. Дос деген ушул. Канат-куйругу жайылат деген мындан артык болобу. Минтип Бактыбегиңер колуктулуу болуп, башыңарга баш кошулуп олтурат. «Ынтымак бар жерде ырыс бар» деген ушул. Андрей, сага да, Ороз, сага да ырахмат. Маркум Мариянын арты жакшы болбодубу. Тилеги жакшы аял экен. – Карыянын сөзүн башкалар коштоп кетишти.

– Ооба, дос болсо Андрей менен Ороздой болсун!.. Экинчи чакырык келгенде Андрейди тегеректеп турган эл жайыла берди.

– Баргыла эми айланайындар.

– Бизди кечирип койгула. Ойноп-күлүп, тартынбай ичип-жеп олтурсаңар.

Меймандар Андрей менен Орозду ээрчий карап, суктанып турушту.

*Адабий-көркөм басылма*

**Зуура Сооронбаева**

**Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы**

**Үчүнчү том**

**Жетимдер, Андрей**

***Повесттер***

Редактору ***Жумадин Кадыров***
Корректору ***Фатима Абдалова***
Компьютердик калыптоочу ***Табылды Жанызаков***

Форматы 60x84 1/16. Көлөмү 26,5 б.т.
Заказ № 3. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары, «Улуу тоолор» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170 а. Тел.: 62-02-13



Зуура Сооронбаева